Кыргызстандын жана Дүйнөнүн тарыхы предмети боюнча тесттер

Кыргызстандын жана Дүйнөнүн тарыхы предмети боюнча мектептер жана жогорку окуу жайлары үчүн тапшырмалар топтому.

ЖРТ, Олимпиада, БАЖСКО (5-6-7-8-класстардын олимпиадасы), ОДС га (окуучулардын диагностикалык сынагы) даярдануу үчүн тапшырмалар жана маалыматтар.

УДК: 93/94
ББК: 63.3

Т22

Колдонмо китеп ОшМУнун тарых факультетинин Окумуштуулар кеңешинин 2019-жылдын 14-март №9 жыйынынын №5 токтомунун чечими менен басмага сунушталган.

Колдонмо китептин түзүүчүлөрү:

Бабаназар уулу Исабек
Ош шаарындагы №18-мектеп-гимназиясынын тарых мугалими
Маманов Муратали
Ош шаарындагы КӨУнун колледжинин окутуучусу

Жооптуу редактор: тарых илимдеринин кандидаты, доцент **Жумашова Г.С.**

Рецензенттер:
тарых илимдеринин кандидаты, доцент: **Арстанов С. А.**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент: **Чыныкеева Г. Э.**

Т22 **Тарых предмети боюнча колдонмо жана тесттер жыйнагы:** Түзгөн: Бабаназар уулу Исабек, Маманов Муратали. – Ош-2019 446.бет

ISBN 979-9967-18-540-1

Колдонмо окуучулардын олимпиадага даярдануусуна жана тарых сабагы боюнча терең билим алуусуна, Жалпы Республикалык Тестирлөөдө (ЖРТ) ийгилик жаратуусуна жана окуучулардын тарыхый билимдерин өркүндөтүүгө жардам берет. Ошондой эле Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых боюнча жаңы предметтик стандартка, ЖОЖ жана орто кесиптик окуу жайлардын программаларына дал келет.

Китеп тарых мугалимдерине, мектеп окуучуларына, студенттерге жана жалпы эле тарых илимине кызыккан окурмандарга сунушталат.

Т0503000000-19
ISBN 979-9967-18-540-1

УДК: 93/94
ББК: 63.3

Киришүү

Азыркы мезгилде тестирлөө өлкөбүздүн заманбап орто жана жогорку билим берүү мекемелеринде билим алуучулардын билим деңгээлин, көндүмдөрүн текшерүүнүн жана өзүн-өзү текшерүүнүн негизги формасы болуп калды. Классикалык тесттик тапшырмалардын негизги жетишкендиги катары туура стандарттуулук, сандык баалоо мүмкүнчүлүгү, статистикалык материалдардын негизинде билимди массалык түрдө текшерүүгө алуу жана булардын натыйжасында обьективдүү жана туруктуу жыйынтыктарга жетүү экендигин белгилесек болот.

Турмуш ар дайым тынымсыз кыймылда болуп тургандыктан, анын бардык тармактарында да заманбап өзгөрүүлөрдүн болуп турушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Мына ошондой артыкчылыктуу багыттардын бири - билим берүү тармагы экендигине жалпы коом өз учурунда көңүл буруп, аны жаңылантуу зарылдыгына басым жасады. Анткени, мамлекетибиз кубаттуу, күчтүү болуусу үчүн анын ар бир жараны билимдүү, жогорку маданияттуу болушу шарт.

Тарых сабагы боюнча түзүлгөн колдонмо жана тесттер жыйнагында дүйнө мамлекеттери жана борбор шаарлары, тарыхый даталар, тарыхтагы маанилүү аймактык ачылыштар, тарыхый инсандар, архитектуралык эстеликтер жана олимпиадага даярдоочу тапшырмалар берилген.

Колдонмодо сунушталган тесттик тапшырмалар Ата Мекендик жана дүйнөлүк тарых боюнча негизги фактылык билимдерди (даталар, окуялар, тарыхый инсандар боюнча) бекемдейт. Окуучуларда тарыхка болгон туруктуу кызыгууну калыптандырууда, билимдерди тесттик көзөмөлдөөнүн бул формасы өзүнүн олуттуулугу менен маанилүү боло алат. Өз кезегинде тиешелүү окуу сабагы боюнча, ошондой эле түрдүү деңгээлдердеги олимпиадаларда жана жалпы республикалык тестирлөөдө жогорку көрсөткүчтөргө жетишүүнү жогорулатууга шарт жаратат.

Жыйнактагы тапшырмалар, текшерүү үчүн сунушталган суроолор мектеп программасынын жаңы стандартына негизделип, окуу китептеги материалдардын мазмунуна ылайык бардык темалар өз-өзүнчө берилди. Түзүлгөн тесттер жыйнагы хронологиялык тартипте Кыргызстандын жана Дүйнөнүн байыркы мезгилден азыркы күнгө чейинки тарыхын камтыйт.

Тарыхтын таасын сөздөрү

"Тарых сабак берет, эгер аны өздөштүрө албасаң катуу жазалайт!"

(В. Ключевский)

"Тарых – бул доордун күбөсү, чындыктын нуру, турмуштун эскерүүсү, өткөндүн өкүлү!"

(Цицерон)

"Тарыхын жоготкон эл , өзүнөн өзү эле кумга чачылган суу сымал жоголуп кетет."

(Токтогул)

"Кайсы бир элди кулга айландыруу үчүн алардын тарыхын гана жок кылып салуу керек. Андай эл макулук сымал кул болуп берет."

(Геббельс)

"Жүрөгүндө оту бар жигиттер тарых жазат."

(О. Сыдык уулу)

«Келечекти көрө билүү үчүн өткөндү окуп үйрөнгүлө"

(Конфуций)

"Миңдеген илимдерди билбей эле билимдүү болууга болот, бирок тарыхты сүйбөгөн акылы кем адамга гана таандык"

(Н. Чернышевский)

"Тарыхты карап өткөндөн сабак алмайынча, турмуш бизди кайра-кайра жазалайт!"

"Тарыхын жоготкон эл - куураган жыгач сымал, башкалардын казанына отун катары гана жарап калат"

"Тарых тепкичи канчалык бийик болсо – келечек ошончолук кенен көрүнөт"

"Эл тарыхын айта жүр, элиң сени эскерер. Бабалар даңкын айта жүр балдарың сени эскерер"

(Эл оозунан)

ДҮЙНӨ МАМЛЕКЕТТЕРИНИН БОРБОР ШААРЛАРЫ

МАМЛЕКЕТТЕР	*БОРБОР ШААРЛАР*
Австралия	Канберра
Австрия	Вена
Азербайжан	Баку
АКШ	Вашингтон
Албания	Тирана
Алжир	Алжир
Англия	Лондон
Ангола	Луанда
Андорра	Андора-ла-Велья
Антигуа и Барбуда	Сент-Джонс
Антиль аралдары	Виллемстад
Аргентина	Буэнос-Айрес
Армения	Ереван
Аруба	Ораньестад
Афганистан	Кабул
Багам аралдары	Нассау
Бангладеш	Дакка
Барбадос	Бриджтаун
Бахрейн	Манама
Беларусия	Минск
Белиз	Бельмопан
Белгия	Брюссель
Бенин	Порто-Ново
Бермуд аралдары	Гамильтон
Биргелешкен Араб Эмираты	Абу-Даби
Бор.Афр.Республикасы	Банги
Болгария	София
Боливия	Ла-Пас
Босния жана Герцоговина	Сараева
Ботсвона	Габороне
Бразилия	Бразилиа
Бруней	Бандар-Сери-Бегаван
Буркина Фасо	Уагадугу

Брунди	Бужумбура
Бутан	Тхимпху
Вануату	Порт-Вила
Ватикан	Ватикан
Венгрия	Будапешт
Венесуэла	Каракас
Виргин аралдары	Род-Таун
Вьетнам	Ханой
Габон	Либревиль
Гаити	Порт-о Пренс
Гайана	Джорджтаун
Гамбия	Банжул
Гана	Аккра
Гватемала	Гватемала
Гвиана	Кайенна
Гвинея	Конакри
Гвинея Бисау	Бисау
Германия	Берлин
Гибралтар	Гибралтар
Гондурас	Тегусигальпа
Гренада	Сент-Джорджес
Греция	Афина
Грузия	Тиблис
Гуам	Аганья
Ганконг	Сянган
Дания	Копенгаген
Джибути	Джибути
Доминика	Розо
Доминика Республикасы	Санто-Доминго
Египет	Каир
Жаны Зеландия	Веллингтон
Замбия	Лусака
Зимбабве	Хараре
Израиль	Иерусалим
Индия	Дели
Индонезия	Джакарта
Иордания	Омман

Ирак	Багдад
Иран	Тегеран
Ирландия	Дублин
Исландия	Рейкьявик
Испания	Мадрид
Италия	Рим
Йемен	Сана
Кабо-Верде	Прая
Казахстан	Астана
Кайманов аралдары	Джорджтаун
Камбоджа	Пномпень
Камерун	Яунде
Канада	Оттава
Катар	Доха
Кения	Найроби
Кипр	Никосия
Кирибати	Байрики
Кытай	Пекин
Комор аралдары	Морони
Конго	Киншаса
Корея	Сеул
Коста-Рика	Сан-Хосе
Кот-Д-Ивуар	Ямусукро
Куба	Гавана
Кувейт	Эль кувейт
Кыргызстан	Бишкек
Лаос	Вьентян
Латвия	Рига
Лесото	Масеру
Либерия	Монровия
Ливан	Бейрут
Ливия	Триполи
Литва	Вильнюс
Лихтенштейн	Вадуц
Люксенбург	Люксембург
Маврикий	Порт-Луи
Мадагаскар	Антананариву

Македония	Скопье
Малави	Лилонгве
Малайзия	Куала-Лумпур
Мали	Бамако
Мальдивы	Мале
Мальта	Валлетта
Марокко	Рабат
Маршалл аралдары	Маджуро
Мексика	Мехико
Микронезия	Паликир
Мозамбик	Мапуту
Малдова	Кишинев
Маноко	Монако
Монголия	Улан-Батор
Намибия	Виндихук
Непал	Катманду
Нигер	Ниамей
Нигерия	Абуджа
Нидерландия	Амстердам
Никарагуа	Манагуа
Норвегия	Осло
Оман	Маскат
Өзбекистан	Ташкент
Пакистан	Исламабад
Палау	Корор
Панама	Панама
Папуа-Новая Гвинея	Порт-Морсби
Парагвай	Асунсьон
Перу	Лима
Полша	Варшава
Португалия	Лиссабон
Пуэрто-Рико	Сан-Хуан
Россия	Москва
Руанда	Кигали
Румыния	Бухарест
Сальвадор	Сан-Сальвадор
Сан-Марино	Сан-Марино

Сауд Аравиясы	Эр-Рияд
Сингапур	Сингапур
Сирия	Дамаск
Словакия	Братислава
Словения	Любляна
Соломон аралдары	Хониара
Сомали	Могадишо
Судан	Хартум
Суринам	Парамарибо
Тажикстан	Душанбе
Тайланд	Бангок
Тайвань	Тайбей
Танзания	Дар-эс-Салам
Түндүк Корея	Пхеньян
Түштүк Корея	Сеул
Түштүк Африка Республикасы (ТАР)	Кейптаун
Түркмөнстан	Ашхабад
Түркия	Анкара
Украина	Киев
Улуу Британия (Англия)	Лондон
Уругвай	Монтевидео
Фиджи	Сува
Филиппин	Манила
Финляндия	Хельсинки
Франция	Париж
Хорватия	Загреб
Швейцария	Берн
Швеция	Стокгольм
Шри-Ланка	Коломбо
Эквадор	Кито
Экватордук Гвинея	Малабо
Эстония	Таллин
Эфиопия	Аддис-Абеба
Югославия	Белград
Япония	Токио

5-класстар үчүн тандалма тесттер

1. Тарых илими эмнени окутуп үйрөтөт?
а) жер планеталары жөнүндө үйрөтүүчү илим
б) адамзат коомунун басып өткөн жолун изилдөөчү илим*
в) байыркы буюмдарды изилдөөчү илим
г) элдердин келип чыгышы жөнүндө баяндайт

2. Төмөндөгүлөрдүн кайсылары тарых илиминин курамдык бөлүмүн түзүшөт?
а) археология, этнология
б) сфрагистика, эпиграфика
в) геральдика, нумизматика
г) жогоруда аталгандардын баары*

3. Төмөнкүлөдүн кайсынысы адамзат тарыхын заттык булактар аркылуу изилдейт?
а) антропология б) археология*
в) этнография г) нумизматика

4. "Археология" деген сөз грек тилинен кандай которулат?
а) "Күн системасындагы планеталар" жөнүндөгү илим
б) "Жер планетасынын жаралышы" жөнүндөгү илим
в) "Байыркылар жөнүндөгү илим"*
г) "Байыркы буюмдар жөнүндөгү илим"

5. Тарыхый булактар канчага бөлүнөт?
а) 3 кө (жазуу, заттык, оозеки)*
б) 2 ге (жазуу-оозеки)
в) 4 кө (жазуу, оозеки, санжыра, заттык)
г) эч кандай бөлүнбөйт

6. Тарыхий летописте, грамоталар, келишимдер, мемуарлар, арноо тексттери кайсы булактарга кирет?
а) буюм б) жазуу*
в) оозеки г) санжыра

7. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы тарыхый булактарга кирет?
а) заттык буюмдар (эмгек куралдары, архитектуралык эстеликтер)
б) жазуу булактары (кагаз ,таш бетиндеги жазуулар)
в) оозеки булактар (санжыра, уламыштар)
г) жогорудагылардын баары тарыхый булак болуп эсептелет*

8. Археологиялык жана этнографиялык табылгалар: эмгек куралдары, чарба буюмдары жана эмеректер, турак-жай, сыйынуучу жайлар булар кандай булактарга кирет?
а) санжыра булактары б) буюм булактары*
в) жазуу булактары г) оозеки булактар



Археологдор иш үстүндө



Академик В. М. Плоских

9. Географиялык аттарды-алардын келип чыгышын, маанисин жана башка жактарын изилдөөчү илим бул:
а) нумизматика б) геральдика
в) топонимика* г) мистика

10. Тарыхый убакыттын чен өлчөмдөрүн изилдөөчү илим бул:
а) геральдика б) хронология*
в) топонимика г) археология

11. Рассалардын, адамдардын келип чыгышын жана өнүгүшүн изилдөөчү илим:
а) геральдика б) геология
в) археология г) антропология*

12. Төмөнкү илимдердин кайсынысы адамдын сөөгүнүн калдыктарынан анын келип чыгышын изилдейт?
а) геральдика б) геология
в) археология г) антропология*

13. Акча, тыйындарды, соода тарыхын изилдөөчү илим:

а) нумизматика* б) хронология

в) антропология г) этнология

Кошумча маалымат!

Акча, тыйындарды, соода тарыхын изилдейт	Нумизматика
Кагаз акчаларды изилдейт	Биотистика
Медалдарды, значокторду, ордендерди, жетондору изилдейт	Фолеристика

14. Нумизматика илимин негиздеген окумуштуу, нумизмат?

а) В. Бернштам б) И.Х.Эккель*

в) Д. Томсон г) В. Бартольд

15. Көрүстөндөгү таштын бетине жазылган жазуунун аталышы:

а) паелография б) эпитафия*

в) графика г) петрглиф

16. Урук жана уруулардын келип чыгышынын тарыхын, адамдардын жана муундардын туугандык байланыштарын кайсы илим изилдейт?

а) генеалогия* б) геральдика

в) нумизматика г) этнография

17. Адам аттарын жана алардын тарыхын изилдөөчү илим.....бул:

а) Этнология б) Сфрагистика

в) Ономастика* г) Нумизматика

18. Ар кайсы өлкөлөрдүн, шаарлардын гербдерин үйрөтүүчү илим кайсы?

а) санжыра б) топонимика

в) геральдика* г) нумизматика

№	*Жети ата:*	№	*Жети эне:*
1	Өз атасы	1	Өз энеси
2	Чоң атасы	2	Тай энеси
3	Бабасы	3	Чоң тай энеси
4	Бубасы	4	Бөнө (бүйүк эне)
5	Кубаары	5	Жоно (ажа эне)
6	Жотосу	6	Алана (алты эне)
7	Жэтэси	7	Жэтэне (жети эне)

19. Санжыра – деген эмне?

а) кыргыз элинин келип чыгышы жөнүндө уламыш
б) түрк элдериндеги кошок-кошуу салты
в) эл, уруу жана уруктарды изилдөөчү илим*
г) байыркы адамдардын туткан дини

"Санжыра" – араб тилинен которгондо "чажара", бизче дарак дегенди түшүндүрөт.

Генеалогия – грек тилинен которгондо Санжыра дегенди билдирет.

20. Таштагы, чоподогу, металлдагы жазуулар жөнүндө кайсы илим изилдейт?

а) этнография
б) этнология
в) эпиграфика*
г) хронология

21. Эпиграфикалык жазуу деген эмне?

а) папирус жана таштагы жазуулар
б) катуу бюмдардагы жазуулар*
в) темирдеги жана колодогу жазуулар
г) аска беттериндеги байыркы сүрөттөр

Тарыхка негизги көмөкчү илимдер:

Хронология -(грекче chronos – убакыт; logos – илим) тарыхый убакыттын чен өлчөмдөрүн изилдөөчү илим.

Антропология-(грек тилинен *anthropos* - адам, *logos* - илим) – рассаларды, адамдын келип чыгышын анын сөөк калдыктары аркылуу изилдөөчү илим.

Нумизматика -(от лат. *nomisma*, б.-грек. νόμισμα — тыйын) – акча, тыйындарды жана акча-товар мамилелерин үйрөтүүчү илим.

Генеология -(грек тилинен сөзмө-сөз которгондо "ата-тегин үйрөтүү") дегенди түшүндүрөт. Урук жана уруулардын келип чыгышынын тарыхын, адамдардын жана муундардын туугандык байланыштарын изилдөөчү илим.

Топонимика-(грек –topos –"жер,орун" onoma –"ат, аталыш") дегенди түшүндүрөт. Географиялык аттарды алардын келип чыгышын, маанисин жана башка жактарын изилдөөчү илим.

Археология -(грек тилинен *archaios* - байыркы, *logos* - илим) - адам баласынын байыркы тарыхын зат түрүндөгү (буюм) булактар боюнча таанып изилдөөчү илим.

Этнография -(байыркы гр. этнос — эл жана графия — жазам) — элдердин этностук өнүгүшүн, алардын келип чыгышын, каада-салтын, турмуш-тиричилигиндеги жана тарыхый-маданияттарындагы мамилелерин изилдей турган коомдук илим.

Геральдика -(соңку латынча heraldus – жарчы), герб тааануу тарых илиминин көмөкчү тармагы.

Эпитафия -(грек. epitaphios – мүрзө жазуусу) – көрүстөндүн бетине коюлган таштардагы жазууларды изилдейт.

Тарыхка көмөкчү илимдерди, туура келген жообуна дал келтиргиле:

1	Тарыхый убакыттын чен өлчөмдөрүн изилдөөчү илим.	А	Нумизматика
2	Адамзат тарыхын буюм булактары аркылуу изилдөөчү илим.	Б	Хронология
3	Географиялык аттарды-алардын келип чыгышын, маанисин жана башка жактарын изилдөөчү илим.	В	Археология
4	Урук жана уруулардын келип чыгышынын тарыхын, адамдардын жана муундардын туугандык байланыштарын изилдейт.	Г	Топонимика
5	Рассалардын, адамдардын келип чыгышын жана өнүгүшүн изилдөөчү илим.	Д	Эпитафия
6	Көрүстөндүн бетине жазылган жазууларды изилдөөчү илим.	Е	Генеалогия
7	Адам аттарын жана алардын тарыхын изилдөөчү илим.	Ж	Сфрагистика
8	Мөөрлөр тууралуу изилдөөчү илим.	З	Ономастика

Жоопторду таблицага толтургула:

1	2	3	4	5	6	7	8

Мекеним Кыргызстан!

1. «Кыргыз» деген этноним кайсы мезгилден бери белгилүү?

а) б.з.ч. 201-ж* б) б.з.ч. 103-ж

в) б.з.ч. 100-ж г) б.з.ч. 110-ж

2. Алгачкы кыргыз деген аталыш качан, кимдин эмгегинде эскерилген?

а) б.з.ч. 201-ж Сыма Цяндын*

б) б.з.ч. 203-ж Бан Гунун

в) б.з.ч. 209-ж Геродоттун

г) б.з.ч. 200-ж Цицерондун

3. Кыргыз Республикасынын жалпы аянты:

а) 152, 5 миң км^2 б) 198, 5 миң км^{2*}

в) 340 миң км^2 г) 188, 5 миң км^2

4. Кыргыз Республикасында канча област бар?

а) 10 б) 7* в) 2 г 4

Кыргыз Республикасы менен чектеш мамлекеттер!

Чыгышынан	Кытай
Батышынан	Өзбекистан
Түндүгүнөн	Казакстан
Түштүгүнөн	Таджикстан

5. 1989-жылы 23-сентябрда Кыргыз Республикасында кандай окуя болгон?

а) Кыргыз Республикасынын желеги кабыл алынган

б) мамлекеттик тил жөнүндө мыйзам кабыл алынган*

в) Бул күнү эч кандай окуя болгон эмес

г) Кыргыз Республикасы эгемендүүлүгү жарыяланган

6. Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк майрамы белгиленет:

а) 22-январда б) 31-августта*

в) 30-ноябрда г) 12-апрелде

7. Кыргыз Республикасынын көз карандысыздык декларациясы качан кабыл алынган?
а) 1990-ж 15-декабрь*
б) 1999-ж 15-январь
в) 1992-ж 14-август
г) 1996-ж 12-декабрь

8. Кыргыз Республикасынын гимни качан кабыл алынган?
а) 1990-ж 5-августта
б) 1992-ж 18-январда*
в) 1994-ж 12-апрелде
г) 1996-ж 17-ноябрда

9. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик желеги (туусу) качан кабыл алынган?
а) 1990-ж 5-мартта
б) 1992-ж 3-мартта*
в) 1996-ж 12-майда
г) 1998-ж 17-майда

10. Кыргыз Республикасынын герби качан кабыл алынган?
а) 1990-ж 14-январда
б) 1992-ж 14-январда
в) 1996-ж 14-январда*
г) 1998-ж 17-майда

11. Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы качан кабыл алынган?
а) 1990-ж 15-майда
б) 1993-ж 10-майда*
в) 1995-ж 15-мартта
г) 1998-ж 17-ноябрда

12. Кыргыз Республикасынын конституциясы качан кабыл алынган?
а) 1993-ж 5-майда*
б) 1994-ж 14-январда
в) 1996-ж 21-октябрда
г) 1998-ж 17-майда

13. Хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:
а) КРнын мамлекеттик туусу кабыл алынган
б) КРнын герби кабыл алынган
в) КРнын улуттук валютасы кабыл алынган
г) КРнын конституциясы кабыл алынган
д) КРнын эгемендүүлүгүнүн жарыяланышы

1	2	3	4	5

14. Кыргыз Республикасынын борбору Фрунзе шаары кайсы жылы кайрадан Бишкек болуп өзгөртүлгөн?
а) 1992-ж 5-февралда*
б) 1993-ж 5-январда
в) 1994-ж 5-октябрда
г) 1995-ж 5-майда

15. Кыргыз Республикасы кайсы жылы БУУга (Бириккен Улуттар уюму) мүчө болгон?
а) 1991-ж 5-февралда
б) 1992-ж 2-мартта*
в) 1995-ж 21-октябрда
г) 1998-ж 17-майда

16. Кыргыз Республикасынын гимнинин сөздөрүн кимдер жазышкан?
а) Б. Сарногоев, С. Эралиев
б) С. Жусуев, А. Белеков
в) Ж. Садыков, Ш. Кулуев*
г) А. Малдыбаев, М. Абдраев

17. Кыргыз Республикасынын гимнине музыканы кимдер жазышкан?
а) Ж. Шералиев, К. Эралиева
б) А. Малдыбаев, М. Абдраев
в) Н. Давлесов, К. Молдобасанов*
г) Ж. Садыков, Ш. Кулуев

18. Хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:
а) Манас эпосунун 1000 жылдыгы майрамдалган
б) Кыргызстан БУУга мүчөлүккө кабыл алынган
в) Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы белгиленген
г) Ош шаарынын 3000 миң жылдыгы майрамдалган
д) Кыргыз Республикасынын биринчи президенти шайланган

1	2	3	4	5

19. Кыргыз Республикасынын гербинин авторлорун белгилегиле:
а) Ж. Сыдыков, К. Умедов
б) С. Дубанаев, А. Абдраев*
в) А. Асанов, С. Айылчиев
г) Ж. Садыков, Ш. Кулуев

20. Кыргыз Республикасынын желегинин авторлору:
а) Э. Айдарбеков, Б. Жайчибеков*
б) К. Каниметов, А. Жээнбаев
в) Ш. Токтониязов, Т. Бекматов
в) Ж. Садыков, Ш. Кулуев

21. "Манас" эпосунун 1000 жылдыгы качан майрамдалган?
а) 1994-ж октябрда
б) 1995-ж августта*
в) 1994-ж декабрда
г) 1995-ж апрелде

22. Кыргыз Республикасынын биринчи президенти болуп ким шайланган?
а) Курманбек Бакиев б) Аскар Акаев*
в) Алмазбек Атамбаев г) Сооронбай Жээнбеков

23. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы качан белгиленген?
а) 2003-ж* б) 2002-ж в) 2006-ж г) 2001-ж

Төмөндөгү катарлар кайсы принцип боюнча берилген?
Жооту жазгыла:

Палеолит, Мезолит, Неолит

Археология, Нумизматика, Хронология

Клинопис, Шынаа жазуу, Иероглиф, Руна

Ж. Садыков, Ш. Кулуев, С. Дубанаев, А. Абдраев

Нумизматика, Биотистика, Фолеристика

Бурана мунарасы, Өзгөн мунарасы, Өзгөн комплекси

Саймалуу-Таш, Ош тургун жайы, Чуст маданияты

А. Акаев, К. Бакиев, А. Атамбаев


Ч. Түлөбердиев, Д. Асанов, Д. Шопоков

Сулайман-Тоо, Бабурдун үйү, Ош тургун жайы

Кыргызстандагы тарыхый-архитектуралык эстеликтер



А_____



Б_____



В_____



Г_____



Д_____



Е_____



Ж_____



З_____

Кыргызстандагы тарыхый-архитектуралык эстеликтер



А_____




Б_____



В_____




Г_____



Д_____



Е_____



Ж_____



З_____

Тарыхта жылдарды саноо

1. Кайсы окуядан кийин биздин заман (б.з) башталган?
а) Грециядагы биринчи олипиада оюндарынан кийин
б) Байыркы Рим шаарынын негизделишинен кийин
в) Исус Христос төрөлгөндөн кийин*
г) 622-жылы мусулман календарынын түзүлүшү менен

2. Исус Христостун төрөлүшүнө чейинки убакыт кандай аталган?
а) биздин заманга чейин*
б) биздин доордун келечеги
в) биздин доор
г) биздин доордун башталышы

3. Азыркы учурда төмөнкү календарлардын кайсынысын колдонобуз?
а) Григориан календары* б) Юлиан календары
в) Исус календары г) Хижра календары

4. Мусулман жыл эсеби (Хижра) кайсы жылдан башталат?
а) 612-жылдан б) 622-жылдан*
в) 634-жылдан г) 645-жылдан

5. Биздин доорго чейинки 209-жыл менен биздин доордогу 451-жылды канча жыл бөлүп турат?
а) 4 жыл бөлүп турат б) 476 жыл бөлүп турат
в) 660 жыл бөлүп турат* г) 546 жыл бөлүп турат

6. Жыл эсептөөлөрдү карап чыккыла жана кайсынысы мурда башталгандыгын аныктагыла:
а) Римде б.з.ч. 753-ж Рим шаарынын негизделиши
б) Грецияда б.з.ч. 776-ж Олимпиадалык оюндардын башталышы*
в) Христиандарда б.з. I Исус Христостун туулган жылы
г) Хижра жыл эсептөөсүнүн башталышы 622-жыл

7. XV кылымдан ортосу кайсы жылдарга туура келет?
а) 1350-жылдарды б) 1450-жылдарды*
в) 1250-жылдарды г) 1550-жылдарды

8. Биздин замандагы жана биздин заманга чейинки жыл санагы кандайча эсептелет?

а) эч нерсе менен айырмаланбайт

б) убакыт тилкесинде 500-жылдан баштап кайра эсептелет

в) убакыт тилкеси боюнча 0-жылдан баштап эки жакка карай эсептелет*

г) убакыт тилкеси боюнча 10-жылдан баштап жогору карай эсептелет

9. Биздин заманга чейинки 1560-жыл кайсы кылымга таандык?

а) биздин доорго чейинки X кылымга

б) биздин заманга чейинки VII кылымга

в) биздин доордун XVI кылымга*

г) биздин эрага чейинки XI кылымга

10. Биздин заманга чейинки 201-жылы "кыргыз" этнонимибиринчи жолу эскерилген. Ал эми биздин замандын 840-жылы Улуу Кыргыз дөөлөтү түзүлгөн. Эки датанын ортосунда канча жыл бар?

а) 1300 жыл

б) 1041 жыл*

в) 1492 жыл

г) 1724 жыл

11. Биздин заманга чейин 160-жылы Усундар Жети-Сууга көчүп келишип, өздөрүнүн мамлекетин негиздешкен. Ал эми Христофор Колумб Американы 1492-жылы ачкан. Ушул окуялардын аралыгында канча убакыт бар экендигин эсептегиле:

а) 1300 жыл

б) 1652 жыл*

в) 1492 жыл

г) 1724 жыл

12. Биздин заманга чейин 776-жылы Грецияда биринчи олимпадалык оюндар өткөрүлгөн. Ал эми Биздин замандын 476-жылы Батыш Рим империясы кулаган. Ушул окуялардын аралыгында канча убакыт бар экендигин белгиле:


а) 1300 жыл

б) 1252 жыл*

в) 1492 жыл

г) 1724 жыл

Исус Христостун туулган жылы



Араб жана Рим цифралары

Араб цифрасы	Рим цифрасы	Араб цифрасы	Рим цифрасы
1	I	11	XI
2	II	12	XII
3	III	13	XIII
4	IV	14	XIV
5	V	15	XV
6	VI	16	XVI
7	VII	17	XVII
8	VIII	18	XVIII
9	IX	19	XIX
10	X	20	XX

1	I	**5**	V	**10**	X	**50**	L
100	C	**500**	D	**1000**	M	**2000**	MM

Азыркы биз колдонуп жаткан цифралар, эмне үчүн "Араб цифрасы" деп аталып калган? Себебин жазгыла:

6-класс Кыргызстан тарыхы

I Бөлүм: Байыркы мезгил



Байыркы адамдардын үйүрү

1. Адамдар айбандар дүйнөсүнөн бөлүнүп чыккандан кийин кандай коомдо жашаган?

а) алгачкы жамааттык коомдо*
б) матриархат доорунда
в) кул ээлөөчүлүк түзүлүштө
г) капиталисттик коомдо

2. Байыркы адамдар жаныбарлар дүйнөсүнөн кайсы мезгилде бөлүнүп чыга баштаган?


а) 2 млн жылдай мурда
б) 2,5 млн жыл мурда*
в) 5 млн жылдай мурда
г) 8 млн жылдай мурда

3. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы эң байыркы адамдардын кесиби болгон?

а) аң уулоочулук жана балыкчылык
б) жыйноочулук жана аңчылык*
в) малчылык жана дыйканчылык
г) мал чарба жана кол өнөрчүлүк

4. Төмөнкүлөдүн кайсынысы алгачкы адамдардын куралдары болгон?

а) жаа, найза, кылычтар, бычактар, ороктор
б) кырдуу таштар жана жер казуучу союлдар*
в) балталар, канжарлар, кош миздүү кылычтар
г) найза, кылыч, калкан, ай балта, жаа-жебе



5. Эң байыркы аңчылык кылуу куралы:

а) жаа б) найза* в) кылыч г) канжар

6. Байыркы адамдар ар түрдүү сүрөттөрдү тартышкан:

а) кагазга б) жыгачка
в) ташка* г) папируска

7. Дыйкандардын эң байыркы отурукташкан жерлерин белгилегиле:

а) 15 миң жыл мурда Түндүк Кытайда
б) 10 миң жыл мурун Алдыңкы Азияда*
в) 6 миң жыл мурун Батыш Африкада
г) 5 миң жыл мурун Түштүк Азияда

8. Адамзат тарыхында темир доору кайсы жерде башталган?

а) Египеттин аймагында б) Алдыңкы Азияда*
в) Эки дарыя аралыгында г) Европанын чыгышында

9. "Аксакалдар кеңеши" кандай иштерди аткарган?

а) уруудагы бардык маанилүү иштерди башкарган*
б) диний ырым-жырымдарды өткөрүп турушкан
в) эч кандай маселени чече алган эмес
г) мамлекеттеги эң ардактуу инсандар болушкан

10. Түндүк Испаниядагы эзелки адамдар мекендеген Альтамира үңкүрүн тапкан археолог?

А) Рыбаков б) Аристотель
в) Геродот г) Саутуола*

Кошумча маалымат!

1) Байыркы таш доору	палеолит
2) Ортоңку таш доору	мезолит
3) Жаңы таш доору	неолит
4) Жез-таш кылымы	эниолит

11. Кайсы таш кылымы – мезолит деп аталат?

а) байыркы б) ортонку*
в) жаңы г) билбейм

12. Байыркы таш доору кандай аталат?

а) палеолит* б) мезолит
в) неолит г) эниолит



13. Эрте палеолит доору кайсы мезгилди камтыйт?

а) б.з.ч. 2,6 млн – б.з.ч. 40 миң
б) б.з.ч. 140 миң –б.з.ч. 40 миң*
в) б.з.ч. 2,6 млн – б.з.ч. 800 миң
г) б.з.ч. 2,4 млн – б.з.ч. 500 миң

14. Хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

а) Ортоңку палеолит доору
б) Жез-Таш кылымы
в) Өндүрүштүк чарба пайда болгон мезгил
г) Мезолит доору
д) Темир кенинин ачылышы

1	2	3	4	5

15. "Эниолит" деп .....кылымы аталат:

а) темир б) коло
в) жез-таш* г) жаңы таш

16. Таш доору кайсы миң жылдыкка чейин созулган?

а) 5 миң жылдык б) 8 миң жылдык*
в) 3 миң жылдык г) 2 миң жылдык

17. Палеолит доорундагы адамды эмне үчүн "неандерталец" деп аташкан?

а) "неандерталец" деген сөз байыркы дегенди түшүндүрөт
б) биринчи сөөгү табылган жер ушундай аталган*
в) ал жаа менен жебени ойлоп тапкандыгы үчүн
г) гигант жаныбарларды колго үйрөткөндүгү үчүн

18. Кыргызстандын аймагында табылган алгачкы адамдардын издери кайсы таш дооруна тиешелүү болуп саналат?

а) эниолитке б) мезолитке
б) неолитке в) палеолитке*

19. Төмөнкүлөдүн кайсынысы палеолит доорундагы эң маанилүү окуя болуп эсептелет?

а) алгачкы жаныбарды колго үйрөтүшкөн
б) адамдар аңчылылык кылганды билишкен эмес
в) жыйноочулук жана аңчылык кылышкан*
г) кол өнөрчүлүк пайда болуп, соода өнүккөн

20. Хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:
а) адамдар колго итти үйрөтө баштаган
б) дыйканчык менен мал чарбачылыгы келип чыккан
в) адамдар дөңгөлөктү ойлоп табышкан
г) байыркы адамдар отту пайдалана баштаган
д) байыркы адамдар жыйноочулук менен кесип кылышкан

1	2	3	4	5

21. Кыргызстандын аймагынан табылган эң жөнөкөй таш куралдары кайсы миң жылдыкка таандык?
а) б.з.ч. 800-10 миң жылдыктарга*
б) б.з.ч. 500-10 миң жылдыктарга
в) б.з.ч. 300-10 миң жылдыктарга
г) б.з.ч. 100-10 миң жылдыктарга

22. Таштан жасалган эң байыркы буюмдар Кыргызстандын кайсыл аймактарынан табылган?
а) Он Арча суусунун боюнда, Кожо-Бакырган Сайда*
б) Кочкор, Атбашы, Чаткал өрөөндөрүндө
в) Ош, Баткен, Жалал-Абад облустарынан
г) Ош шаарындагы Сулайман-Тоосунун жанынан

23. Кыргызстандагы Саламат-Булак комплекси палеолит доорунун кайсы мезгилине тиешелүү?
а) эрте палеолит* б) орто палеолит
в) чоңку палеолит г) палеолит

24. Хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:
а) адамдар колодон эмгек куралдарын жасай башташкан
б) байыркы адамдар жылкыны колго үйрөтүшкөн
в) адамдар темир кендерин өздөштүргөн
г) жаа менен жебе ойлонуп табылган
д) алгачкы таптар жана мамлекеттер пайда боло баштаган

1	2	3	4	5

25. Байыркы мезгилде адамдар жездин кандай түрлөрүн колдонушкан?

а) муздак жана катуу б) муздак жана ысык*
в) бир эле түрү болгон г) катуу жана жумшак

26. Жез-таш кылымы кимдер тарабынан ачылган?

а) археологдор б) химиктер*
в) тарыхчылар г) саякатчылар

27. Түркмөнстандагы Анау жана Намазга-Тепе эстеликтери кайсы мезгилге таандык?

а) таш дооруна б) Эниолитке*
в) палеолитке г) коло дооруна

28. "Акыл эстүү адам" (гомо-сапиенс) – деп аталаган адамдар байыркы таш доорунун кайсы мезгилине тиешелүү?

а) эрте палеолит б) ортонку палеолит*
в) соңку палеолит г) эч бирине

29. Неандерталдык адам бул.....?

а) Homosapiens* б) Homoerectus
в) Байыркы жаныбар г) Орто кылымдагы адам

Дал келтиргиле:

1) Саймалуу-Таш галареясы таандык	А) эниолитке
2) Анау жана Намазга-Тепе эстеликтери таандык	Б) ортоңку палеолитке
3) "Акыл эстүү адам" (гомо-сапиенс) таандык	В) коло дооруна
4) жаа менен жебе таандык	Г) неолитке
5) өндүрүштүк чарба таандык	Д) мезолитке

1	2	3	4	5

30. Өзбекстандагы Тешик-Таш үңүрүнөн табылган баланын көмүлгөн сөөгү, байыркы адамдар сөөктү көмүү салтын качан колдонгонунан кабар берет?

а) 10 миң жыл мурда
б) 50 миң жыл мурда
в) 40 миң жыл мурда*
г) 30 миң жыл мурда

31. Кайсы доордо аталык бийлик (патриархат) энелик бийликти (матриархат) алмаштырган?

а) неолит*
б) палеолит
в) мезолит
г) эниолит

32. Жыйноочулуктан кандай чарба келип чыккан?

а) дыйканчылык*
б) балык уулоочулук
в) мал чарбачылыгы
г) кол өнөрчүлүк

33. Байыркы мезгилде аңчылыктан эмне келип чыккан?

а) дыйканчылык
б) балык уулоочулук
в) мал чарбачылыгы*
г) кол өнөрчүлүк

34. Кыргызстандын түштүгүндө таш доорунун эстеликтери кайсы жерден табылган?

а) Он арча суусу
б) Кожо-Бакырган-Сай*
в) Кани-Гут кени
г) Капчыгай

35. Окумуштуулардын айтуусу боюнча өздөштүрүү чарбасынан өндүрүштүк чарбага өтүү кандай деп аталган?

а) илимий-техникалык революция
б) неолиттик революция*
в) кол өнөрчүлүк революциясы
г) мезолиттик революция

36. Неолит доорунун негизги айырмачылыгы кайсы?

а) өндүрүштүк чарба пайда болду (жер иштетүү жана малчылык)*
б) кол өнөрчүлүк жана соода келип чыккан
в) адамдар темир кендерин иштете баштаган
г) биринчи жолу жаа менен жебе пайда болду

Ачылыштар!

1) Адамдар отту пайдаланганды үйрөнүшкөн	Ортоңку палеолит
2) Адамдар итти колго үйрөтүшкөн	Мезолитте
3) Жаа менен жебе пайда болгон	Мезолитте
4) Дөңгөлөк ойлонуп табылган	Коло доорунда
5) Өндүрүштүк чарба пайда болгон	Неолитте

37. Төмөнкү варианттардын кайсынысында Кыргызстандын аймагында "Петроглифтер" пайда болгон?


а) б.з.ч. 35 миң жылга жакын
б) б.з.ч. 30 миң жылга жакын
в) б.з.ч. 10 миң жылга жакын*
г) б.з.ч. 13 миң жылга жакын

38. Төмөнкү металлдардын кайсынысынан алгачкы эмгек куралы жасалган?

а) калай б) жез* в) коло г) темир

39. Ысык-Көл областынын Сары-Жаз өрөөнүндөгү мезолит жана неолит урууларына тиешелүү үңкүр?

а) Сары-Булак б) Ак-Чуңкур*
в) Сасык-Үңкүр г) Чилустун



Аңчылык учуру

Дал келтиргиле:

1) Фергана тоо кыркасындагы атактуу петроглиф	А) Ак-Чуңкур
2) Ысык-Көлдүн Сары-Жаз өрөөнүндөгү үңкүр	Б) Кожо-Бакырган Сай
3) Кыргызстандын түштүгүндө таш доорунун эстеликтери табылган жер	В) Саймалуу-Таш
4) Чүй өрөөнүндө көптөгөн түрк тилдүү өлкөлөрүнүн борбору болгон шаар	Г) Атлах
5) 751-жылы арабдарын менен кытайлардын ортосунда болгон согуш	Д) Суяб

1	2	3	4	5

40. Ош тургун жайы байыркы Фергананын маданий идеологиялык борбору болуп эсептелет. Ал кайсы доорго таандык?

а) таш б) темир в) коло* г) энеолит

41. Байыркы мезгилдеги Кыргызстандын аймагындагы уруулар жана уруу бирикмелери кайсы мезгилге таандык?

а) Палеолитте б) Неолитте
в) Энеолитте г) Коло доорунда*

42. Кыргызстандын аймагында коло кылымындагы кайсы турак жай байыркы Фергананын маданий идеологиялык борбору болуп эсептелет?

а) Чуст б) Дальверзин
в) Ош тургун жайы* г) Чаян-Дөбө

43. Саймалуу-Таш аска бетиндеги галарея кайсы доорго таандык?

а) мезолит б) неолит в) коло* г) полеолит

44. Фергана тоо кыркасындагы кайсы атактуу петроглифти билесиңер?

а) Ак – Чуңкур
б) Капчыгай
в) Сасык-Үңкүр
г) Саймалуу-Таш*

45. Андронов маданиятындагы уруулардын негизги чарбасы?

а) балык уулоо
б) мал чарба*
в) дыйканчылык
г) багбанчылык

46. Андронов жана Чуст уруулук маданий бирикмелердин өкүлдөрүнүн тышкы кебетеси кайсыл рассага таандык?

а) Монголоид
б) Индо-европалык*
в) Негроид
г) Австролоид

47. Хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

а) андронов урууларынын маданияты өкүм сүргөн
б) көчмөндөрдүн алгачкы империясы түзүлгөн
в) Кыргызстандын аймагында петроглифтер пайда болгон
г) Кыргызстандын аймагында алгачкы уруулар жашашкан
д) Чуст маданияты Кыргызстандын аймагында пайда болгон

1	2	3	4	5

48. Андронов урууларынын маданияты кайсы мезгилде өкүм сүргөн?

а) б.з.ч XX-XVI кк.
б) б.з.ч XX-XVII кк.
в) б.з.ч XV-XIII кк.
г) б.з.ч XVII-IX кк.*

49. Чуст маданиятындагы уруулардын негизги чарбасы?

а) балык уулоо
б) мал чарба
в) дыйканчылык*
г) багбанчылык

50. Кыргызтандын аймагында коло доорунда эки маданият өнүккөн. Ал маданияттын өкүлдөрү төмөндөгүдөй аймакта жашашкан:

а) түндүктө андрон, түштүктө чуст уруулары*
б) түштүктө андрон, түндүктө сак уруулары
в) түштүктө даван, түндүктө усун уруулары
г) түндүктө кангүй, түштүктө кушан уруулары

Тема: Сак уруу союзу

Тарыхта сактардын үч бөлүгү эскерилет.

Аталышы	*Жашаган аймагы*
1. Тиграхауд сактары - (төбөсү шуштугуй баш кийим кийген сактар)	Сыр-Дарыя, Жети-Суу, Тянь-Шань аймактары
2. Парадарайа сактары - (деңиздин өйүзүндөгү сактар)	Орто Азиянын түштүк бөлүгү, Жети-Суу өрөөндөрүнөн, Сыр-Дарыя менен Аму-Дарыянын батышы, Арал деңизинин жээктери
3. Хаомаварга сактары – (хаом өсүмдүгүн урматтаган сактар)	Мургаб, Аму-Дарыя, өрөөндөрүндө, Индиянын түндүгүндө, Алай тоолорунун этегинде, Ферганада, Кыргызстандын түштүгүндө

1. Төмөнкү элдердин кайсынысы Кыргызстандын аймагындагы эң алгачкы уруулук бирикме болуп саналат:
а) усундар б) сактар* в) карахандар г) түргөштөр

2. Сактардын коргондорунан табылган буюмдардын жасалышы кандай стилде болгон?
а) согдиялык стилдеги
б) готика стилиндеги
в) жырткычтардын стилиндеги*
г) кыргыздардын стилиндеги

3. Сактар Борбордук Азиядагы байыркы элдердин бири болуп саналат. Алардын негизги кесипчилиги эмне болгон?
а) дыйканчылык б) кой-эчки өстүрүү
в) көчмөндүү малчылык* г) балык уулоо

4. Сактардын негизги азык-түлүгү:
а) эт жана сүт азыктары* б) дан азыктары
в) жер-жемиштер г) тамыр жана чөптөр

5. Сактардын башкаруучулары кандай титулду алып жүрүшкөн?

а) күнбий б) падыша* в) шанүй г) император

6. Иран булактарында сактарды кандай жазышкан?

а) күчтүү жоокер* б) он-урук эл

в) нормаддар г) күчтүү-бекем

7. Сактардын коргондорунан табылган буюмдардын стили:

а) согдиялык б) персиялык

в) жырткычтардын* г) византиялык

8. Кайсы тарыхый булактарда сактарды "скиф" деп жазышкан?

а) перс булагында б) грек булактарында*

в) араб булактарында г) орус булактарында

9. "Байыркы грек тарыхчылары кимдер жөнүндө төмөнкүдөй деп жазып калтырышкан: ".....алар жаа атуу боюнча эң мыкты чеберлер, алардын ар бир аткан жебеси бутага таамай тийип жатты"?

а) сактар* б) наймандар

в) усундар г) хунндар

10. Грециялык тарыхчы (тарыхтын атасы) Геродот сактардын башкаруучусун кандай атаган?

а) император б) падыша*

в) ханзада г) шанүй

11. Сактар эли кайсы тилде сүйлөшкөн?

а) араб тилинде б) чыгыш Иран

в) байыркы түрк* г) согду тилинде

12. Томирис, Зарина, Спаретра булар .....болушкан:

а) Сак урууларынын баатыр аялдары*

б) Сактардын белгилүү кошокчулары

в) Сактардын дин кызматкерлери

г) Сак урууларынын баатыр ханзаадалары

13. Хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:
а) Сак ханышасы Томирис курман болгон
б) Кир II өзүнүн армиясы менен Сактарга кол салган
в) Сактар Марафон салгылашына катышкан
г) Дарий I сактарды өзүнө каратып алууга жетишкен
д) Сактар Фермопиль салгылашына катышкан

1	2	3	4	5

14. Томирис деген тарыхый инсан ким болгон?
а) хундардын башкаруучусу
б) сактардын падыша аялы*
в) кыргыз элчиси
г) усун башкаруучусу

15. Сак ханышасы Томиристин башкарган жылдары:
а) б.з.ч 499-446-жж
б) б.з.ч 570-520-жж*
в) б.з.ч 550-530-жж
г) б.з.ч 530-518-жж

16. "Сен кан төгүүнү каалайсыңбы каалашыңча кан төгүлөт" – бул фраза.....таандык:
а) Заринага
б) Модеге
в) Томириске*
г) Эрен Улукка

17. Ахеменийлер династиясынын негиздөөчүсү Кир II өзүнүн "өлбөстөр" деп аталган 200 миң армиясы менен сактарга качан басып кирген?
а) б.з.ч 550-ж
б) б.з.ч 530-ж*
в) б.з.ч 534-ж
г) б.з.ч 512-ж

18. Сактар персиялыктардын кайсы падышасын жеңип алган?
а) Дарий Іди
б) Камбисти
в) Кир II ни*
г) Дарий III тү

19. Перстер менен болгон согушта курман болгон Томиристин уулунун ысымын белгиле:
а) Спаретра
б) Спаргапис*
в) Зарина
г) Рустам

20. Томиристин Иран падышасы менен согушун баяндап, ким төмөндөгүчө жазат: "Бул салгылашууну мен варварлар жүргүзгөн уруштардын өтө кыйын кезеңи деп эсептеймин"?

а) Цицерон б) Геродот*
в) Дарий I г) Кир II

21. Байыркы сактар жөнүндө маалыматты ким жазып калтырган?

а) Сыма-Цянь б) Геродот*
в) Бань Гу г) Цицерон

22. Сактардын куралдары:

а) кылыч, найза, кыска канжар, жаа жана жебе, калкан*
б) кылыч, кыска найза, орок, кырдуу таштар, жыгач канжар
в) мылтык, соот, ай балта, кош миздүү кылыч, жаа жана жебе
г) ай балта, орок, кылыч, канжар,жаа жана жебе

23. Канчанчы кылымдарда сак атчандарында пластиналуу соот-шаймандар жана металл туулгалар менен корголгон оор куралданган аскер отряддары пайда болгон?

а) VIII-VII-кк б) б.з.ч. V-IV кк*
в) б.з.ч. VI-III г) б.з.ч. III кк

25. Сактардын туусуна көбүнчө эмненин сүрөтү түшүрүлгөн?

а) карышкыр жана аюунун
б) жыландын жана ажыдаардын*
в) бугунун жана арстандын
г) жылкынын жана төөнүн

24. Сактардын жоокерлери жөнүндө төмөнкүдөй окуя кайсы булактарда баяндалат.

"Эки көчмөн жоокер жекеме-жекеге чыгышат жана анын бири экинчисин өлтүрөт. Салт боюнча жеңүүчү жеңилгендин соот-шаймандарын жана куралдарын алгысы келет, бирок курман болгондун аты аны «тиштегилеп жана туягы менен тепкилеп өлтүрөт".

а) Кытай булактарында б) Грек булактарында*
в) Перс булактарында г) Араб булактарында

Грек-Перси согуштарына катышкан	**Б.з.ч 500-549-жж**
Марафон салгылашына катышкан	**Б.з.ч 490-ж**
Фермопиль салгылашына катышкан	**Б.з.ч 480-ж**
Платея салгылашына катышкан	**Б.з.ч 479-ж**

26. Сактардын эң белгилүү "карагай майрамы" азыркы календарь боюнча качан майрамдалган?

а) 21-мартта
б) 25-декабрда*
в) 31-декабрда
г) 1-январда

27. Александр Македонскийге сактардан элчилер келип төмөнкүдөй сөздөрдү айтышкан:
«Танаисти (Сырдарыя) кечип өтсөң сен биздин аймактын учу-кыйырсыз кенендигин билесиң: сен сактарды эч качан кууп жете албайсың... Экинчи жолу бизди алыста калды деп ойлосоң, сен бизди өз лагериңдин жанынан көрөсүң. Биз артыңардан сая түшө кууп, ошол эле учурда көзгө илешпей качып кетебиз» -ушундан кийин Македонский Сыр-Дарыя сактарына кол салган. Бул окуя качан болгон?

а) б.з.ч 223-ж
б) б.з.ч 249-ж
в) б.з.ч 329-ж*
г) б.з.ч 334-ж

28. Теңир-Тоого сактардын чыгыш канаты кайсы кылымда көчүп келишкен?

а) VIII-VII-кк
б) б.з.ч. VI кк*
в) б.з.ч. VI-III
г) б.з.ч. III кк

29. Ширак деген ким болгон?

а) хун аскери
б) сактардын баатыр койчусу*
в) усун башкаруучусу
г) даван элчиси

30. "Скифтер" деп Европалыктар кимдерди аташкан?

а) Сактарды*
б) Усундарды
в) Хундарды
г) Түрктөрдү

31. Кыргызстанда «падышалык» мүрзө дөбөлөр бар. Алар кимдерге таандык?

а) Усун урууларына
б) Сак урууларына*
в) Хун урууларына
г) Андрон урууларына

32. Б.з.ч. 519-жылы перстердин кайсы эң белгилүү падышасы сактарды басып алган?

а) Кир II
б) Тутмос I
в) Закир шах
г) Дарий I*

33. Узун Канжар-Акинак; аскер балтасы, уч канаттуу жебелер Кыргызстандагы байыркы кайсы урууларга тиешелүү?

а) Андронов
б) Усундарга
в) Сактарга*
г) Давандыктарга

34. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы Казакстандагы атактуу "САК" эстелиги болуп саналат?

а) Ыссык мүрзө дөбөсү*
б) Ак-Чуңкур үңкүрү
в) Саймалуу-Таш
г) Сасык-Үңкүр

35. Борбордук Азиядагы сактар (скифтер) жөнүндө баалуу маалымат жазылган аска кандай аталат?

а) Сасык-Үңкүр
б) Ак Чуңкур
в) Бехистун*
г) Саймалуу Таш

36. Б.з.ч. 490-жылы Марафон салгылашуусу болуп өткөн. Бул согушка Кыргызстандын аймагындагы кайсы уруулар катышкан?

а) тиграхауд сактары*
б) юэчжилер
в) чигилдер
г) гунндар

37. Кыргызстандын түндүк аймагында сактарыдын кайсы бөлүгү жашаган?

а) хаомаварга сактары
б) тиграхауд сактары*
в) парадря сактары
г) эч кайсынысы жашаган эмес

38. Кыргызстандын түштүк аймагында сактарыдын кайсы бөлүгү жашаган?

а) хаомаварга сактары*
б) тиграхауд сактары
в) парадря сактары
г) эч кайсынысы жашаган эмес

Тема: Даван мамлекети

1. Даван мамлекти кайсы аймакта пайда болгон?

а) Орто Азияда
б) Түштүк Сибирде
в) Фергана өрөөнүндө*
г) Борбор Азияда

2. Даван мамлекетинин падышасын көрсөткүлө:

а) Унгийми
б) Мугуа*
в) Моде
г) Бумын

3. Төмөнкү мамлекеттердин кайсынысы "асман аргымактарынын" өлкөсү деп аталган?

а) усун мамлекети
б) даван мамлекети*
в) сак уруулары
г) түрк мамлекети

4. Кытай булактарында даван мамлекетинде канча шаар болгон деп жазышкан?

а) 45 шаар
б) 70 шаар*
в) 64 шаар
г) 55 шаар

5. Даван мамлекетинин борбор шаары кайсы?

а) Суяб шаары
б) Эрши шаары*
в) Чигу шаары
г) Ак-Суу шаары

6. "Көктөн түшкөн аргымактар өлкөсү" – деп кайсы байыркы мамлекетти аташкан?

а) Усундарды
б) Даванды*
в) Каңгүйдү
г) Вавилонду

7. Даван мамлекетинин калкы.....кишини түзгөн:

а) 400 миң
б) 500 миң
в) 300 миң*
г) 380 миң

8. Перстер «Сог», ал эми кытайлар «Полоно» деп.....аташкан:

а) Даванды*
б) Усунду
в) Каңгүйдү
г) Хорезмди

9. Эрши шаарын Кытайлыктарын камалоосу канча күнгө созулган?

а) 34 б) 40* в) 55 г) 8

Негизги окуялар!

А) Даван мамлекетинин пайда болушу	Б.з.ч. I миң жылдык
Б) Даван мамлекетинин өнүккөн мезгили	Б.з.ч. II кылым
В) Даван мамлекетине кытайлыктардын биринчи жортуулу.....	Б.з.ч. 103-ж
Г) Хан-Даван согушу болгон мезгил	Б.з.ч. 103-101-жж
Д) Даван мамлекетине кытайлыктардын экинчи жортуулу.....	Б.з.ч. 101-ж

10. Кайсы мамлекет жөнүндө сөз болууда?
Кытай тарыхый жылбаяндарында мындай деп жазылган: Бул өлкөнүн калкы 300 миң кишини түзөт. Бардык жерлеринде жүзүмдөн шарап жасашып, аттары беде жейт. Ал өлкөдө 70тен ашуун шаар бар. Тургундары пайда табууну көздөп, дайыма атаандашат. Алар эритүүчү мештерди колдонгону менен, чоюндан буюмдарды куюп жасоону билишпейт. Асыл тукум жылкылары бар.
а) даван* б) усун
в) түрктөр г) сактар

11. Даван падышачылыгына кытайлар биринчи жолу басып кирип жеңилип калган, ал эми тез эле убакыттын ичинде кайрадан экинчи жортуулун уюштуруп кыйынчылыктар менен басып алышкан. Кытайлар эмне үчүн экинчи жортуулду тез арада уюштурган?
а) Кошуна элдердин арасында аброюн калыбына келтирүү үчүн*
б) Даван мамлекетинен асыл тукум аргымактарды алыш үчүн
в) Индияга кеткен Улуу Жибек жолун көзөмөлдөө үчүн
г) Давандыктарды кулга айландырып, басып алуу үчүн

12. Даван мамлекетин басып алуу үчүн император У-Ди армияга кимди жетекчи кылып дайындаган?
а) Ли Гуанлини* б) Мугуаны
в) Моцайды г) Ли Линди

13. "Даван жылкыларынын" аска-таштагы сүрөттөрү Кыргызстандын кайсы жеринде жайгашкан?

а) Талас б) Ноокат

в) Алай г) Араван*

14. Хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

а) Хан-Даван согушу болгон

б) Даван мамлекетине кытайлыктардын биринчи жортуулу

в) Даван мамлекетинин өнүккөн мезгили

г) Даван мамлекетине кытайлыктардын экинчи жортуулу

д) Улуу Жибек жолунун негизделе башташы

1	2	3	4	5

15. Даван-Кытай согуштары болгон мезгилиндеги (б.з.ч. 101-99-жж) Кытай императору ким болгон?

а) У-Ди* б) Цзинь

в) Ли-Гуанли г) Тоуман

16. Б.з.ч 105-жылы кайсы кытайлык император усундар менен шериктештик түзүп, Даван мамлекетин каратып алууну көздөгөн?

а) У-Ди* б) Цзинь

в) Ли-Гуанли г) Тоуман



Император У–Ди (Б.з.ч. II-I кк)



Б.з.ч 101-ж Даван-Кытай согушу

Тема: Усун мамлекети

1. Усундар Улуу Кытай дубалынын батыш тарабында көчүп жүргөн эл болушкан. Алар Теңир-Тоо менен Жети-Суу аймагына кайсы мезгилде журт которушкан?

а) б.з.ч. 160-жылы* б) б.з.ч. 201-жылы
в) б.з.ч. 101-жылы г) б.з.ч. 103-жылы

2. Кайсы жылы сактарды жана юэджилерди талкалап Усундар Теңир-Тоого жана Жети-Сууга көчүп келишкен?

а) б.з.ч. 109-жж б) б.з.ч. 201-жж
в) б.з.ч. 160-жж* г) б.з. 603-жж

3. Усун мамлекетинин пайда болгон мезгили:

а) VIII кк. б) б.з.ч. VI кк.
в) б.з.ч. -III г) б.з.ч. II кк.*

4. Усун мамлекетинин борбору?

а) Чигу* б) Эрши в) Атбашы г) Суяб

5. Усун мамлекетинин борбору Чигу шаары Кыргызстандын кайсы аймагында жайгашкан?

а) Ысык-Көлдө* б) Ферганада
в) Таласта г) Суусамырда



Чигу шаарынын калдыгы (Б.з.ч II кк Ысык-Көл)

6. Хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

а) Жети-Сууда Усун мамлекетинин негизделиши

б) Усун мамлекети кулаган

в) Күнбаг Унгийминин бийликке келиши

г) Усун-Кытай армиясы Хунндарды талкалаган

д) Усун-Кытай союзу түзүлгөн

1	2	3	4	5

7. Усун мамлекетинин борбору Чигу шаарынын котормосу:

а) "Белгилүү шаар" б) "Кызыл өрөөндөгү шаар"*

в) " Бактылуу шаар" г) "Чоң шаар"

8. Б.з.ч. II к. Тянь-Шанды басып алган усундардын жогорку башкаруучусунун борбору Кыргызстандын кайсы аймагында жайгашкан?

а) Сыр дарыяда б) Жетисууда

в) Ысык-көлдө* г) Ферганада

9. Усун мамлекетинин башкаруучулары кандай титулду алып жүрүшкөн?

а) шанүй б) күнбий*

в) падыша г) каган

10. Ысык-Көлдүн аймагындагы кайсы шаарды кытай тарыхчысы Бань Гу тарыхта биринчи жолу эскерген?

а) Баласагун б) Эрши

в) Суяб г) Чигу*

11. Б.з.ч. 64-ж. күнбаг Фейван тактынын расмий мурасчысы деп өзүнүн кытай аялынан төрөлгөн уулу.....жарыялаган.

а) Чан-Фынды б) Юаныуймини*

в) Ли-Гуанлини г) Ли-Линди

12. Усун мамлекетинин б.з.ч I кылымдын башындагы күнбагы (башкаруучусу):

а) Мугуа б) Унгийми*

в) Модэ г) Ли Гуанли

13. «Фейван» деген эмне?
а) мамлекетти түзүүчү династиянын аталышы
б) Фейван деген бул Усундардын байыркы мифтери
в) Усун мамлекетинин өнүгүшүнө чоң салым кошкон белгилүү усун башкаруучусу*
г) Усун мамлекетин негиздеген биринчи күнбаг болгон

14. Б.з.ч. I кылымдын башталышында усундар мамлекетинин башына күнбаг Унгийми туруп, такка отурганда .....деген атка ээ болгон:
а) Күнбаг б) Фейван*
в) Каган г) Шанүй

15. Кыргызстандын аймагындагы эң байыркы мамлекет бул:
а) Усун* б) Кангүй
в) Византия г) Түргөш

16. Усундардын борбору Чигуда алардын жашоо турмушун жазып калтырган, кытай дипломаты, Улуу Жибек жолуна негиз салган инсан:
а) Чжан Цянь* б) Гао Сяньчжи
в) Сыма Цзянь г) Гаутама

17. Усун мамлекетинин борбору Чигу шаары (Ысык-Көлдө) кайсы аймакта, качан пайда болгон?
а) б.з.ч. VI к. Чыгыш Теңир-Тоодо
б) б.з.ч. V к. Фергана өрөөнүндө
в) б.з.ч. II к. Ысык-Көлдүн түштүгүндө
г) б.з.ч. III к. Кашгар аймагында

18. VI кылымда усундар кайсы мамлекеттин курамына кирген?
а) Түрк мамлекетинин* б) Карлук мамлекетинин
в) Хунн мамлекетинин г) Даван мамлекетинин

19. VI кылымда түрктөр көптөгөн аймактарды басып алышкан. Ал эми Усундар Түрк каганатына кайсы мезгилде каратылган?
а) б.з. V к. ортосу б) б.з.ч. IV к. аягы
в) б.з. VI к. ортосу* г) б.з.ч. VII к. башы

Негизги окуялар!

А) Усун мамлекети пайда болгон мезгил	Б.з.ч. II к.
Б) Усундарды Түрктөрдүн каратып алышы	Б.з. VI к. ортосу
В) Усундардын Теңир-Тоого жана Жети-Сууга көчүп келиши	Б.з.ч. 160-ж
Г) Чигу шаарынын негизделиши	Б.з.ч II к.
Д) Усундар менен Кытайлардын ортосундагы союз	Б.з.ч. 107-ж
Е) Усундар менен Кытайлардын бириккен армиясы Хунндарды талкалаган	Б.з.ч. 71-ж

Төмөнкү суроолорго жооп жазгыла:

Усун мамлекети качан түзүлгөн?

Усун мамлекетинин борбору?

"Чигу" шаарынын котормосу кандай?

Усун мамлекетинин башкаруучуларынын титулу?

Усун мамлекетинин жайгашкан аймагы?

Н. А. Аристов усундар жөнүндө эмне деп айткан?

Усун мамлекетин чарбасы кандай болгон?

Усундар VI к. ортосунда кайсы мамлекеттин курамына кирген?

Тема: Эне-Сай кыргыз мамлекети

Негизги окуялар!

1) «Кыргыз» деген этнонимдин алгачкы жолу эскерилиши	Б.з.ч. 201-ж
2) Түрктөргө каршы коалициянын түзүлүшү	709-ж
3) Суңга салгылашуусу	711-ж
4) Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгынын кыргыздарга каршы жортуулу	710-711-жж
5) Эне-Сайдагы кыргыз мамлекети биротоло кулаган	1218-ж
6) Хундардын бытырандылыгынан пайдаланган Эне-Сайлык кыргыздар көз карандылыкка жетишкен	Б.з.ч. 56-ж
7) Барсбектин тапшырмасы менен Эрен Улуктун Тибетке элчиликке баршы	710-ж
8) Тапу Алп Солдун Кытайга элчиликке барышы	843-ж

1. Алгачкы кыргыз деген аталыш качан, кимдин эмгегинде эскерилген?

а) б.з.ч. 201-ж Сыма Цяндын*
б) б.з.ч 203-ж Бан Гунун
в) б.з.ч. 209-ж Геродоттун
г) б.з.ч. 302-ж Конфуцийдин

2. Орто Азияда көптөгөн түрк элдеринин ичинен эң байыркысы болуп эсептелет:

а) Кыргыздар* б) Түрктөр
в) Түргөштөр г) Казактар

3. «Тан династиясынын жаңы хроникасы» булагында кыргыздарды кандай аташкан?

а) цзегу б) хягас
в) гянгун г) цзянь-гунь*

4. Кыргыздар кайсы цивилизацияга кирет?

а) көчмөн* б) персиялык

в) европалык г) кытайлык

5. "Кыргыздар орто азиянын эң байыркы элдеринин бири. Азыркы убакта орто азияда жашап жаткан элдердин ичинен тарыхта аты ушунча эрте жолуккан бир да эл жок болуш керек" – деп кайсы орустун окумуштуусу айткан?

а) В.В. Бартольд* б) В. Радлов

в) А. Аристов г) Ч. Валиханов

6. Б.з.ч. 99-74-жылдарда Кыргыз ээлигин башкарган кытай аскер башчысын аныктагыла:

а) Ли Гуанли б) Мугуа

в) Ли Лин* г) Бумын

7. Хундар доорундагы эң алгачкы көз карандысыз Кыргыз мамлекети кайсы мезгилде өкүм сүргөн?

а) б.з.ч 56-49-жж* б) б.з.ч. 104-99-жж

в) б.з.ч 70-45-жж г) б.з.ч. 99-74-жж

8. Хундар доорундагы кыргыздардын көз карандысыз мамлекети кайсы жылы негизделген?

а) б.з.ч. 91-ж б) б.з.ч. 174-ж

в) б.з.ч. 56-ж* г) б.з.ч. 209-ж

9. Б.з.ч. 99-ж Кыргыз ээлигин башкарууга хунндарга туткунга түшкөн Кытай аскер башчысы дайындалган. Бул башкаруучунун ысымы:

а) Ли Гуанли б) Тоуман

в) Ли Лин* г) Маодун

10. Б.з.ч. 74-жылы .....курман болгон:

а) Ли Гуанли б) Тоуман

в) Ли Лин* г) Маодун

11. Байыркы кыргыздардын калкынын негизги катмары:

а) карапайым көчмөндөр*

б) жер иштеткен карапайымдар

в) соода менен алектенгендер

г) кол өнөрчүлөр, зергерлер

12. Хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:
а) Хундардан бөлүнүп өз алдынча мамлекетти негиздешкен
б) Эне-Сай кыргыз мамлекетинин негизделиши
в) Эне-Сайга көчүп барышкан
г) Кыргыз деген этноним биринчи жолу эскерилген
д) Хун империясы негизделген

1	2	3	4	5

13. Кыргызстандын аймагында биринчи жолу шаарлардын маданияты кайсыл мамлекеттин тушунда өнүккөндүгүн аныктагыла:
а) Хунну б) Усун* в) Сак г) Даван

14. Кытай жылнаамаларында "кыргыз" деген ат төмөнкүдөй берилген.
а) цигу* б) хяргыс
в) хягас г) киликис

15. Енисей Кыргыз мамлекети канча округдан турган?
а) 9 б) 4 в) 3 г) 6*

16. Кыргыздар Эне-Сайга кайсы кылымда журт которушкан?
а) б.з. VI к б) б.з. VII к в) б.з. V к* г) б.з. IV к

17. Эне-Сайдагы Кыргыз мамлекетинин калкынын саны канча болгон?
а) 500 миң* б) 300 миң в) 100 миң г) 1 млн

18. Байыркы Енисей кыргыздарынын коңшулары кимдер болгон?
а) аздар, чиктер* б) чиктер, түргөштөр
в) аздар, кытайлар г) түрктөр, чиктер

19. Энесай кыргыздары жана түрктөр колдонгон жазууну атагыла?
а) грек б) перс в) руникалык* г) кытай

20. Хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:
а) Барсбек каган курман болгон
б) Барсбек "Ынанчы алп-билге" титулун алган
в) Түрктөргө каршы "Үчитик" союз түзүлгөн
г) Элтерис каган дүйнөдөн кайткан
д) Орхон-Энесай жазуусу пайда болгон

1	2	3	4	5

21. Төмөн жакта келтирилгендердин кайсынысы энесай кыргыздарында мамлекет калыптангандыгынын далили боло албайт?
а) Өз аймагы
б) Салык салуу системи
в) Жогорку башкаруучу
г) Калың төлөө

22. Төмөнкү алфавиттердин кайсынысын Эне-Сайлык кыргыздар колдонушкан?
а) б. з. ч. III к. кытайлыктардан үйрөнгөн иероглифтерди
б) III к. грек алфавитинин негизинде түзгөн жазууну
в) VII к. өзүлөрү түзүшкөн руна сымал жазууну*
г) VIII к. арабдар колдонушкан жазууну

23. Кытайлык кыргыз окумуштуусу Анвар Байтурдун изилдөөлөрүнө караганда кыргыз эли Эне-Сай жазуусун:
а) VII кылымдан баштап пайдаланган
б) VI кылымдан баштап пайдаланган*
в) IX кылымдан баштап пайдаланган
г) V кылымдан баштап пайдаланган

24. Барсбек каганга таандык болгон эстелик канчанчы кылымга таандык?
а) VIII кылымга*
б) IX кылымга
в) XI кылымга
г) X кылымга

25. Төмөнкү инсандардын кайсынысы Орхон-Энесай жазуусу жөнүндө алгачкы маалыматты жазып калтырган?
а) М. Жувейни*
б) В. Радлов
в) В. Бартольд
г) Ч. Валиханов

Дал келтиргиле:

1) VII к.аягы VIII к. башындагы түрк аскер башчысы	А) Сакал
2) Элтерис кагандын иниси	Б) Эрен-Улуг
3) VII к.аягы VIII к. башындагы Эне-Сай кыргыздарынын каганы	В) Тон-Йокук
4) VII к.аягы VIII к. башындагы Эне-Сай кыргыздарынын атактуу элчиси	Г) Капаган
5) 709-жылы кыргыздар менен союз түзгөн Түргөш каганы	Д) Барсбек

1	2	3	4	5

26. Эне-Сай кыргыздарынын ажосу Барсбек каган бийлик жүргүзгөн мезгилди аныктагыла:
а) VI к.аягы VII к.башы б) VII к.аягы VIII к. башы*
в) VIII к.аягы IX к. башы в) VI к.аягы IX к. башы

27. VII кылымдын аягы VIII кылымдын башындагы атактуу кыргыз элчисин белгиле:
а) Эзгене б) Могилян
в) Эрен Улук* г) Шибокюй

28. Эрен Улук элчилик сапары менен Тибетке канча жашында барган?
а) 19 б) 41 в) 38* г) 26

29. Кыргыздардын Борбордук Азиядагы саясий үстөмдүгү үчүн күрөшүн ким жетектеген?
а) Эзгене б) Истеми
в) Барсбек* г) Алп-Сол

30. Миң өзөндө табылган "Алтын-Көлдүн таш жазуулары" эпитафиясы кимге таандык?
а) Капаганга б) Күл-Тегинге
в) Барсбекке* г) Бумынга

Дал келтиргиле:

1) Түргөш мамлекетин негиздеген	А) Капаган
2) Элтерис кагандын баласы	Б) Тапу Алп-Сол
3) 843-жылы Тан империясына элчиликке барган	В) Тон-Йокук
4) кыргыз-түрк согушу мезгилиндеги түрк каганы	Г) Үч-Элиг
5) Экинчи Чыгыш Түрктөрүнүн аскер башчысы	Д) Күлтегин

1	2	3	4	5

31. Суңга токоюндагы салгылашуу качан болгон?
а) 709-ж б) 712-ж в) 711-ж* г) 716-ж

32. Эне-Сай кыргыздары 711-жылы Суңга токоюнда кимдер менен согушкан?
а) Батыш түрктөр менен
б) Экинчи Чыгыш түрктөрү менен*
в) Цин империясы менен
г) Түргөш кагандыгы менен

33. "Барсбек болду. Биз ал кырдаалда ага каган даражасын ыроолодук жана ага менин карындашымды бердик" – деп кимге арналган таш эстелигинде жазылган?
а) Барсбекке арналган ташта
б) Күлтегинге арналган ташта*
в) Элтериске арналган ташта
г) Тон-Йокукка арналган ташта

34. VIII кылымдын башында Барсбектин Борбордук Азияга үстөмдүк кылууга аракети эмне менен аяктаган?
а) жеңиш менен б) келишим түзүү менен
в) жеңилүү менен* г) Суңгада бийлигин орнотуу менен

35. Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгынын кыргыздарга каршы жортуулу кайсы жылдары болгон?

а) 698-699-жж б) 710-711-жж*

в) 712-713-жж г) 715-717-жж

36. VIII кылымдын башында Энесай кыргыздарынын күчтүү душманы кайсы мамлекет болгон?

а) Улуу Түрк кагандыгы

б) Карлук мамлекети

в) Кытай мамлекети

г) Экинчи Түрк кагандыгы*

37. Кыргыз, кытай жана түргөштөрдүн биримдиги качан түзүлгөн?

а) 700-ж б) 705-ж в) 715-ж г) 709-ж*

38. 709-жылы кимдер Барсбектин демилгеси менен Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгына каршы союз түзүшкөн?

а) Арабдар жана Тибет

б) Кидандар жана Татарлар

в) Түргөштөр жана Кытайлар*

г) Түргөштөр жана кыпчактар

39. Эне-Сайдагы кыргыз мамлекети биротоло кулаган жыл?

а) 1366-ж б) 1237-ж

в) 1218-ж* г) 1293-ж



Кыргыз жоокерлери

40-41-суроолор: төмөн жакта келтирилген маалыматка тиешелүү:

....Хягастар (Кыргыздар) ....Жайында топурагы саздак: кышында кар көп. Аялдар узун бойлуу, чачтары сары, беттери кызыл, көздөрү көк.....Эркектери кулагына шакек тагынышат. Намыскөй жана чыдамдуу келишет.....

Таруу, арпа, буудай жана Гималай арпасын эгишет. Унду кол тегирменге - жаргылчакка тартышат.....Шарапты боткодон ачытышат. Дарак мөмөлөрү да, жашылчалары да жок. Жылкылары москоол жана бойлуу. Төөлөрү менен уйлары бар, бирок көбүнесе уй менен кой багышат.....Алтыны, темири, калайы бар...Жасаган куралдары аябагандай курч: аларды такай түрктөргө алып барышат. Согушта жаа менен жебелерди колдонушат. Өкүмдарын ажо деп аташат.....Киш менен сүлөөсүн терисинен тигилген баш кийимдерди кийишет. Ажо кышкысын Киш терисинен тигилген тумакты, жайкысын алкагы алтын, төбөсү шоңдогой, асты бүгүлгөн калпак киет.Аялдардын кийгени Парфия менен Бактриядан келген жүн жана жибек кездемелерден тигилген көйнөктөр. Ажонун турагы Кара тоонун этегинде. Анын конушу тегерете мамылар менен курчалган. Үйү - кийиздер менен капталган чатыр....Аскери бардык жаш курактагы жоокерлерден түзүлөт. Жасак төлөөчүлөр (алык-салыкчылар) салыкты киш жана тыйын чычкан териси менен төлөшөт.
Кызмат адамдары 6 даражага бөлүнүшөт: министрлер, жогорку башчылар, башкаруучулар, иш жүргүзүүчүлөр, башчылар жана дагандар. Алардын баары аскерди башкарышат.
Жегени эт, ичкени жылкынын сүтү.....Үйлөнгөндө калыңды жылкы жана кой менен төлөшөт. Байлар жүз баштан миң башка чейин мал беришет.
Хягас....ээлеген аймагы боюнча түрк өкүмдарлыгына барабар келчү. Түрк үйү алардын аксакалдарына өз кыздарын берчү.

40. Жогорудагы маалыматта энесай кыргыздарынын кайсы мезгили көрсөтүлгөн?

а) III-V кк.
б) V-VI кк.
в) VIII-IX кк*
г) X-XI кк.

41. Жогорудагы булакта төмөнкүлөдүн кайсынысы жөнүндө сөз болгон жок?

а) Таруу, арпа, буудай жана Гималай арпасын эгишет
б) Өкүмдарын (башкаруучусун) ажо деп аташат
в) Аялдары Бактриядан келген жибектен көйнөк кийишет
г) негизги тамак ашы, мөмө-жемиштер жана гүрүч эсептелет*

42. Кайсы перс (Фарс) тарыхчысы Эне-Сай кыргыздарынын отко сыйынаарына өзгөчө көңүл бөлгөн?
Ал: "Индиялыктар сыяктуу эле кыргыздар да маркумдун сөөгүн өрттөп жиберишет. От эң таза нерсе; отко түшкөндүн баарысы тең арууланып тазаланат. Өлгөн адамды да от кирден жана күнөөдөн арылтат деп айтышат".
а) Гардизи* б) Күл-Тегин
в) Абу-Дулаф г) Ибн Хордодбек

43. Перс тарыхчысы Гардизи кыргыз бакшысын кандай атаган?
а) Фагинун* б) Бакшы
в) Арбак г) Теңирчи

44. "Кыргыздардын жаза турган каламы бар" – деп кайсы араб саякатчысы жазып калтырган?
а) Гардизи б) Күл-Тегин
в) Абу-Дулаф* г) Ибн Хордодбек

45. Энесай кыргыздары отурукташкан эл болуп, чарбасы комплекстүү болгон деген көз караштагы окумуштуулар:
а) В. Бартольд, А. Бернштам Ю. Худяков
б) Л. Гумилев, Д. Савинов, Л. Казыласов*
в) В. Бутанаев, В. Бартольд, А. Бернштам
г) Л. Казыласов, А. Бернштам, Ю. Худяков

Жооп жазгыла:

1. Он төрт таш жазуу эстеликтери Кыргызстандын кайсы аймагынан табылган?

_____

2. Эмне үчүн "Руна сымал жазуу" деп аташкан?

_____

3. Енисейдеги кыргыз жазуулары XIX кылымдын аягында кайсы окумуштуулар тарабынан окулган?

_____

Улуу Жибек Жолу

1. Улуу Жибек жолу деген эмне?
а) чексиз бакыттын өлкөсүнө карай жол
б) соодагерлер жибек кездемелерин жашыруун алып өткөн жол
в) Кытайды, Орто Азияны жана Жер Ортолук деңиздин чыгыш жагын байланыштырган жол*
г) Америка менен Европаны бириктирген деңиз жолу

2. Кыргызстан үчүн Улуу Жибек жолу кандай пайда алып келген?
а) Кыргызстандын аймагындагы бардык элдер байып кетишкен
б) Кыргызстандын аймагындагы элдер соодагерлерди тоноп байыган
в) Кыргызстандын аймагындагы элдер биринчи жолу жибекти көрүшкөн
г) Жаңы шаарлар, чептер пайда болуп, соода дүркүрөп өнүккөн*

3. Улуу Жибек жолу канчанчы кылымда негизделген?
а) б.з.чейинки III кылымда
б) б.з.чейинки II кылымда*
в) б.з.чейинки I кылымда
г) б.замандын V кылымда

4. Б.з.ч II кылымда Улуу Жибек жолун кайсы кытайлык саякатчы ачкан?
а) Сыма Цянь
б) Чжан Цянь*
в) Геродот
г) Конфуций

5. Ысык-көл жана Суяб аркылуу кеткен Улуу Жибек жолунун бир бутагы:
а) Памир-Алай
б) Чүй*
в) Фергана
г) Тибет

6. Орто Азияны, Чыгыш түркстанды Эне-Сай өрөөнү менен бириктирген жол илимде кандай аталат?
а) Кытай жолу
б) Уйгур жолу
в) Кыргыз жолу*
г) Түрк жолу

7. XV кылымдын аягында Улуу Жибек жолундагы сооданын начарлашына эмне себеп болгон?

а) кытайда жибек кездемелердин түгөшү
б) Каракчылардын көбөйүп кетиши
в) монголдордун Европаны басып алышы
г) деңиз жолдорунун ачылышы*

8. Улуу Жибек жолу кайсы мезгилде маанилүү ролду ээлеген?

а) б.з.ч VI к.аягы – б.з.VII к.башы
б) б.з.ч II к. – б.з. XVк. аягы*
б) б.з.ч VII к. – б.з. VIII к. башы
в) б.з.ч III к. –б.з IX к. башы

9. Кыргызстанда Улуу Жибек жолунун эстелиги катары кайсы кербен сарай сакталып калган?

а) Бабурдун үйү
б) Таш-Рабат*
в) Бурана мунарасы
г) Кошой-Коргон

10. Эмне үчүн "Жибек жолу" деп аталып калган?

а) алгач бул жолдо жибек ташылгандыгы үчүн*
б) Кытайдын жибек өндүргөн жеринен башталгандыгы үчүн
в) Европада жибек жок болгондугу үчүн
г) жогорудагылардын баары туура

Улуу жибек жолунун тарыхый мааниси жөнүндө кыскача эссе жазгыла:

Тапшырмалар:

Төмөндөгү таблицаны толтургула:

Өлкө	Мезгили	Башкаруучулары	Борбор шаары
Сактар			
Усун мамлекети			
Хун империясы			
Даван мамлекети			
Эфталит мамлекети			
Түрк мамлекети			
Батыш Түрк кагандыгы			
II Чыгыш Түрк кагандыгы			
Түргөш мамлекети			
Карлук мамлекети			
Уйгур мамлекети			
Улуу Кыргыз дөөлөтү			
Караханийлер мамлекети			
Селжук мамлекети			
Хорезм шахтыгы			
Бухара эмирлиги			

II Бөлүм: 6-класс Дүйнө тарыхы

1. Борбордук Азиядагы байыркы көчмөн цивилизацияларды белгилегиле:
а) Сактар, Динлиндер, Перстер
б) Усундар, Тохарлар, Кытайлар
в) Сактар, Усундар, Хундар*
г) Кушан, Даван, Усундар

2. Борбордук Азиядагы отурукташкан цивилизациялар:
а) Даван, Бактрия, Парфия, Согдиана*
б) Даван, Кытай, Усун, Сак
в) Хунндар, Усундар, Сактар
г) Греко-Бактрия, Хунндар, Усундар

3. Намазга-Тепе жана Алтын-Тепе шаар калдыктары Орто Азиядагы кайсы мамлекеттин аймагынан табылган?
а) Кыргызстан б) Өзбекистан
в) Түркмөнстан* г) Казакстан

4. Намазга-Тепе шаар калдыгын .....изилдешкен:
а) Б.А.Куфтин, В.М.Массон*
б) В. Бартольд, Б. Бернштам
в) Ю. Заднепровский, В. Радлов
г) Б. Бернштам, В. Радлов

5. Борбордук Азиядагы эң байыркы мустье дооруна таандык эстелик кайсыл жерден табылган?
а) Тешик-Таш б) Фергана
в) Намазга-Тепе* (энеолит) г) Топрак-кала

6. Шаар тибиндеги кыштактар Борбордук Азияда.....пайда болгон:
а) Б.з.ч 3 миң жылдыкта* б) Б.з.ч 2 миң жылдыкта
в) Б.з.ч 1 миң жылдыкта г) Б.з.ч 5 миң жылдыкта

7. Андронов маданиятынын өкүлдөрү кандай чарба жүргүзүшкөн:
а) балык уулоо б) дыйканчылык
в) кол өнөрчүлүк г) мал чарбачылык*

8. Андронов маданиятынын алгачкы эстелиги кайсы жердлен табылган?

а) Самарканддагы Чуст кыштагынан
б) Сибирдеги Андронов кыштагынан*
в) Кыргызстандагы Сел-Үңкүрдөн
г) Казакстандагы Алмата шаарынан

9. Андронов маданиятын изилдеген археолог:

а) В.М.Массон
б) Ю. Заднепровский
в) В. Бартольд
г) С. А. Теплоухов*

10. Андронов урууларынын маданияты өкүм сүргөн мезгилди аныктагыла:

а) б.з.ч. XX-XVI кк.
б) б.з.ч. XX-XVII кк.
в) б.з.ч. XV-XIII кк.
г) б.з.ч. XVII-IX кк.*

11. Өзбекстандын Наманган облусундагы кайсы кыштактан коло дооруна таандык маданияттын эстеликтери табылган?

а) Андрон кыштагы
б) Чуст кыштагы*
в) Намазга-Тепе кыштагы
г) Алтын-Тепе кыштагы

12. Чуст маданиятынын өкүлдөрү кандай чарба жүргүзүшкөн?

а) балык уулоо
б) дыйканчылык*
в) кол өнөрчүлүк
г) мал чарбачылык

13. Зороастризм дининин ыйык китеби?

а) "Авеста"*
б) Махабхарата
в) Ригведа
г) Ясна

14. Борбордук Азиянын тарыхын чагылдырган тарыхый булакты көрсөткүлө?

а) Бабур нааме
б) Тарых-и-Шахрухи
в) "Авеста" китеби*
г) Кут-алчу билим

15. Кайсы китепте Борбордук Азиянын отурукташкан жана көчмөн чарбалар, алардын өз-ара мамилелери жөнүндө конкреттүү маалыматтар берилет?

а) "Авеста"*
б) Махабхарата
в) Ригведа
г) Ясна

16. Байыркы Хорезм жөнүндө кайсы булакта кеңири берилген?

а) Бабур нааме
б) Тарых-и-Шахрухи
в) "Авеста" китеби*
г) Кут-алчу билим

17. Б.з.ч VII кылымда борбордошкон Хорезм мамлекети негизделген. Анын бобору кайсы шаар болгон?

а) Афросиаб
б) Кузаликыр*
в) Кангүй
г) Баласагун

19. Байыркы Хорезм калкы эмне менен алектенген?

а) мал чарбачылык
б) дыйканчылык*
в) аң улоочулук
г) балык улоочулук

18. Байыркы Хорезм мамлекетинен калган шаар калдыктары:

а) Намазга-Тепе жана Алтын-Тепе
б) Калалкир жана Топрак-Кала*
в) Сел-Үңкүр жана Саймалуу-Таш
г) Сасык-Үңкүр жана Капчыгай

20. Бактрия мамлекетиндеги экинчи чоң шаар Мараканда азыркы.....шаары:

а) Бухара
б) Самарканд*
в) Наманган
г) Фергана

21. Б.з.ч I миң жылдыкта байыркы Бактрия мамлекетинде кайсы шаарлар пайда болгон?

а) Мараканда, Кира, Мерв, Окса, Ай-Ханум, Кызыл-Тепе*
б) Бактар, Кузаликыр, Афрасиаб, Намазга-Тепе, Алтын-Тепе
в) Битян, Фанней, Суяб, Баласагун, Эрши, Чигучен
г) Самарканд, Мерв, Бухара, Чымкент, Алмата

22. Б.з.ч VI кылымда Бактрия мамлекетин кимдер басып алган?

а) Ахеменидер*
б) А. Македонский
в) Кушан мамлекети
г) Кытайлар

23. Б.з.ч 312-255-жылдарда Бактрия кайсы мамлекетке көз каранды болуп турган?

а) Кушан мамлекетине
б) Селевкид мамлекетине*
в) Перс падышачылыгына
г) Кытай империясына

26. Греко-Бактрия мамлекетинин негиздөөчүсү:

а) Кудзулла Кадфиз
б) Канишка
в) Вима Кадфиз
г) Диодот*

27. Греко-Бактрия мамлекетин кимдер басып алышкан?

а) Кушан мамлекети*
б) Селевкид мамлекети
в) Перс падышачылы
г) Кытай империясы

28. «Согд» аталышы биринчи жолу кайсы жерде эскерилген?

а) Перс булактарында
б) Ыйык Авеста китебинде*
в) Араб булактарында
г) Ши-цзи эмгегинде

29. Байыркы Согду мамлекетинин борбору:

а) Бухара
б) Самарканд
в)Наманган
г) Афросиаб*

30. Согдулуктардын негизги чарбасы.....болгон:

а) мал чарбачылык
б) дыйканчылык*
в) аң улоочулук
г) балык уулоочулук



Греко-Бактрия тыйындары

Тема: Хундардын көчмөн империясы

1. Борбордук азиядагы биринчи көчмөндөрдүн Хун империясы кайсы мезгилде түзүлгөн?

а) б.з.ч. V-IV кк
б) б.з.ч. III-II кк*
в) б.з.ч. II-I кк
г) б.з.ч. I-кк

2. Модэ козголоң уюштуруп, бийликтин толук ээси болуп калды. Бул окуя кайсы жылы болгон?

а) б.з.ч. 209-жылы*
б) б.з.ч. 207-жылы
г) б.з.ч. 201-жылы
г) б.з.ч. 204-жылы

3. "Мен жерди эч кимге бербейм. Жер – бул мамлекеттин негизи". Бул сөздөр кимге таандык?

а) Модэге *
б) Мугуага
в) Огуз каганга
г) Тоу Манга

4. Зароастризм динининн ыйык китеби "Авестада" эскерилген Борбордук Азиядагы көчмөндөрдүн аталышы:

а) хундар*
б) турлар
в) номаддар
г) сарматтар

5. Алгачкы Хун падышасы Тоу-Ман кандай титулду алып жүргөн?

а) күнбаг
б) шанүй*
в) ажо
г) каган

6. Кайсы Хун башкаруучусу аскерлери үчүн «ышкырып учуучу» жебелерди ойлоп тапкан?

а) Модэ *
б) Мугуа
в) Чжи-Чжи
г) Тоу Ман

7. Б.з.ч. 174-ж. каза болгон:

а) Модэ шанүй*
б) Мугуа
в) Чжи-Чжи
г) Тоу Ман

8. Биринчи көчмөндөр империясын кимдер түзгөн?

а) Хунндар*
б) Кыргыздар
в) Сактар
г) Карлуктар

9. Хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:
а) Хундар кыргыздарды басып алган
б) Хундар "Байден" буктурмасында Кытайларды жеңген
в) Чжи-Чжи шанүйдүн бийликке келиши
г) Хун империясы экиге бөлүнүп кеткен
д) Көчмөндөрдүн алгачкы Хун империясы түзүлгөн

1	2	3	4	5

10. "БАЙДЕН" буктурмасы хунндардын кимдер менен болгон согушунан кабар берет?
а) йүэчжилер б) кыргыздар
в) түрктөр г) кытайлар*

11. Б.з.ч. 198-жылы Байден буктурмасынан кийин хунндар менен кытайлар "тынчтык менен тууганчылыкка негизделген келишим" түзүшкөн. Бул келишим кимдерге көбүрөөк пайда алып келген?
а) кытайларга
б) хунндарга*
в) бул тең келишим болгон
г) бул келишим иш жүзүнө ашкан эмес

12. Кайсы шанүйдүн мезгилинде Борбордук Азиядагы хунндар күч кубаттуу мамлекетке айланган?
а) Бумын кагандын б) Барсбек кагандын
в) Модэ шанүйдүн* г) Чжи-Чжи шанүйдүн

13. Хуннулардан коргонуу үчүн "Улуу Кытай дубалын" курдура баштаган кытай императорун көрсөткүлө:
а) Ли Лин б) Ли Гуанли
в) Цинь-Шихуан* г) Моцай

14. Биздин заманга чейин кайсы жылы Хунндардын империясы экиге бөлүнгөн?
а) Б.з.ч 41-жылы б) Б.з.ч 51-жылы*
в) Б.з.ч 61-жылы г) Б.з.ч 71-жылы

15. Байыркы түрк тилдүү калктардын орток ата-бабалары кимдер болгон?

а) хунндар б) сактар
в) перстер г) тохарлар

16. Европада Аттиланын гунн державасы кулагандан кийин (V к.) ага баш ийген Дондон Түндүк Кавказга чейинки уруулардын бөлүгү Орто Азияга көчө баштаган. Перстер аларды кандай аташкан?

а) "кызыл гунндар"* б) "ак гунндар"
в) "сары хунндар" г) "хунндар"

17. Хунндардын алгачкы мекени деп азыркы кайсы аймактар аталат?

а) Теңир-Тоо аймагы
б) Азыркы Казакстандын аймагы
в) Монголиянын аймагы*
г) Чыгыш Сибирь аймагы

18. Хунндардын чыгыш жактагы коңшулары кайсы уруулар болгон?

а) Йүечжилер б) Дунхулар*
в) Кыргыздар г) Динлиндер

Төмөнкү суроолорго жооп жазгыла:

1. Хундардын көчмөн империясы кайсы мезгилде түзүлгөн?

2. "Мен жерди эч кимге бербейм" – деп ким айткан?

3. Кайсы шанүйдүн мезгилинде хунндар күч кубаттуу болушкан?

4. Хундардын негизги чарбасы?

5. Хун империясынын аймактары?

6. Атилла деген инсан ким болгон?

7. "Байден" буктурмасында Хундар кимдерди талкалаган?

8. Чжи-Чжи деген инсан ким болгон?

Гунн, Каңгүй жана Эфталит мамлекеттери:

1. Сыр – Дарыянын грек маалыматтарында аталышы:
а) Йенчу-Огуз б) Йакшарт
в) Яксарт* г) Окс

2. Окс, Яксарт дарыяларынын бүгүнкү аталыштары?
а) Кызылсуу, Көксуу б) Амударыя, Сыр дарыя*
в) Нарын, Ак-буура г) Инди жана Ганга

3. Элдердин улуу көчү мезгили?
а) б.з. II-IV кк. б) б.з.ч. V-VI кк.
в) б.з.II-V кк.* г) б. з. III-VII кк.

4. Гунндардын жол башчысы Рим империясына кол салган аны Батыш Европада "Кудайдын каары" деп аташкан:
а) Моде б) Тоу-Ман
в) Атилла* г) Ли Лин

5. Гунндарды Аттила башкарган мезгилди белгиле:
а) 434-453-жж* б) 400-453-жж
в) 541-599-жж г) 201-300-жж

6. Атилланын аскеринин саны канча миңге жеткен?
а) 200 миң б) 700 миң* в) 100 миң г) 300 миң

7. 451-жылы Батыш Рим империясы менен Гунндардын ортосундагы салгылашуу кайсы жерде болгон?
а) Парижге жакын Каталаун талаасында*
б) Ла-Манш кысыгында
в) Фракиянын аймагында
г) Константинопол шаарында

8. Бледа ким болгон?
а) Рим аскер башчысы б) Атилланын бир тууганы*
в) Гундардын шанүйү г) Кытай саякатчысы

9. 445-жылы Атилла кимди өлтүрүп гунндарды жалгыз башкарууга өткөн?
а) Рим аскер башчысын б) бир тууганы Бледаны*
в) Рим императорун г) кытай саякатчысын

10. Кушан мамлекети качан негизделген?

а) Б.з.ч 121-120-жж б) Б.з.ч 140-130-жж

в) Б.з.ч 123-112-жж г) Б.з.ч 120-110-жж

11. Кушан мамлекетин негиздөөчүсү?

а) Кудзулла Кадфиз* б) Канишка

в) Вима Кадфиз г) Кушини

12. Кушан мамлекети кайсы падышанын мезгилинде күчтүү мамлекетке айланган?

а) Кудзулла Кадфиз б) Канишка*

в) Вима Кадфиз г) Кушини

13. Кушан мамлекети качан кулаган?

а) б.з. V к.* б) б.з. III к.

в) б.з. VII к. г) б.з. VI к.

14. Каңгүй мамлекети жашаган мезгилди белгиле:

а) б.з.ч. III - б.з. V кк.* б) б.з.ч. II - б.з. V кк.

в) б.з.ч. V - б.з. V кк. г) б.з.ч. IV- б.з. VI кк.

15. Каңгүй мамлекети кайсы мезгилде күчтүү мамлекетке айланган?

а) б.з. III - V кк. б) б.з. I -III кк.*

в) б.з. V -VII кк. г) б.з. IV-VI кк.

16. Каңгүй мамлекетинин борбор шаары:

а) Суяб б) Битян –Фанней*

в) Чигучень г) Эрши

17. Төмөндөгү мамлекеттердин кайсынысында эки борбор шаар болгон?

а) Усун б) Каңгүй*

в) Даван г) Түрк

18. Б.з.ч 44-жылы Каңгүй мамлекети хунндар менен биргеликте кайсы шаарды талкалашкан?

а) Суяб б) Битян

в) Чигучень* г) Эрши

19. Эфталиттердин негизги чарбачылыгы:

а) мал чарбачылык б) дыйканчылык*

в) аң улоочулук г) балык уулоочулук

Түрк мамлекеттери

1. "Түрк" деген сөз эмнени түшүндүрөт?

а) "күчтүү бекем"*
б) "бийик" "күчтүү"
в) "кара тору"
г) "эркүү"

2. Төмөндөгү булактардын кайсынысында 546-жылы "түрк" этноними биринчи жолу эскерилген?

а) Индиялык
б) Персиялык
в) Гректик
г) Кытайлык*

3. Борбордук Азиядагы империя – Улуу Түрк каганаты кайсы жылы түзүлгөн?

а) 512-ж
б) 542-ж
в) 532-ж
г) 552-ж*

4. VI кылымда Борбордук Азияда жуан-жуандар менен түрктөрдүн ортосундагы согуштун жүрүшүндө Түрк кагандыгы түзүлгөн. Жеңишке жетишүүгө түрктөргө аскердин жаңы түрүн жаратуу жардам берген. Төмөндөгү варианттардын кайсынысы буга туура келет?

а) Темир жабдык менен корголгон атчан аскер*
б) Жаалар менен куралданган жеңил атчан аскер
в) Ок атуучу куралы бар жөө аскер
г) Согуштук ат арабалар

5. 552-жылы Улуу Түрк кагандыгын ким негиздеген?

а) Бумын*
б) Томирис
в) Барсбек
г) Истеми

6. Түрк кагандыгы качан түзүлгөн жана аны ким негиздеген?

а) 552-ж Бумын каган*
б) 603-ж Истемин каган
в) 682-ж Элтерис каган
г) 744-ж Элетмиш Билге каган

7. Түрк кагандыгын негиздеген Бумын кандай титулга ээ болгон?

а) жабгу-каган
б) илги-каган
в) эл-каган*
г) күнбий

8. Хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:
а) Мухан кагандын бийликке келиши
б) Истеминин Иранга элчилик жибериши
в) Улуу Түрк кагандыгынын түзүлүшү
г) Истеминин курман болушу
д) Биринчи жолу түрк этниминин эскерилиши

1	2	3	4	5

9. Түрк каганаты 552-жылы кайсы мамлекеттин ордуна пайда болгон?
а) Даван б) Юэчжи
в) Авар (Жужан)* г) Усун

10. Түрк кагандыгы кайсы аймакта жайгашкан?
а) Монголия б) Борбордук Азия*
в) Сибир аймагы г) Сыр Дарыя

11. Ашина уруусунун жетекчилиги астында V к. орто ченинде түзүлгөн Алтай уруулар союзу кабыл алган этноним:
а) Түркмөн б) Түрк*
в) Түрк-эл г) Коман

12. Борбордук азиядагы түрк урууларынын орто кылымдарда пайда болгон бүткүл Евразиялык биринчи держава.....деп аталат:
а) Түрк* б) Түргөш
в) Карлук г) Кыргыз

13. "Каганат" деген эмне?
а) үлүш, княздын ээлиги
б) мамлекет, уруунун ээлиги
в) ээлик, кагандын мамлекети*
г) мамлекеттин башкаруучусу

14. Б.з. VI к. ортосунда түрк урууларынын аскердик-саясий союзу түзүлгөн аймакты аныктагыла:

а) Чыгыш Түркстан б) Алтай*

в) Енисей г) Нарын

15. Алтайда түрктөрдүн уруулар бирикмесин негиздешкен Ашина уруусунан чыккан ага-инилерди белгилегиле:

а) Аттила, Модэ б) Бумын, Истеми*

в) Капаган-Элтерис г) Ли-Гуанли, У-Ди

16. Түрк кагандарынын династиясынын жазма булактардагы аталышы:

а) эфталит б) Дешти-кыпчак

в) Сансыз түрк г) Көк түрк*

17. Төмөнкүлөдүн кайсынысы түрктөрдүн желегинде түшүрүлгөн?

а) Ашина түлкүсү б) ай балтанын сүрөтү

в) жыландын сүрөтү г) карышкырдын башы*

18. Төмөн жакта келтирилген даталардын кайсынысы Түрк кагандыктарынын биринин да түзүлүшүнө тиешеси ЖОК?

а) 552-ж б) 744-ж в) 751-ж* г) 766-ж

19. Грек тарыхчысы Геродот түрк деген аталышты өз эмгегинде кандайча эскерет?

а) аргипеи в) йурки

в) исседоны г) скутхии*

20. Түрктөрдүн коңшулаш уруулларга кол салып турушунун башкы максаты эмне болгон?

а) Борбордук Азияга үстөмдүк кылуу*

б) коңшулардын малдарын ээлеп алуу

в) туткундарды колго түшүрүү жана аларды кулга айландыруу

г) Орто-Азиядагы кыргыздарды каратуу

21. Мифологиялык түшүнүктөр боюнча түрктөр өздөрүнүн ата-бабаларын ким деп эсептешет?

а) Теңир б) Истеми в) Ашина* г) Умай-Эне

22. Борбордук Азиядагы Улуу Түрк кагандыгы экиге качан бөлүнүп кеткен?

а) 630-ж б) 568-ж в) 603-ж* г) 679-ж

Негизги окуялар!

1) Улуу Түрк кагандыгынын түзүлүшү	552-ж
2) Улуу Түрк кагандыгынын экиге жиктелиши	603-ж
4) Мухан кагандын бийлик жүргүзгөн мезгили	553-572-жж
3) Таспар кагандын бийлик жүргүзгөн мезгили	572-581-жж
5) Түрктөр менен Ирандыктардын тынчтык келишими	571-ж
6) Сакал каган менен Барсбектин курман болушу	711-ж
7) Тон Жабгу кагандын башкаруусу	618-630-жж
8) Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгынын түзүлүшү	682-ж
9) Түрктөргө каршы каолициянын түзүлүшү	709-ж
10) Истеми кагандын курман болушу	575-ж

Түрк каганатынын башкаруучулары!

Башкаруучу	*Башкарган мезгили*
1) Бумын каган	552-553-жж
2) Кара Ысык каган	553-ж
3) Мухан каган	553-572-жж
4) Таспар каган	572-581-жж

23. Түрк кагандыгы Чыгыш жана Батыш кагандыктарга качан бөлүнгөн?

а) 630-ж б) 558-ж в) 603-ж* г) 679-ж

24. Истеми каган (VI к.) башкарган уруулар бирикмеси:

а) Чыгыш Түрктөр
б) Он ок будун*
в) Кыргыздар
г) Калуктар

25. Хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

а) Таспар кагандын бийликке келиши
б) Истеми кагандын Византияга элчи жибериши
в) Мукан кагандын кыргыздарды өзүнө каратуусу
г) Эфталиттер мамлекетинин кыйрашы
д) Түрк кагандыгынын экиге жиктелиши

1	2	3	4	5

26. Улуу Түрк кагандыгында VII кылымдын башында орун алган ич ара талаштардын натыйжасында:

а) Кыргыз кагандыгы менен согуш башталган
б) Түрк кагандыгы экиге ыдырап кеткен*
в) Түрктөр кучтүү мамлекетке айланышкан
г) Түргөштөр Түрк кагандыгын басып алышкан

27. Төмөндөгү өлкөлөрдүн ичинен кайсынысы VII к. башында "Он ок эли" деп аталган?

а) Кыргыз кагандыгы
б) Чыгыш Түрк кагандыгы
в) Батыш Түрк кагандыгы*
г) Түргөш кагандыгы

28. Батыш Түрк каганатынын элдик тилде аталышы төмөнкүдөй:

а) Он бир ок эли
б) Алты ок эли
в) Жети ок эли
г) Он ок эли*

29. Элтерис кагандын балдары Билге менен Күлтегиндин урматына жазылган текст кайсы жазуу түрү менен жазылган?

а) согдиялык
б) руна сымал*
в) иероглиф жазуусу
г) араб жазуусу

Дал келтиргиле:

1) Түрк мамлекетин негиздеген инсан	А) Кытайлар
2) Батыш Түрк каганатынын белгилүү башкаруучусу	Б) Бумын каган
3) Түргөш мамлекетинин белгилүү башкаруучусу	В) Тон Жабгу каган
4) Жети-Суудагы түрк мамлекеттеринин борбору	Г) Сулук-Чабыш Чор
5) Биринчи Чыгыш Түрк кагандыгын басып алышкан	Д) Суяб

1	2	3	4	5

30. Алтайда ашина уругунун беги Бумынга союздаш болуу максатында кайсыл кытай падышалыгы элчи жөнөткөн?

а) Чыгыш Вей падышалыгы
б) Батыш Вей падышалыгы*
в) Түштүк Сун династиясы
г) Түндүк Сун династиясы

31. Улуу Түрк кагандыгына Түндүк Кытайдагы мамлекеттер салык катары эмне жөнөтүп турууга милдеттүү болгон?

а) фарфорду б) жибекти*
в) компасты г) кагазды

32. Түрктөр VI кылымда кайсы өлкө менен түз соода байланышын жүргүзүүгө аракет кылган?

а) Византия* б) Кытай
в) Афганистан г) Россия

33. Истеми кагандын хан ордосу Кыргызстандын кайсыл аймагында жайгашкан?

а) Ысык-Көлдө* б) Алтай тоосунда
в) Жалал-Абадда г) Алматада

34. Түрк каганатынын атынан Иран шахы Ану Ширванга 567-жылы жөнөтүлгөн элчиликтин жетекчиси ким болгон?

а) Земарх
б) Тагма тархан
в) Маниах*
г) Тарду Боке

35. Истеми кагандын атынан Император Юстиниан II ге 568-жылы жөнөтүлгөн элчиликтин жетекчиси ким болгон?

а) Земарх
б) Тагма тархан
в) Маниах*
г) Тарду Боке

36. Эмне үчүн VI кылымда түрк каганы Истеминин Византияга жиберилген элчилигин согдиялык Маниах баштап барган?

а) Маниах Истеминин оң колу болгон жана ал көп тил билген
б) Маниах византияда көптөгөн жылдар бою жашаган
в) Түрктөрдөн жакшы дипломат боло алышкан эмес
г) Маниах Византияга барчу соода кербен жолдорун жакшы билген*

37. Византиядан Түрк каганатына 569-жылы жөнөтүлгөн элчиликти ким жетектеп келген?

а) Земарх*
б) Элтерис
в) Маниах
г) Истеми

38. Түрктөр Иранга каршы кайсыл мамлекет менен союз түзгөн?

а) Византия*
б) Кытай
в) Кушан
г) Эфталит

39. Түрк каганатынын аскерлери Иран менен бирдикте VI кылымдын орто ченинде Орто Азиядагы кайсыл күч-кубаттуу мамлекетти талкалашкан?

а) Кангүй
б) Эфталит*
в) Даван
г) Карлук

40. Тон Жабгу кагандын бийлик жүргүзгөн мезгили:

а) 618-622-жж
б) 600-611-жж
в) 682-693-жж
г) 618-630-жж

41. Кыргызстандын аймактары аркылуу 630-жылы саякат кылып өткөн белгилүү кытай монахы, окумуштууну аныктагыла:

а) Сюань Цзан*
б) Сыма Цянь
в) Ли Гуанли
г) У-Ди

42. Борбордук Азиянын ири бөлүгү, анын ичинде Жети-Суу, Тянь-Шань, Фергана жана Чыгыш Түркстан.....мамлекеттин курамында турган:

а) Чыгыш Түрк
б) Батыш Түрк*
в) Түндүк түрк
г) Түргөш

44. Батыш Түрк каганатынын борбору Суяб шаары кайда жайгашкан?

а) Фергана өрөөнүндө
б) Таласта
в) Байкал көлүнүн жанында
г) Чүй өрөөнүндө*

43. *"Ал эч нерседен тартынбаган баарын алдын ала билген, көрөгөч адам болгон. Анын ар кандай кармашуусу, жеңиш менен аяктаган",* - деп кытай жазма булактары кайсы түрк каганы жөнүндө жазып калтырышкан?

а) Истеми каган
б) Бумын каган
в) Тон Жабгу каган*
г) Мухан каган

45. Батыш Түрк каганатын түрктөрдүн кайсы уруусу талкалаган?

а) Түргөштөр*
б) Карлуктар
в) Уйгурлар
г) Чигилде

46. Түрктөр алгач кайсы жазууну колдонушкан?

а) Согду*
б) Руна сымал
в) Криллица
г) Орхон-Энисей

47. Улуу Түрк кагандыгынан бизге жткен жападан жалгыз эпитафиялык эстелик бул:

а) Күлтегениге арналган таш мамы
б) Таспар каганга арналган моло таш*
а) Билге каганга арналган эпитафия
б) Барсбек каганга арналган эпитафия

Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгы

1. Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгы качан, ким тарабынан негизделген?

а) 552-жылы Бумын каган
б) 646-жылы Чеби каган
в) 682-жылы Элтерис каган*
г) 693-жылы Капаган каган

2. Элтерис кагандын бийлик жүргүзгөн жылдарын аныктагыла:

а) 698-699-жж
б) 700-711-жж
в) 682-693-жж*
г) 708-716-жж

3. Капаган кагандын бийлик жүргүзгөн жылдарын аныктагыла:

а) 698-699-жж
б) 700-711-жж
в) 682-693-жж
г) 693-716-жж*

4. Билге кагандын бийлик жүргүзгөн жылдарын аныктагыла:

а) 698-699-жж
б) 700-711-жж
в) 682-693-жж
г) 716-734-жж*

5. Ижан кагандын бийлик жүргүзгөн жылдарын аныктагыла:

а) 698-699-жж
б) 700-711-жж
в) 682-693-жж
г) 734–739-жж*

6. Теңир кагандын бийлик жүргүзгөн жылдарын аныктагыла:

а) 698-699-жж
б) 700-711-жж
в) 682-693-жж
г) 739-741-жж*

7. Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгынын кыргыздарга каршы жортуулу качан болгон?

а) 698-699-жж
б) 710-711-жж*
в) 712-713-жж
г) 708-709-жж

8. Хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

а) Экинчи Түрк кагандыгынын кыйрашы

б) Билге кагандын бийликке келиши

в) Капаган кагандын курман болушу

г) Сакал кагандын курман болушу

д) Экинчи чыгыш Түрктөрүнүн кыргыздарга жортуулу

1	2	3	4	5

9. Чыгыш Түрк кагандыгында сот иштери менен алекетенген адамдарга берилген наам:

а) элтебер б) бурак

в) каган г) тархан*

10. Түрктөр ашып өтүп, кыргыздарга кол салган тоолор:

а) Саян* б) Альпы в) Гималай г) Фергана

11. 744-ж Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгы кимдер тарабынан кулатылган?

а) Уйгурлар* б) Кыргыздар

в) Карлуктар г) Түргөштөр

12. Борбор Азиянын тарыхында кайсы кылымдар "байыркы түрк доору"– деп аталат?

а) 704-766-жж б) IX-XI кк

в) XV-XVI кк г) VI-XII кк*



Түрк жоокерлери

Түргөш мамлекети

1. VIII кылымдын башында Батыш Түрк кагандыгын түргөштөр басып алган. Бул мамлекетти ким негиздеген?

а) Сулук-Чабыш-Чор б) Үч-Элиг каган*
в) Сакал каган г) Бага Турханд

2. Түргөш мамлекетинин борборун көрсөткүлө:

а) Суяб шаары* б) Орхон
в) Эрши г) Чигучен

3. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы "сарылар" жана "каралар" деп экиге бөлүнүшкөн?

а) карлуктар б) түргөштөр*
в) хунндар г) түрктөр

4. Түргөш кагандыгын доору:

а) 603-704-жж б) 704-766-жж*
в) 766-840-жж г) 751-840-жж

Түргөш мамлекетинин башкаруучулары!

Башкаруучу	*Мезгили*
Үч-Элиг каган	704-706-жж
Сакал каган	706-711-жж
Сулук Чабыш-Чор	716-738-жж

5. Түргөш кагандыгы азыркы Кыргызстандын кайсы аймагында жайгашкан?

а) Алай жана Ферганада б) Чаткал жана Таласта
в) Жети-Суу жана Тянь-Шань* г) Фергана жана Таласта

6. 704-766-жж. Кыргызстанда өкүм сүргөн мамлекет?

а) Уйгур каганаты б) Караханид каганаты
в) Түргөш каганаты* г) Карлуктар мамлекети

7. Түргөш кагандыгынын кулашынын себеби.....кол салуусу болгон:

а) кыпчактардын б) калмактардын
в) карлуктардын* г) түрктөрдүн

8. Хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:
а) Түргөш мамлекетин Карлуктар басып алган
б) Сулук Чабыш-Чор бийликке келген
в) Түрктөр Сакал каганды туткунга алган
г) Кыргыз, Кытай жана Түргөштөрдүн союзу түзүлгөн
д) Үч-Элиг каган Батыш Түрктөрдү басып алган

1	2	3	4	5

9. Үч-Элиг каган Түргөш мамлекетин канча облуска бөлгөн?
а) 7 б) 12 в) 18 г) 20*

10. Үч-Элиг каган Суяб шаарын борборго айландырып аны кандай атаган?
а) Куз-Ордо б) Кичи-Ордо
в) Чоң-Ордо* г) Алтын-Ордо

11. Ал бийлик жүргүзгөн мезгилинде Түргөш кагандыгын күчтүү мамлекеттке айланткан мыкты аскер башчы, дипломат жана көрүнүктүү мамлекеттик ишмер:
а) Үч-Элиг каган б) Сулук Чабыш-Чор*
в) Сакал каган г) Элтемиш

12. Сулук-Чабыш Чор жетектеген арабдарга каршы түзүлгөн коалиция менен арабдардын ортосундагы согуш кайсы жылдарда болгон?
а) 710-721-жж б) 720-737-жж*
в) 700-711-жж г) 700-745-жж

13. Сулук Чабыш-Чор кайсы түргөштөрдүн өкүлү?
а) Сары б) Кара* в) Жашыл г) Ак

14. Сулук Чабыш-Чор кайсы жылы бийликке келген?
а) 710-ж б) 716-ж* в) 745-ж г) 755-ж

16. VIII к. ортосунда Түргөш кагандыгынын ордуна кайсы мамлекети түзүлгөн?
а) Караханид б) Түрк каганаты
в) Чагатай г) Карлук*

Негизги окуялар!

1) Түргөш кагандыгын доору	704-766-жж
2) Карлук мамлекетинин доору	766-940-жж
3) Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгынын доору	682-744-жж
4) Биринчи Чыгыш Түрк кагандыгынын доору	603-630-жж
5) Батыш Түрк кагандыгынын доору	603-704-жж
6) Улуу Кыргыз Дөөлөтүнүн доору	840-924-жж
7) Уйгур кагандыгынын доору	744-840-жж
8) Караханийлер мамлекетинин доору	940-1137-жж

Төмөнкү суроолорго жооп жазгыла:

Түргөш кагандыгы кайсы мезгилде түзүлгөн?

Түргөш кагандыгын негиздеген инсан?

Түргөш кагандыгы кайсы кагандын мезгилинде күчтүү мамлекетке айланган?

Түргөш мамлекети кайсы мамлекеттин ордуна түзүлгөн?

Түргөш мамлекетинин борбору кайсы шаар болгон?

766-жылы Жети-Сууда кайсы мамлекет кулаган?

Карлук мамлекети

1. Уйгурлардын кысымынан кийин кайсы жылы Карлуктар Жети-Сууга көчүп кетишкен?

а) 744-ж б) 746-ж* в) 766-ж г) 733-ж

2. VIII кылымдын экинчи жарымында Жети-Сууда Түргөш мамлекетинин ордуна кайсы мамлекет пайда болгон?

а) Караханий б) Карлук*
в) Түргөш г) Уйгур

3. Карлук мамлекетинин жашаган мезгили:

а) 704-766-жж б) 766-940-жж*
в) 744-840-жж г) 840-924-жж

4. Карлук мамлекети канча жыл өкүм сүргөн?

а) 120 жылга жакын б) 200 жылга жакын*
в) 134 жылга жакын г) 321 жылга жакын

5. Карлук жол башчылары кандай титулду алып жүрүшкөн?

а) Каган б) Шанүй
в) Күнбаг г) Жабгу*

6. "Жабгу" сөзү эмнени түшүндүрөт?

а) карлуктардын жол башчысы*
б) карлуктардын дин кызматкелери
в) карлуктардын кулдары
г) карлуктардын эң белгилүү шаары

7. Карлук мамлекетин негизги массасын кайсы уруулар түзгөн?

а) перс тилдүү уруулар б) түрк тилдүү уруулар
в) чигилдер жана ягмалар* г) динлиндер жана дунхулар

8. 751-жылы кытай жоокерлери арабдар менен кайсы салгылашууда чоң жоготуулар менен жеңилген?

а) Ысык-Көлдүн жээгинде б) Сырдарыянын жээгинде
в) Талас өрөөнүндө* г) Чүй өрөөнүндө

9. Хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:
а) Түргөш мамлекетин Карлуктар басып алган
б) Карлуктар Атлах салгылашуусунда арабдарга жардамдашкан
в) Карлуктар Уйгурлардын кысымынан Жети-Сууга көчүшкөн
г) Карлук мамлекетинде "каган" даражасы киргизилген
д) Караханийлер Карлук мамлекетин талкалашкан

1	2	3	4	5

10. Таластагы "Атлах" салгылашуусу качан болгон?
а) 744-ж б) 766-ж
в) 751-ж* г) 669-ж

11. Карлук мамлекетинин борбору:
а) Самарканд б) Өзгөн
в) Баласагун г) Суяб*

12. Төмөн жакта келтирилген окуялардын кайсысынан кийин азыркы Кыргызстандын аймагында мусулман дини тарай баштаган?
а) Караханий кагандыгынын пайда болушу
б) Талас салгылашуусу*
в) Кокон хандыгынын пайда болушу
г) Баткак салгылашуусунан кийин

13. 751-жылы болуп өткөн Талас салгылашуусу кандай тарыхый мааниге ээ болгон?
а) Кыргызстандын аймагын арабдар жеңип алышкан
б) Кытай өзүнүн Борбордук Азиядагы саясатка тийгизген таасирин күчөткөн
в) Кыргызстандын аймагына ислам келе баштаган*
г) Борбордук Азияда Түрк кагандыктарынын позициясы бекемделген

14. 751-жылы Талас салгылашуусундагы араб аскер башчысы:
а) Абубекир б) Омор халиф
в) Сейх ад-Дин г) Зияд ибн Салих*

15. 751-жылы Талас салгылашуусундагы кытай аскер башчысы:

а) Хубилай хан б) Ли Гуанли

в) Гао Саньчжи г) Зияд ибн Салих

Карлук малекети жөнүндө негизги маалыматтар:

1. Карлук мамлекетинин борбору_____**(Суяб шаары)**

2. Карлук мамлекетин негиздеген

_____ **(Тон Билге каган)**

3. Карлуктар "Атлах" салгылашуусунда жардам беришкен

_____ **(Арабдарга)**

4. Карлук мамлекетинин кыйрашы

_____**(940-жылы)**

5. Карлук мамлекетиндеги негизги уруулар

_____**(чигил, ягма)**

6. Карлук малекетинин түзүлүшү _____**(766-жылы)**

7. Карлук мамлекетинде ким "Каган" наамын кабыл алган _____**(Билге Кул Кадырхан)**

8. Карлук малекетинин аймагы

_____**(Жети-Суу жана Тян-Шань)**

9. Кайсы жылдан баштап "каган" деген даража киргизилген _____**(840-ж)**

10. Уйгурлардын кысымынан Жети-Сууга көчүп кетишкен _____**(746-ж)**

Уйгур мамлекети

1. 744-жылы Уйгурлардын, Карлуктардын, Басмылдардын бириккен күчү II Чыгыш Түрк кагандыгын талкалагандан кийин, Борбордук Азияда кимдердин мамлекети түзүлгөн?

а) Уйгурлардын* б) Карлуктардын
в) Кыргыздардын г) Караханийлердин

2. Уйгур мамлекети качан түзүлгөн?

а) 744-ж* б) 840-ж в) 940-ж г) 677-ж

3. Уйгур кагандыгы кайсы мезгилде жашаган?

а) 744-840-жж* б) 700-730-жж
в) 850-895-жж г) 900-920-жж

4. Уйгур каганаты кыргыздарды качан басып алган?

а) 603-ж б) 758-ж* в) 840-ж г) 811-ж

5. 795-жылы Уйгур кагандыгында кандай окуя болгон?

а) Кыргыздардын Уйгурларга каршы көтөрүлүшү*
б) Кыргыз – кытай кагылышуусу
в) Уйгур каганаты кулаган жыл
г) Уйгур мамлекети түзүлгөн

6. Уйгур мамлекетинин борбор шаарын көрсөткүлө:

а) Суяб шаары б) Баласагун
в) Ордо-Балык* г) Өзгөн

Негизги окуялар!

1) Уйгур мамлекетинин Эне-Сай кыргыздарын басып алышы	758-ж
2) Уйгурларга каршы кыргыздардын көтөрүлүшү	795-ж
3) Уйгур кагандыгында манихей динининкабыл алынышы	763-ж
4) Уйгур-Кыргыз 20 жылдык согуш мезгили	820-840-жж
5) Уйгур мамлекетинин кыргыздар тарабынан талкаланышы	840-ж

7. Уйгур мамлекетинин расмий динин атагыла:
а) буддизм б) ислам в) манихей* г) христиан

8. Уйгур каганатынын кыйрашы "Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн" түзүлүшү?
а) 920-ж б) 751-ж в) 744-ж г) 840-ж*

Уйгур мамлекети. Дал келтиргиле:

1. Уйгур мамлекетинин түзүлүшү
.....Элетмиш Билге каган (Гули Пейло)
2. Уйгур мамлекетин негиздеген инсан.....744-жылы
3. Уйгур мамлекетиндеги негизги ролду.....758-жылы
4. Уйгурлар Эне-Сай кыргыздарын басып алган жыл.....Яглахар уруусу
5. Уйгур мамлекетини борбору.....Ордо Балык
6. Уйгур мамлекетинде манихей дини кабыл алынган.....763-жылы
7. Уйгур-Кыргыз 20 жылдык согуш.....820-840-жж
8. Кыргыздардын Уйгурларга каршы көтөрүлүшү.....791-жылы
9. Уйгур кагандыгын Гули Пейлонун уулу Моюнчур башкарган.....746-759-жж
10. Гүй ло Фунун козголоңу качан болгон.....839-жылы
11. Уйгур мамлекетин кыйратышкан.....Кыргыздар
12. Уйгур мамлекетинин кыйрашы кайсы кылымда болду.....IX к. орто ченинде
13. Уйгур мамлекети жашаган мезгил.....744-840-жж

1	*2*	*3*	*4*	*5*	*6*	*7*	*8*	*9*	*10*	*11*	*12*	*13*

Азиянын батышындагы көчмөндөрдүн мамлекеттери

Өлкө	*Түзүлгөн жылы*
Авар кагандыгы	568-жылы
Хазар кагандыгы	650-жылы
Кимак кагандыгы	750-жылы

Байыркы доордогу жана орто кылымдардагы түрк тилдүү элдер азыркы кезде улуттарга айланып, жер шарынын үчтөн бирин ээлейт. Улутка айланган түрк тилдүү элдерди 6 регионго бөлсө болот.

№	*Аймак*	*Улуттун аталыштары*
1	**Волга-Урал чөлкөмү**	Татарлар, башкырлар, чуваштар, крым татарлары
2	**Кавказ чөлкөмү**	Азербайжандар, карачайлар, балкарлар
3	**Туран чөлкөмү**	Кыргыздар, казактар, өзбектер, түркмөндөр, каракалпактар
4	**Чыгыш Түркстан чөлкөмү**	Уйгурлар
5	**Сибир жана Чыгыш Азия чөлкөмү**	Якуттар, шорлор, хакастар, алтайлык кыргыздар
	Кичи Азия чөлкөмү	Түрктөр

III Бөлүм: 5-10-класстар үчүн байыркы дүйнөнүн тарыхы боюнча тандалма тесттер:

Байыркы Египет

1. Алгачкы жамааттык коом менен мамлекеттердин калыптанышы жана түзүлүшү башталган жер?
а) Азия менен Түндүк Африка*
б) Америка жана Канада
в) Австралия жана Азия
г) Европа жана Кичи Азия

2. Биринчи жолу тарыхта кандай таптар Байыркы Египетте пайда болгон?
а) дыйкан жана мал багуучу
б) кул жана кул ээлөөчү*
в) кол өнөрчү жана соодагер
г) феодал жана дыйкан

3. Таптык коом менен мамлекеттер пайда болгон мезгил:
а) Таш доору
б) Байыркы дүйнө тарыхы*
в) Жаңы тарых
г) Орто кылым мезгили

4. Байыркы Египеттеги мамлекет башчысы.....деп аталат:
а) дин кызматкери
б) Фараон*
б) падыша
г) кул ээлөөчү

5. Байыркы Египетте кудай менен теңдештирилгендер:
а) Чиновниктер
б) Аксөөктөр
в) Фараондор*
г) Жрецтер

6. Жыгачтан же таштан оюлуп жасалган кудайлардын эстелиги кандай аталган:
а) папирус
б) идол*
в) икон
г) мумия

7. Египеттеги Хеопстун пирамидасы жөнүндө кайсы грек тарыхчысы жазып калтырган?
а) Фидион
б) Геродот*
в) Гомер
г) Цицерон

8. Окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

а) Египеттеги Хеопс пирамидасынын курулушу
б) Египетте Тутмос I бийлик жүргүзгөн
в) Пуни согуштары мезгили
г) Египетте бирдиктүү мамлекет түзүлгөн
д) Египеттиктер күн календарын түзүшкөн

1	2	3	4	5

9. Байыркы Египеттиктердин эң маанилүү иши эмне болгон?

а) кой –эчки өстүрүү
б) сугат жерин иштетүү*
в) согуш жүргүзүү жана соода
г) мал чарбачылыгы

10. Египеттин пирамидалары –бул:

а) байыркы храмдар
б) фараондордун күмбөздөрү*
в) кароол дөбө
г) падыша сарайлары

11. Египетти "Кара жер" деп эмне үчүн аташкан?

а) Египетте кара кулдар көп сатылган
б) Африкалыктар кара түстө болушкан
в) Нил дарыясынын жайылмасында капкара калың ылай шилендилер калган*
г) өлкөдө байлар көп болуп алар кара кийим кийишкен

12. Египеттеги эң негизги дарыяны атагыла. Ал дүйнөдөгү эң узун дарыя:

а) Ефрат б) Нил* в) Тигр г) Инди

13. Египеттеги кайсы фараондун мезгилинде эң көп басып алуучулук жортуулдар уюштурулган?

а) Тутанхамон
б) Тутмос I*
в) Клеопатра
г) Рамзес

14. Б.з.ч. 1500-жылдар чамасында эң көп жортуул уюштурган фараон?

а) Хеопс
б) Тутмос I*
в) Тутмос III
г) Яхмос

15. Эгипеттиктер жазуу үчүн колдонушкан:
а) папирусту* б) кагазды
в) терини г) аска беттерин

16. Египет жазмасында канча иероглиф колдонулган?
а) 112 б) 389 в) 700* г) 950

17. Папируска жазышкан:
а) Финикияда б) Китайда в) Египетте* г) Индияда

18. Эң чоң Хеопс пирамидасы курулган жыл:
а) б.з.ч. 2000-ж б) б.з.ч. 2600-ж*
в) б.з.ч. 2700-ж г) б.з.ч. 1750-ж

19. Байыркы Египеттин биринчи борбору кайсы шаар болгон?
а) Каир б) Мемфис* в) Фивы г) Вавилон

20. Адам башы менен арстандын сөлөкөтүн чагылдырган ири таш фигура:
а) Зевис б) сфинкс* в) Фивы г) Посейдон

21. Байыркы Египетте кудайлар менен сүйлөшкөн диний ишмерлер?
а) фараон б) Гора в) Ном г) жрец*

22. Байыркы Египеттин негизги кудайы ушундай аталган:
а) Амон-Ра* б) Хатор в) Анубис г) Осирис

23. Төмөнкү Египет менен жогорку Египет кандай жол менен бириккен мамлекет болгон?
а) келишим түзүү менен б) басып алуу менен*
в) өз ыктыяры менен г) бириккен эмес

24. Байыркы Египетте мамлекет түзүлгөнгө чейинки чоң кыштактарды эмне деп атаган?
а) ном* б) дубан
в) полис г) вакуф

25. Байыркы Египетте качан бирдиктүү мамлекет түзүлгөн?
а) б.з.ч. 2900-жылы б) б.з.ч. 3400-жылы
в) б.з.ч. 3200-жылы г) б.з.ч. 3100-жылы*

26. Александр Македонский Египетти каратып алганга чейин аларды канча династия башкарган?


а) 30 династия*
б) 43 династия
в) 19 династия
г) 21 династия

27. Египеттеги династиялык башкаруунун мезгилинде канча жолу өткөөл мезгил болгон?

а) 3 жолу*
б) 2 жолу
в) 5 жолу
г) 7 жолу

28. Египеттеги пирамидалардын эң чоңу – Гизадагы Хеопстун пирамидасы (бийиктиги 146,6 м) канчы жылда курулуп анда канча миңдей кулдар иштешкен?

а) 30 жыл бою бир эле мезгилде 200 миң кул иштеген*
б) 18 жыл бою бир эле мезгилде 100 миң кул иштеген
в) 23 жыл бою бир эле мезгилде 300 миң кул иштеген
г) 23 жыл бою бир эле мезгилде 300 миң кул иштеген



29. Жогорудагы сүрөттө берилген тарыхый-архитектуралык эстелик – бул:

а) Рамзес II храмынын фасады*
б) Хеопс пирамидасы
в) Күн кудайынын храмы
г) Вавилондун асма-багы

30. Гректер Египет өлкөсүн кандай аташкан?

а) кудайлар өлкөсү
б) жапайы элдер
в) акылмандуулуктун өлкөсү*
г) жалкоолор өлкөсү

31. Биздин замандын VII кылымында Египеттин калкы кайсы динди кабыл алышкан?

а) ислам б) христиан*

в) буддизм г) иудаизм

32. Рим империясы бөлүнгөндөн кийин Египет кайсы мамлекеттин курамында турган?

а) Вавилон б) Византия*

в) Персия г) Франк

33. Байыркы Египеттин 18-фараону, көрүнүктүү саясатчы, белгилүү диний реформатор, анын башкаруу мезгилинде Египетте диний жана саясий өзгөрүүлөр болгон:

а) Фараон Хеопс б) Аменхотеп IV*

в) Тутанхамон г) Фараон Хафре

34. Биздин заманга чейинки 3000-жылы Төмөнкү Египет менен Жогорку Египеттин ортосунда башталган согушта Жогорку Египет жеңип чыккан. Ал бириккен мамлекеттин алгачкы падышасы – фараону ким болгон?

а) Хеопс б) Тутанхамон

в) Эхнатон г) Менес*

36. Кир II нин уулу Камбиз II б.з.ч. 525-жылы кайсы өлкөнү басып алган?

а) Египет* б) Греция

в) Ливия г) Финикия

37. Эмне үчүн жаңы падышалык доорунда пирамидаларды курушпай койгон?

а) Фараондордун сөөгүн тоолордо оюлган таш күмбөздөргө коё турган болушту*

б) Ошол мезгилде кулдар аз болуп пирамида курушкан эмес

в) Фараондор өздөрү үчүн башкача күмбөздөрдү ойлоп табышты

г) жогоруда берилген жооптордун баары туура

Кошумча маалымат!

Белгилүү француз окумуштуусу Франсуа Шампольон 1822-жылы дүйнөлүк мааниге ээ болгон ачылыш жасаган. Ал Египет тексттерин окуунун ачкычын тапкан.

Египет кудайлары!

1) Өлгөндөр падышалыгын чөө баштуу кудай башкарат	Анубис
2) Анубис кудайынын жанындагы кыргый баштуу кудай	Гор
3) Өлгөндөрдү соттоочу кудай	Осирис
4) Асман кудайы	Мут
5) Айдын кудайы	Хонсу
6) Байыркы Египеттин негизги кудайы	Амон-Ра

Мумиялоо

Байыркы египеттиктер адам кайтышболгондон кийин маркумдар падышалыгына кетет, ошол жерде жашоону улантат деп эстептешкен. Бирок маркумдар падышалыгындагы жашоо, Египиттиктердин пикири боюнча, Осирис сотунун натыйжасынан көз каранды болгон. Таразанын бир жагына маркумдун жүрөгү, башкасына канаттуунун куш жүнү коюлат. Эгерде таразанын эки жагы теңешсе, анда адам бул дүйнөдөгү жашоосунда жалаң изги иш жасаган болот, ал кайтыш кылгандан кийин жыргал турмушта жашоосун улантат. Эгерде жүрөк оордук кылса, анда адам бир топ жаман иштерди жасаган болуп чыгат, түрү суук макулуктарга жем болот. Осиристин алдында келбеттүү көрүнүшү үчүн болсо Египеттиктер сөөктү мумиялашкан.
Адатта мумиялоо 70 күнгө созулган. Сөөктү атайын иштешкенден кийин көптөгөн кездемелер менен орошкон, баалуу жасалгалар менен кооздошкон. Кездеменин араларына ийгилик алып келүүчү тумарлар коюлган.

Дал келтиргиле:

1) Египетте эң көп басып алуучулук жортуулду уюштурган	А) Жосер
2) Эң алгачкы пирамиданы курдурган	Б) Тутмос I
3) Ири таш фигура сфинксты курдурган	В) Хеопс
4) Египеттеги эң алгачкы пирамиданы курдурган	Г) Имхотеп
5) Египеттеги Пирамидаларды курган уста	Д) Хафре

1	2	3	4	5

Байыркы Индия

1. Индиядагы негизги эки дарыя бул:

а) Хуанхэ – Янцызы
б) Тигр – Ефрат
в) Инди – Ганг*
г) Волга - Енисей

2. Индиянын жайгашкан жери:

а) Түндүк Америка
б) Түштүк Азия*
в) Түштүк Африка
г) Түндүк Африка

3. Байыркы Инди дарыясындагы өлкө кимдер тарабынан "Меллуха" деп аталган?

а) Кытайлар
б) Ханзулар
в) Гректер
г) Эки Дарыялыктар*

4. Б.з.ч. II миң жылдыктын ортосунда "хараппа" цивилизациясы ойрон болгон. Анын себеби эмнеде?

а) жугуштуу оруулар таркаган
б) арийлер тарабынан талкаланган
в) экологиялык оор кырсык болгон
г) азырынча белгисиз*

5. Б.з.ч. II миң жылдыктын ортосунда Индияга түндүк-батыштан басып кирген уруулардын аталышы.....

а) варварлар
б) дравид уруулары
в) шумерлер
г) арийлер*

6. Индиядагы касталык түзүлүш деген эмне?

а) Индиялык княздардын жалданма аскерлеринен турган отряддар
б) аз сандагы адамдардын тар чөйрөсү, ага таандык болуу мурасталган*
в) радждардын башка өлкөлөргө өзгөчө элчилерди жөнөтүшү
г) мамлекеттеги эң бай адамдардын тобу

7. Байыркы Индияда арий төбөлдөрү ээлеген эң жогорку каста кантип аталат?

а) кшатрийлер
б) раджалар
в) брахмандар*
г) вайшьялар

8. Окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

а) Индияда касталардын түзүлүшү

б) Индияда Будда динининн пайда болушу

в) "Рамаяна" жана "Махабхарата" эпосторунун жаралышы

г) Индияда шаар-кыштактардын пайда болушу

д) Бирдиктүү Индия мамлекетинин түзүлүшү

1	2	3	4	5

9. Индияда касталар качан жоюлган?

а) XIX к б) XX к* в) XVII к г) XVIII к

10. Индиялык байыркы дастандар "Рамаяна" жана "Махабхарата" кайсы доордогу окуяларды чагылдырат?

а) б.з.ч. 1500-500-жж* б) б.з.ч. 2000-1500-жж

в) б.з.ч. 500-150-жж г) б.з. алгачкы мезгили

11. «Махабхарата» жана « Рамаяна» деген эмне?

а) диний ырым жырымдарынын сүрөттөлүшү тууралуу китеп

б) Кытайдагы дыйкандар согушунун баатырлары

в) даңазалуу баатырлардын өмүрү жана эрдиги жөнүндө байыркы поэма*

г) индия падышаларынын мыйзамдар жыйнагы

12. « Махабхарата» жана « Рамаяна» эпостору кайсы кылымдарда пайда болгон?

а) б.з.ч VI-V* б) б.з.ч VII-VI

в) б.з.ч VIII-VII г) б.з.ч IV-III

13. Индиядагы Веда доорундагы башкы кудай ким болгон?

а) Ману* б) Брахман

в) Махавира г) Буддизм

14. Индиялыктардын "Төрт түрдүү аскер" оюну:

а) шашки б) нарда

в) шахмат* г) карта

15. Байыркы Индияда эмнени ойлоп чыгарышкан?

а) компас, чай, жибекти б) чай , кант, сандарды

в) кант, сан, шахматты* г) айнек, бетон, шахмат

16. Индиядагы Гупталар династиясын Борбордук Азиядан келген эфталиттер талкалаган. Гупталардын жеңилишин себеби эмнеде?

а) Гупталардагы экономикалык кризис
б) Эфталиттердин атчан аскерлери көп болгон
в) Гупталардагы ич-ара саясий күрөш негизги себеп болгон*
г) жергиликтүү эл гупталарга жардам берген эмес

17. Байыркы Индияда дыйкандар эмнелерди көп өстүрүшкөн?

а) сулуу, буудай, арпа
б) буудай, пахта, күрүч *
в) апельсин, мандарин, лимон
г) кант камышы ж-а кокос

18. Индиянын байыркы шаарлары жана кыштактары кайсы кылымдарга таандык?

а) б.з.ч. V кылымга
б) б.з.ч. IV кылымга
в) б.з.ч. III-II кылымга*
г) б.з.ч. I кылымга

19. Байыркы Индияда радж деген ким?

а) жергиликтүү кудайга тете дин ишмерлери
б) тектүүлөрдөн шайланган жол башчы*
в) бай жана урматтуу соодагерлер
г) колунан көөрү төгүлгөн усталар

20. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы Байыркы Индиялыктар илимге кошкон эң маанилүү салым болуп саналат?

а) касталарды түзүү жана коомду таптарга бөлүү
б) дыйканчылыкты жана кол өнөрчүлүктү өнүктүрүү
в) биз араб цифрасы деп атаган цифраны ойлоп табуу*
г) биринчи жолу дүйнөдө динди ойлоп табуу (будда)

21. Б.з. алгачкы кылымында азыркы сандар менен ондук саноо түрү белгилүү болгон эл:

а) Египет
б) Кытай
в) Япония
г) Индия*

22. Бирдиктүү Индия мамлекети кайсы мезгилде түзүлө баштаган?

а) б.д.ч. VI кылымда
б) б.д.ч. III кылымда*
в) б.д.ч. II кылымда
г) б.д.ч. I кылымда

23. Буддизм дини Б.з.ч. VI-V кылымдарда жаралган. Ал дүйнөдөгү үч чоң диндин катарына кирет. Уламыш боюнча анын негиздөөчүсү Будда (өз аты Гаутама) болгон. Бул дин кайсы жерде пайда болгон?

а) Кытайда б) Аравияда
в) Индияда* г) Грецияда

24. Б.з.ч III кылымда Индияда буддизм динин ким мамлекеттик дин деп жарыялаган?

а) Дуррани б) Ашока*
в) Тутмос г) Ксеркс

25. Канчанчы кылымда Буддизм дини Индияда өз маанисин жоготкон?

а) X* б) XV в) VI г) III

26. Эң атактуу Инди храмдарынын салынуу өзгөчөлүгү:

а) жыгачтан жана таштан жасалган
б) Египет чиркөөлөрү сыяктуу салынышы
в) Кылымдар бою таштарды оюу жолу менен салынышы*
г) Европадагы готикалык стилде салынышы



Будданын айкели



Индиядагы Күн храмы

Ачылыштар!

1	Компас, чай, жибек, фарфор, кагаз	А	Кытай
2	Шахмат, кант, сан, ондук саноо	Б	Индия
3	Алфавит, тамга, айнек	В	Финикия
4	Клинопись,	Г	Ассирия
5	Темир, китепкана	Д	Эки дарыя аралыгы
7	Пирамида, папирус, иероглиф	Ж	Египет

Байыркы Эки дарыя аралыгы

1. Тарыхта биринчи алфавитти кимдер ойлоп табышкан?

а) Байыркы Египетте
б) Эки Дарыя аралыгында
в) Финикияда*
г) Египеттиктер

2. Шумерлер сыйынган кудайларына арнап хармдарды курушкан. Биринчи курган храмы б.з.ч. IV-III миң жылдыктарга таандык. Ал кандай аталган?

а) Зиккурат*
б) Иштар
в) Пирамида
г) Тадж-махал

3. Эң алгачкы жазуу кимдерде пайда болгон?

а) Шумерлерде*
б) Кытайларда
в) Индияда
г) Вавилондо

4. Б.з.ч. IV миң жылдыктын 2-жарымында дүйнөдө биринчи жолу кимдер жазууну ойлоп тапкан?

а) Шумерлерде*
б) Мидияда
в) Месопотомияда
г) Вавилондо

5. Аккад мамлекети б.з.ч. XXIV-XXII кк. пайда болгон, анын борбору:

а) Аккад*
б) Вавилон
в) Ассирия
г) Урук

6. Аккад мамлекетинин негиздөөчүсү:

а) Саргон I*
б) Хамураппи
в) Дарий
г) Ксеркс

7. Мыйзам чыгаруучу Вавилон падышасы:

а) Хаммурапи*
б) Саргон
в) Фемистокл
г) Тутмос

8. Эки дарыядагы цивилизацияны негиздеген эл?

а) Шумерлер*
б) Аккаддар
в) Перстер
г) Арабдар

9. Вавилон падышасы Хаммурапи тарыхта эмнеси менен атактуу болгон?

а) Эки дарыя аралыгындагы эң улуу саякатчы болгон

б) Бүткүл Вавилон үчүн бирдей мыйзамдарды киргизген*

в) Вавилон элдерин бириктирген эң каардуу падыша

г) Вавилондогу каракчылардын башчысы болгон

10. Б.з.ч. 575-жылы падыша Навуходносор Иштар кудайына арнап дарбаза салдырган. Ал кандайча аталат?

а) Иштар дарбазасы* б) Иштар кудайы

в) Иштар шаары г) Иштар айылы

11. Бул керемет курулуш уламыш катары Семрамида ханышанын асма бактары деп аталат. Грек-Римдик жазуучулардын айтымында бул бакча б.з.ч VI кылымда пирамида түрүндө курулуп, алты кабаттан турган. Ар бир кабатта жасалма тектирчелерге мөмөлүү даректар өстүрүлгөн. Асма бакчаны падыша Навуходносор өзүнүн жубайы Амитиске арнап салдырган. Имараттын бийиктиги 40 метрге жеткен. Бул керемет курулуш Ефрат дарыясынын ташкындашынын натыйжасында кулаган. Бул курулуш бүгүнкү дүйнөнүн жети кереметинин катарына киреби?

а) ооба б) жок* в) билбейм г) мүмкүн

12. Вавилон шаарында ар бир дарбазага башкы кудайлардын аттары берилген. Ал шаарда канча дарбазасы болгон?

а) 4 б) 6 в) 8* г) 10

13. Вавилон шаары аталган:

а) "Кудайлардын дарбазасы"* б) "Иштар дарбазасы"

в) "Курган дарбазасы" г) "Төрт дарбаза"

14. Эки дарыя аралыгындагы Аккад мамлекетин кайсы уруулар талкалаган?

а) перстер б) арабдар

в) семит уруулары г) гуттийлер*

15. Вавилон мамлекетиндеги негизги тил кайсы болгон?

а) Шумер тили б) Ур тили

в) Перс тили г) Аккад тили*

16. Вавилон мамлекетинде Хамураппи өкүм кылып турган доор?

а) б.з.ч.1762-1750-жж б) б.з.ч.1792-1750-жж*

в) б.з.ч.1815-1800-жж г) б.з.ч.1615-1590-жж

17. Эң алгачкы тыйын колдонулган мамлекет кайсы?

а) Лидия* б) Кытай

в) Индия г) Грекия

18. Б.з.ч II миң жылдыкта темир иштетүүнү өздөштүргөн эл?

а) Хеттер* б) Индиялыктар

в) Гректер г) Перстер

19. Б.з.ч. 3000 миң жылдын тегерегинде..... күндү 24 саатка, саатты 60 мүнөткө, мүнөттү 60 секундга бөлүп эсептешкен:

а) шумерлер* б) аккаддар

в) гректер г) перстер

20. Б.з.ч. 2500-жылдар чамасында адамдар жылкыларды колго үйрөтүшкөн. Жылкыларды алгачкылардан болуп колго үйрөткөн аймак кайсы жер эле?

а) Түндүк Америка б) Борбор Азия*

в) Египетте г) Грекияда

21. Төмөнкү шаарлардын кайсы катары эки дарыя аралыгында болгон?

а) Урук, Умма, Лагаш, Ур*

б) Гиза, Мемфис, Персеполь, Рим

в) Рим, Александрия, Тир, Вавилон

г) Афина, Спарта, Рим, Александрия

22. Месопотамиянын уламыштарынын эң белгилүүсү:

а) Гильгамеш жөнүндө уламыш*

б) Ахиллес жөнүндө уламыш

б) Геракл жөнүндө уламыш

г) Одиссей жөнүндө уламыш

Хаммурапинин мыйзамдары

Хаммурапи тарыхта мыйзам чыгаруучу падыша иретинде наам калтырган. Анын мыйзамдары көлөмү, турмуштун түрдүү жагдайларын өзүндө камтыгандыгы менен мурдагы бардык мыйзамдардан жогору турган. Хамураппи мыйзамдары бардыгына: байларга да, кедейлерге да бирдей болгон. Мыйзам тексттери мамлекеттин бардык шаарларына орнотулган таш устундарга жазып коюлган.

Хаммурапинин мыйзамдары талапчандыгы менен адамды таң калтырат. Эгерде дарыгер жасаган туура эмес иш чаралардын натыйжасында оорулуу дүйнөдөн көз жумса, анда дарыгердин манжалары кесип салынууга тийиш болгон. Эгерде архитектор курган үй кокусунан кулап, бирөөнү басып калса, архитектор өлтүрүлүүгө тийиш болгон. Өрт маалында уурулук менен колго түшкөн адам ошол замат өрткө ташталган. Ачкычты бузган ууру мындан да оор жазага туш болгон. Хаммурапинин мыйзамдары тек гана падышанын өкүмү болбостон, кудайлардын каалоо-тилеги иретинде түшүндүрүлгөн, ошондуктан аларга сөзсүз баш ийүү талап кылынган. Себеби Хамураппи мыйзамдарында талоончулукка жана уурулук сыяктуу кылмыштарды токтотууга шарт жаратып берген.

Кошумча маалымат!

Күндүн кудайы Шамаш өзгөчө урматка татыктуу кудай, жогорку сот эсептелип, жаман иштери үчүн адамдарды соттогон.
Айдын кудайы Сина
Суунун кудайы Эа
Шумерликтер түшүмдүүлүк менен махабаттын, согуш менен жеңиштин кудайы Иштарга сыйынышкан.

Байыркы Кытай

1. Кытайдагы эки чоң дарыяны көрсөткүлө:
а) Хуанхэ – Янцызы*
б) Тигр – Ефрат
в) Инди – Ганг
г) Волга - Енисей

2. Эксплуатация – деген эмне?
а) бир адамдын экинчилерин эзиши*
б) биргелешип чарба жүргүзүү
в) баскынчылык жортуул
г) дин жана диний ырым

3. Сыма Цянь деген тарыхый инсан ким болгон?
а) тарыхчы*
б) астроном
в) философ
г) феодал

4. Чжан Цянь деген тарыхый инсан ким болгон?
а) улуу тарыхчы
б) саякатчы, аскер башчы*
в) Грециялык философ
г) кытай императору

5. Цин-Шихуан деген тарыхый инсан ким болгон?
а) улуу тарыхчы
б) саякатчы, аскер башчы
в) Грециялык философ
г) кытай императору*

6. У-Ди деген тарыхый инсан ким болгон?
а) улуу тарыхчы
б) саякатчы, аскер башчы
в) Грециялык философ
г) кытай императору*

7. Улуу Кытай дубалынын узундугу канча миң километрге созулган?
а) 4500 км
б) 6250 км*
в) 7800 км
г) 8000 км

8. Кытай чарбасындагы башка бир да өлкөдө болбогон тармак:
а) тамеки өстүрүү
б) күрүч өстүрүү
в) жибек куртун өстүрүү*
г) коон өстүрүү

9. Төмөндө аталган ачылыштардын кайсынысы Кытайда жасалган?
а) папирус
б) иероглифтер
в) азыркы сандар
г) кагаз жана ок-дары*

10. Окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:
а) Байыркы Кытайда жазуунун пайда болушу
б) Кытайда Конфуцийчилик окуусунун негизделиши
в) Улуу кытай дубалынын курула башташы
г) Кытайда Цин империясынын кулашы
д) Кытайда Хань династиясынын бийликке келиши

1	2	3	4	5

11. Төмөнкүлөдүн кайсылары кытайлар тарабынан ойлоп табылган?
а) сандар компас кантты
б) чай, жибек, айнекти
в) компас, чай, жибекти*
г) бетон, кант, кагазды

12. Байыркы Кытайда жазуу качан пайда болгон?
а) б.д.ч. IV миң жылдыкта
б) б.д.ч. V миң жылдыкта
в) б.д.ч. II миң жылдыкта*
г) б.д.ч. III миң жылдыкта

13. Кул ээлөөчүлүк доорунда Индия менен Кытай элдеринин жалпы иши:
а) бири-бирине каршы баскынчылык согуш
б) чоң дарыялардын жээгинде отурукташкан дыйканчылык*
в) анчылык, малчылык жана жемиш жыйноо
г) мал чарбачылыкта койду өстүрүү

14. Кытайда Цин империясы кайсы мезгилде болгон?
а) б.з.ч. 221-207-жж*
б) б.з.ч. 200-115-жж
в) б.з.ч 215-124-жж
г) б.з.ч 119-100-жж

15. Алты миң километрден ашык узундукка созулган Улуу Кытай дубалы эмне үчүн курулган?
а) кытайларды согушчан көчмөндөрдөн коргоо үчүн*
б) кытайлар бул дубал үчүн дүйнөгө таанылгысы келген
в) Кытайдын чек арасын Византия менен бөлүү үчүн
г) Енисейдеги кыргыз урууларынан коргонуу үчүн

16. Кытай императору Цин-Шихуан жашаган мезгилди аныкта:

а) кытайда биринчи Ся династиясы түзүлгөн мезгил
б) кытайда жибекти өндүрүү башталган
в) коңшу мамлекеттер менен сооданын башталышы
г) кубаттуу кул ээлөөчү хандыгынын түзүлүшү*



Улуу Кытай дубалын куруу учуру (б.з.ч III к.)

17. Кытайды тарыхта биринчи жолу бирдиктүү бир мамлекетке бириктирген падыша .....

а) Цинь-ши Хуан-ди* б) У-ди
в) Гао-Цзу г) кытай бирдиктүү болгон эмес

18. Байыркы уламыштар аркылуу жеткен кытайдагы алгачкы падышалык?

а) Щаң деп аталат б) Цинь деп аталат
в) Ся деп аталат* г) Чжоу деп аталат

19. Улуу Кытай сепилин курдарууга буйрук берген падыша ким болгон?

а) Цинь-ши Хуан-ди* б) У-ди
в) Гао-Цзу г) Лю Баң

20. Байыркы Кытайдагы хань династиясы биротоло кыйраган мезгил:

а) б.з.ч. I к
б) б.з.ч. II к
в) б.з. II к
г) б.з. III к*

21. Байыркы Кытайлар дүйнөгө берген саамалыктар төмөнкүлөр:

а) фарфорлор
б) жибектер
в) кагаздар
г) баары туура*

22. Кытайда Хань династиясынын жашаган мезгилин белгиле:

а) б.з.ч 206 – б.з. 220-жж*
б) б.з.ч. 200 – б.з. 134-жж
в) б.з.ч 203 – б.з. 156-жж
г) б.з.ч. 121 – б.з. 123-жж

23. Байыркы Кытайда «кызыл каштар», «сары чеке таңгычтар» - деген – бул:

а) Кытайдагы эң белгилүү дыйкандар ушундай аталган
б) Кытайдагы баардык падышаларга берилүүчү наамдар
в) эки жолку көтөрүлүшкө катышкан дыйкандардын аталышы*
г) Кытайдагы байыркы китептердин аталыштары

24. Канчанчы кылымда Кытайда «Сары жоолукчандардын» көтөрүлүшү көтөрүлүшү болгон?

а) II кылымда*
б) V кылымда
в) VI кылымда
г) IV кылымда

25. Кытайда Тан династиясы качан өкүм сүргөн?

а) 618-907-жж*
б) 581-618-жж
в) 907-960-жж
г) 960-1279-жж


26. Кытайда "Конфуцианчылык" деген диний окууну ким негиздеген?

а) Сыма Цянь
б) Чжан Цянь
в) Конфуций*
г) Лао Цзы

27. Кытайдын улуу акылманы, философу Конфуций кайсы жылдарда жашаган?

а) б.з.ч 550-530-жж
б) б.з.ч 550-522-жж
г) б.з.ч 506-449-жж
г) б.з.ч 551-479-жж*





Жоокерлердин чопо айкелдери.

Цинь Шихуанди көзү тирүүлүгүндө эле өзүнө арнап күмбөз курууга буйрук берет. Кооздугу жана жасалгалары менен бул мунара Египеттин пирамидалары менен теңтайлаша алган. Күмбөздү 720 миң адам 37 жыл бою курган. Күмбөздүн негизи бир нече квадрат километр аянтты ээлеген. Цинь Шихуандинин мүрзөсүнөн өкүмдарды «коргоо» үчүн орнотулган 8 миң чопо жоокерлердин айкелчелери да табылган.

Кошумча маалымат!

Кытайдын калкы «чай» дарагын да өстүрө баштаган, анын жалбыректарынан дарылуу ичимдик «чай» даярдалган. Чай бат эле бүткүл дүйнөгө таралды.

Тыт дарагын өстүрүү Кытай калкынын негизги жумуштарынан бири болгон. Тыттын жалбырагы менен жибек курту багылган. Жибек курту пиллаларга жибек оройт, пилладан абдан жеңил жана таза кездеме эсептелген жибек даярдалган.

Байыркы Иран

1. Ахеменидер мамлекети кайсыл державанын базасында калыптанган?

а) Лидия
б) Мидия*
в) Сирия
г) Ливия

2. Ахеменидер мамлекети - Ахеменидер династиясынын өкүлдөрү тарабынан түзүлгөн. Анын жашаган мезгили?

а) б.з.ч. VI-III кк.
б) б.з.ч VI-IVкк.*
в) б.д.ч. II-I кк.
г) б.з.ч V-II кк.

3. Ахеминиддер державасынын негиздөөчүсү ким болгон?

а) Кир II*
б) Дарий I
в) Камбиз I
г) Дарий III

4. Б.з.ч. VI кылымда ахеменийлер династиясын негиздеген перс падышасын белгилегиле:

а) Кир II*
б) Дарий I
б) Набупаласар
г) Набанид

5. Кир II нин башкарган мезгили?

а) б.з.ч. 550-530-жж*
б) б.з.ч. 550-580-жж
в) б.з.ч. 550-522-жж
г) б.з.ч. 530-592-жж

6. Кир II нин Борбордук Азияга жасаган жоортуулу качан болгон?

а) б.з.ч. 530-ж*
б) б.з.ч. 531-ж
в) б.з.ч. 532-ж
г) б.з.ч.533-ж



Кир II




Дарий I

7. Ахеменидер державасы качан пайда болгон?

а) б.з.ч. 550-ж* б) б.з.ч.551-ж

в) б.з.ч.552-ж г) б.з.ч.553-ж



Перс падышасынын "салтанат залы" – Ападанын калдыгы

8. Персиялыктардын эң белгилүү падышасы ким болгон?

а) Тутмос б) Хаммурапи

в) Хеопс г) Дарий I*

9. Б.з.ч. 516-жылы Бехустин аскасындагы жазуулар кайсыл перс падышасы тарабынан жазылган?

а) Кир II б) Камбиз

в) Дарий I* г) Дарий III

10. Дарий I нин башкарган мезгилин көрсөткүлө?

а) б.з.ч.550-530-жж б) б.з.ч.550-322-жж

в) б.з.ч.530-486-жж* г) б.з.ч.522-486-жж

11. Ахеменидер державасында.....акча реформасын жүргүзгөн:

а) Кир II б) Дарий I*

в) Камбиз г) Дарий III

12. Дарий I нин Борбордук Азияга жасаган жоортуулу качан болгон?

а) б.з.ч. 519-518-жж* б) б.з.ч. 520-519-жж
в) б.з.ч. 522-520-жж г) б.з.ч.523-521-жж

Негизги окуялар!

1) Кир II башкарган мезгили	Б.з.ч 550-530-жж
2) Дарий I башкарган мезгили	Б.з.ч.530-486-жж
3) Кир II Борбордук Азияга жасаган жоортуулу	Б.з.ч 530-ж
4) Грек-Перси согуштары	Б.з.ч 500-449-жж
5) Дарий I Борбордук Азияга жасаган жоортуулу	Б.з.ч 519-518-жж
6) Ахеменидер державасынын кыйрашы	Б.з.ч 327-ж

13. Дарий I канчанчы жылы тиграхауд сактарын багындырып, падышасы Скунханы колго түшүргөн?

а) б.з.ч. 518-ж б) б.з.ч. 519-ж*
в) б.з.ч. 520-ж г) б.з.ч. 521-ж

14. Перстердин кайсы падышасы тиграхауд сактарын басып алып, салык салган?

а) Кир II б) Камбиз
в) Дарий I* г) Дарий III

15. Грек-Перси согуштары кайсы жылдарда болгон?

а) Б.з.ч. 500-449-жж* б) Б.з.ч. 500-444-жж
в) Б.з.ч. 500-433-жж г) Б.з.ч. 500-346-жж

16. Персиянын борбор шаары:

а) Персеполь* б) Тегеран
в) Вавилон г) Багдад

17. Согдияда он жети күндө курулган "Александр эсхата" чеп шаарын ким курдурган?

а) Селевки б) Антиох
в) А.Македонский* г) Спитамен

18. Окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

а) Грек-Перси согуштарынын аякташы
б) Ахеменидер державасынын негизделиши
в) Дарий I дин Борбордук Азияга жортуулу
г) Ахеменидер державасынын кулашы
д) Кир II нин сактардан жеңилиши

1	2	3	4	5

19. Б.з.ч. 327-жылы Александр Македонскийдин аскерлери Персополь шаарын басып алып, падышанын дворецин талап тоношкон, натыйжада:

а) Персия мамлекети кыйраган*
б) Македонский курман болгон
в) Персия мамлекети алсыраган
г) Дарий I курман болгон

20. А.Макдонский өлгөндөн кийин Орто Азияда Селевкилердин мамлекети түзүлгөн. Селевкилердин эң чыгыштагы шаары кандайча аталган?

а) Антиохия б) Яксарт
в) Өзгөн г) Эсхата*

Дал келтиргиле:

1) Ахеменидер династиясын негиздеген инсан	А) А. Македонский
2) Сактардын көпчүлүк бөлүгүн каратууга жетишкен перс падышасы	Б) Дарий I
3) Зароастризм динининн ыйык китеби	В) Кир II
4) Б.з.ч 530-жылы Кир IIни жеңип алган эл	Г) Авеста
5) Б.з.ч 334-324-жылдарда Чыгышка жортуул уюштурган атактуу жол башчы	Д) Сактар

1	2	3	4	5

22. Бехистун аскасындагы жазууларды 1835-1847-жылдары кайсы окумуштуу которуп, окуп чыккан?

а) Англиялык Г. Роулинсон* б) Грециялык Геродот
в) Орусиялык В. Бартольд г) Кытайлык Сун Ятсен

21. Азыркы Иран мамлекети кайсы жылга чейин Персия деп аталган?

а) 1900-ж б) 1935-ж* в) 1946-ж г) 1949-ж

24. Төмөндөгү инсандардын кайсы жубу ашыкча?

а) Перс-Дарий I б) Кытай-Цин ши-Хуан
в) Египет-Тутанхамон г) Вавилон-Солон*

25. Төмөндөгү инсандардын кайсы жубу ашыкча?

а) Перс-Дарий I б) Кытай-У Ди
в) Египет-Аларих* г) Вавилон-Хаммурапи

26. Б.з.ч. I кылымда Зароастризм окуусунун ыйык текстти жыйналып китеп болуп чыккан. Ал кандай аталган?

а) "Авеста"* б) "Хижра"
в) "Куран" г) "Бибиля"

24. Манихей динин Мани деген адам негиздегендиктен, анын ысмынан аталган. Бул дин III кылымда кайсы жерде пайда болгон?

а) Персияда* б) Африкада
в) Аравияда г) Европада

26. Кайсы башкаруучунун тушунда Индиянын түндүгүнөн Жер Ортолук деңизине чейин созулган ири империя түзүлгөн?

а) Кир II б) Камбиз
в) Дарий I* г) Дарий III

Байыркы Греция

1. Дүйнөнүн байыркы жети керемети кайсы жерде биринчи жолу түзүлгөн?

а) Вавилондо б) Грецияда*
в) Ассирияда г) Римде

2. Эмне үчүн грек тарыхчысы Геродотту "тарыхтын атасы" деп аташкан?

а) тарыхка кызыгып көптөгөн мифтерди жазган
в) грек-перси согушунун тарыхын жазган*
б) дүйнө боюнча баарынан көп саякаттаган
г) биринчи жолу тарых деген китеп жазган

3. Геродоттун жашаган мезгили:

а) б.з.ч. 484-425-жж* б) б.з.ч. 482-412-жж
в) б.з.ч. 490-423-жж г) б.з.ч. 480-420-жж

4. Геродот «Тарых» деген эмгегин жазууга бүт өмүрүн арнаган. Ал эмгеги канча томдон турган?

а) 8 б) 9* в) 5 г) 3

5. Геродот төмөндөгүдөй адам болгон:

а) Философ б) Тарыхчы* в) Математик г) Падыша

6. Геродотту ким "тарыхтын атасы" деп атаган?

а) Цицерон* б) Демокрит в) Гиппократ г) Аристотель

7. "Полистер" – бул:


а) майда-шаар мамлекеттер* б) Римдеги аскерлер
в) грек тартип сакчылары г) грециядагы храмдар

8. Афина полиси кайсы мезгилде негизделген?


а) б.з.ч. IX-VIII кк.* б) б.з.ч.VII-VI кк.
в) б.з.ч. V-IV кк. г) б.з.ч. III-II кк.

9. Афинада кемелерден жүк түшүрүүдө көбүнчө кимдер иштешкен?

а) жалданма жумушчулар б) стратегдер
в) падышалар г) кулдар*



Кносс шаар калдыгы



Кносс сарайы

10. Афинанын гражданы деген ким?

а) Афинада туулган, укуктуу жана мамлекеттин алдында милдеттүү болгон адам*

б) Афинага көчүп келген жарандарга 20 жылдан кийин берилүүчү наам

в) Афинанын шаарларында гана жашаган адам

г) Афинага башка өлкөдөн көчүп келип жашаган элдер

11. Персия менен күрөшүү үчүн грек мамлекеттеринин аскер союзу кандай аталган?

а) Афина деңиз союзу

б) Спарта деңиз союзу

в) Фермопил деңиз союзу

г) Грекия деңиз союзу

12. Байыркы Афинада эң маанилүү чечимдерди ким кабыл алган?

а) Афина граждандарынын элдик чогулушу*

б) Афина ак сөөктөр союзунун башчылары

в) Афина шаарларына көчүп келген соодагерлер

г) Афинада падышалар гана чечим чыгарышкан

13. Байыркы Афинада б.з.ч V кылымдын экинчи жарымындагы эң ири саясий ишмерди атагыла:

а) Фидий б) Перикл*

в) Солон г) Геродот



Афинадагы Акрополь

14. Афина мамлекети б.з.ч V-IV кылымдарда эмне үчүн өнүккөндүгүн көрсөткүлө?

а) Көптөгөн кен байлыктарды казып алышкан
б) Афинада акылман башкаруучулар көп болгон
в) ал жерде демократия өкүм сүргөн
г) ал жерде дайыма кулдар эркин болушкан

15. Байыркы Афина мамлекети Чыгыш мамлекеттеринен эмнеси менен айырмаланган?

а) Афинада бүт бийлик падышалардын колунда болгон
б) Афинада мамлекетти башкарууга кулдар катышкан эмес
в) Афинада бийлик мураска өткөрүлүп берилчү эмес
г) Афинада мамлекетти башкарууга эркин тургундар катышкан

16. Грецияда Солондун реформалары кайсы мезгилде жүргүзүлгөн?

а) б.з.ч 594-593-жж*
б) б.з.ч 500-499-жж
в) б.з.ч 445-444-жж
г) б.з.ч 533-530-жж

17. Окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:
а) Грек-Перси согуштарынын аякташы
б) Грециядагы олимпиада оюндарынын башталышы
в) Солондун реформалары жүргүзүлгөн
г) Афина полиси түзүлгөн
д) Марафон салгылашуусу болуп өткөн

1	2	3	4	5

18. Спарталыктардын бош убактагы негизги иши эмне болгон?
а) дыйканчылык жана мал багуу
б) пайдалуу кендерди казуу
в) согушка даярдануу жана ага катышуу*
г) кеме куруу жана саякатка чыгуу

19. Байыркы Грецияда Солон деген ким болгон?
а) келечекти алдын ала айткан бакшы адам
б) Грециядагы кулдардын көтөрүлүшүнүн жетекчиси
в) Афинада карыз үчүн кулчулукка тыюу салууга жетишкен мыйзамдын автору*
г) Гректере трагедияларды жараткан инсан

20. Фемистокл – деген ким болгон?
а) б.д.ч. VII кылымдагы Грециялык оратор
б) б.д.ч VI кылымдагы Спарталык падыша
в) б.д.ч V кылымдагы Афиналык стратег*
г) б.д.ч. III кылымдагы Спарталык аскер башчы

21. Биздин заманга чейинки VIII–VI кылымдарда көптөгөн грек колониялары түзүлдү. Бул доор тарыхта кандай аталган?
а) Улуу Грек колониялаштыруу мезгили*
а) Улуу Грек шаар-мамлекеттеринин мезгили
а) Грек колониялаштыруу мезгили болгон эмес
г) жогорудагы көрсөтүлгөн жооптордун баары туура





Зевс кудайынын айкели

Солондун реформалары жөнүндө эссе жазгыла

Грециядагы олимпиада оюндары







Олимпиада оюндары

21. Грецияда олимпиадалык оюндар кимге арналып өткөрүлгөн?

а) Марафон женишине арналган
б) согуштарды токтотуу үчүн
в) Зевис кудайынын урматына*
г) стратег Солондун урматына

22. Байыркы Грецияда олимпиада оюндары качан башталган?

а) б.з.ч. 776-ж* б) б.з.ч. 753-ж

в) б.з.ч. 750-ж г) б.з.ч. 730-ж

23. Эзелки Грецияда олимпиада жеңүүчүлөрнө кандай урмат көрсөтүлгөн?

а) туулган жерине ысмы ыйгарылып,

б) медалдарды алышкан жана саякатка чыгышкан

в) падышанын аскерине алынган

г) туулган жерине эстелиги орнотулуп, өмүр бою бекер тамактандырылган*

24. Олимпиада оюндарына катышууга тыюу салынган:

а) балдарга б) аялдарга*

в) карыяларга г) эркектерге

25. Грек шаарларында өз-ара согушууга тыюу салынган мааракe:

а) Афина кудайынын туулган күнү

б) Эгин эгүү майрамында

в) Зевистин туулган күнүндө

г) Олимпиада оюндарында*

26. Биздин доорго чейинки 776-жылдагы маанилүү окуя, бул:

а) Афина шаары негизделген жыл

б) Грецияда мыйзам чыгаруучу кадырлуу Солон туулган жыл

в) Биринчи олимпиада оюндары өткөн убакыт*

г) Афина шаар-мамлекетин (полис) негизделген

27. Төмөндө аталган окуялардын кайсынысы баарынан мурда болгон?

а) Периклдин башкаруусу

б) Солондун реформалары

в) Олимпиада оюндарынын башталышы*

г) Спартактын көтөрүлүшү

Грек-Перс согуштары (Б.з.ч 500-449-жж)



Грек-Перс согуштары (б.з.ч. 500-449-жжж)

1. Грек-Перс согуштары кайсы мезгилде болгон?

а) б.з.ч. 594-400-жж
б) б.з.ч. 500-449-жж*
в) б.зч. 509-444-жж
г) б.зч. 490-480-жж

2. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы Грек-Перс согушунун башталышынын себеби боло алат?

а) гректер дайыма персиялыктарды мазактаган
б) Персиянын падышалары гректерди багындырып, байлыгын басып алуучу эл деп эсептеген*
в) Грециянын тоолору алтын, күмүш, калайга көп болгон
г) Перстер Грециядагы эң чоң алтын кенди басып алууну каалаган

3. Марафон салагылашы кайсы жылы болгон?

а) б.з.ч. 594-ж
б) б.з.ч. 538-ж
в) б.зч. 509-ж
г) б.зч. 490-ж*

4. Б.з.ч 480-жылы Фермопилдеги салгылашта перс падышасы Ксеркс кайсы жерди басып алган?

а) Афинаны* б) Спартаны

в) Марафонду г) Грецияны

5. «Келип ал» деген белгилүү сөздү ким айткан?

а) Мильтиад Марофондогу согушта

б) Леонид Фермопилдеги согушта*

в) Прометей адамдарга от алып келгенде

г) Ксеркс Марофон салгылашуусунда

6. Грек-Перс согушундагы Платея салгылашуусу качан болгон?

а) б.з.ч. 594-ж б) б.з.ч. 538-ж

в) б.з.ч. 509-ж г) б.з.ч. 479-ж*

Негизги окуялар!

1) Марафон салагылашы	Б.з.ч 490-ж
2) Троя согушу	Б.з.ч 1200-ж
3) Солондун реформалары	Б.з.ч 594-593-жж
4) Саламин аралынын жанындагы салгылаш	Б.з.ч 480-ж
5) Грецияда олимпиада оюндарынын башталышы	Б.з.ч 776-ж
6) Грек-Перси согуштары	Б.з.ч 500-449-жж
7) Периклдын башкаруу мезгили	Б.з.ч 443-429-жж

7. Биздин доорго чейинки IV кылымда Афина демократиясынын солгундашынын башкы себебин көрсөткүлө:

а) башка грек мамлекеттери менен атаандашуу

б) Спарта менен болгон согушта жеңилүү

в) кулдардын көбөйүшү, эркин дыйкандардын жана кол өнөрчүлөрдүн жакырланышы*

г) кулдарды эркиндикке чыгарышып, салыктар азайып кеткен

8. Македония аскерлеринин негизги күчү кимдерден куралган?

а) жакырлардан турган жеңил пехота
б) кулдардан турган күчтүү отряддар
в) мыкты куралданган пехотадан турган фаланга жана атчандар*
г) көп акча алган жалданма аскерлерден

9. Александр Македонскийдин жашаган мезгили:

а) б.з.ч 500-322-жж
б) б.з.ч. 356-323-жж*
в) б.з.ч 445-410-жж
г) б.з.ч 233-209-жж

10. Алесандр Македонскийдин бийлик жүргүзгөн мезгили:

а) б.з.ч 500-322-жж
б) б.з.ч. 336-323-жж*
в) б.з.ч 445-410-жж
г) б.з.ч 233-209-жж

11. Александр Македонскийдин эң күчтүү душманы – бул:

а) Сактар
б) Индия
в) Финикия
г) Перс падышалыгы*

12. Б.з.ч. III к. башында Александр Македонскийдин державасынын негизинде пайда болгон башкы мамлекеттерди атагыла:

а) Афганистан, Кытай, Индия
б) Персия, Түрк кагандыгы
в) Армения, Грузия, Абхазия
г) Египет, Сирия, Македония*

13. Жер Ортолук деңизинин Фарос аралында кемелер үчүн мунара курулган. Бул "Александр маягы" деп аталат жана дүйнөнүн жети кереметтеринин катарына кирген. Бул курулуш кайсы жылдары курулган?

а) б.з.ч 230-жылдарда
б) б.з.ч 280-жылдарда*
в) б.з.ч 221-жылдарда
г) б.з.ч 250-жылдарда

14. "Александр маягынын" бийиктиги канча метрге жеткен?

а) 100 метр б) 120 метр* в) 156 метр в) 190 метр

Окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:
а) Троя согушу
б) Платея салгылашуусу
в) Марафон салгылашуусу
г) Фермопилдин жанындагы салгылашуу
д) Акыркы Пуни согушу

1	2	3	4	5

Окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:
а) Александр Македонскийдин бийликке келиши
б) Александр Македонскийдин чыгышка жортуулунун башталышы
в) Александр Македонскийдин курман болушу
г) Александр Маягынын курулушу
д) Сактар менен Македонскийдин Сыр-Дарыя салгылашуусу

1	2	3	4	5

15. "Алесандр маягы" кайсы Египет башкаруучусунун мезгилинде салынган?
а) Тутмос б) Птолемей*
в) Клеопатра г) Хеопс

16. Александр Македонскийдин армиясынын чыгышка жортуулу кайсы мезгилди камтыйт?
а) б.з.ч. 335-325-жж б) б.з.ч. 333-323-жж
в) б.з.ч. 334-324-жж* г) б.з.ч. 314-311-жж

Грек–перси согуштарынын себептери

Б.з.ч. V кылымдын баштарында Грецияга персилер кооп сала баштайт. Дарий I бийлик жүргүзүп жаткан Перс мамлекети жаңы мамлекеттерди басып алууга умтулат. Грециянын бардык шаарларында Перс элчилери пайда болот, *алар: «Биздин өкүмдар, падышалардын падышасы улуу Дарий, күн чыгыштан күн батышка чейин болгон жерлердеги бардык адамдардын жападан жалгыз ээси, силерден жер жана суу талап кылып жатат»*, деп ачыктан ачык айтышкан. Грециядагы кээ бир шаарлардын калкы персилерге каршылык көрсөтүүдөн пайда жок деп эсептешкен, падышасы Дарий I дин койгон талаптарын аткарууга ыраазы болушкан. Афина менен Спарта баскынчыларга баш ийбөөнү чечет. Перс элчилери Афинага келгенде шаардын калкы ачуусунан аларды өлтүрүп, аскадан ары таштап жиберишет. Элчилерди терең кудукка таштап салышкан спарталыктар болсо, какшыктоо менен: *«Жетиштүү сууну да, жерди да кудуктун түбүнөн табасыңар!»*, дешкен экен. Перси падышалары Кичи Азиядагы грек шаар-мамлекеттерин басып алышат, Грециянын падышасы грек полистерине жардам колун созот.

Марафон салгылашуусу

Биздин заманга чейинки 490-жылдын сентябрь айында Перс аскердик флоту Эгей деңизин кесип өтөт жана Марафон түздүгүндө найза, канжар менен куралданган Перс атчандары кемеден түшүшөт. Гректер перстерге караганда кыйлага аз болчу, ошондуктан алар перси атчандары жетип бара албай турган аскаларга орношуп алышат. Гректердин кошууну перстерди Аттиканын ичкерисине бара турган жолдордон тосуп коёт. Бирок түздөн-түз салгылашуудан коркушкан. Бир жума өтөт. Колбашчы Мильтиад эртең менен болуп өткөн окуядан кабар таап, Марафон өрөөнүндө калган перс кошуундарын кырып салууну чечет. Ошол кезде гректер түздүктө калган Перси кошуундарынын артынан кирип барышат. перстер кемелерин карай кача баштайт. Гректер бул салгылашууда перстердин жети кемесин ээлеп алышат, башка кемелер качып калышкан. Марафон согушундагы жеңишти Афинага кабарлоо үчүн бир согушкер шаарга жүгүрдү. Туптуура 42 километр жолду басып өткөн жоокер «Жеңиш! Жеңиш! ...» деп кыйкырат да, аба жетпестен өлөр абалда жыгылат. Кийинчерээк алыс аралыкка чуркоо Марафондук чуркоо деп аталып калды.

Фермопиль салгылашуусу

Жаңы согушка даярдык көрүлүп жатканда Дарий I дүйнөдөн кайтат. Грецияга анын уулу Ксеркс жүрүш баштайт. Б.з.ч. 480-жылы Ксеркстин кошуундары түндүк Грецияны басып ала баштайт. Тоолордогу Фермопиль капчыгайы Грециянын түндүгүнөн түштүгүнө алып барган жалгыз жол болгон. Гректер ошол жерге буктурма коюуну чечишет, Грек кошуундарына Спартанын падышасы Леонид башчылык кылган. Ал персилердин баскынын кайтарып турган. Бирок бир чыккынчы перстерге тоо аркылуу өткөн жолду көрсөтүп берет. Мындан кабар тапкан Леонид 300 спарталыктан башка бардык грек жоокерлерине чегинүүгө буйрук берет. Спарталыктардын бардыгы согуш талаасында баатырларча өлүм табат. Бул окуя *«Үч жүз спарталыктын эрдиги»* аты менен тарыхта калды. Фермопиль салгылашуусунан кийин Ксеркстин кошуундары Ортоңку Грецияга жетип барып, Афинаны алышкан.

Саламин салгылашуусу

Гректер жана персилер ортосунда чечүүчү согуш б.з.ч. 480-жылы Саламин булуңунда болуп өтөт. Грекреде 200 аскердик кеме – триера курушат. Бул кемелер аскалардын арасынан жана тайыз жерлерден сүзүп өтө алган жана өз доору үчүн жогорку ылдамдыкта – саатына 18 километр ылдамдыкта сүзгөн. Грек мамлекеттеринин бириккен флоту перстердин аскердик флотунан күчтүү экендиги белгилүү болот. Жеңилген Ксеркс флоттун калдыктары менен Грециядан чыгып кетүүгө аргасыз болот. Б.з.ч. 479-жылы персилер кайра Афинаны басып алууга урунушат. Гректердин бириккен кошууну Платея шаарына жакын жерде перс кошуундарын талкалайт. Бул грек-перси согуштарындагы акыркы салгылашуу эле. Грек-перси согуштары гректердин толук жеңиши менен, б.з.ч. 449-жылдагы келишим натыйжасында аяктады.

Байыркы Грециянын маданияты, уламыштары, жана диний ишенимдери

1. Алгачкы грек поэмасындагы Одиссейдин мекени:
а) Эллин б) Кипр
в) Итака* г) Крит

2. "Илиада" жана "Одиссея" поэмаларынын автору:
а) Геродот б) Гомер* в) Солон г) Сократ

3. Грецияда кайсы мезгилде биринчи театр курулган?
а) б.з.ч. VIII кылымда б) б.з.ч VI кылымда
в) б.з.ч. IV кылымда* г) б.з.ч II кылымда

4. Төмөндөгү инсандардын кайсынысы Грециянын даңазалуу баатыры болуп саналат?
а) Ахилл б) Ясон
в) Геракл* г) Патрокл

5. Грек уламышы боюнча отту жашырып келген, Зевистен элге отту уурдап келген баатыр:
а) Одиссей б) Ясон
в) Прометей* г) Ахилл

6. Олимп тоосу гректер үчүн кандай жер болгон?
а) ал жерде жрецтер кудайга сыйынган
б) Ал жерде кудайлар жашаган*
в) Олимп тоосунун эч кандай мааниси жок
г) эч кандай мааниге ээ болгон эмес

7. Зевис кудайына Римдиктер берген аталыш:
а) Нептун б) Минерва
в) Юпитер* г) Вулкан

8. Байыркы Грецияда бүткүл ааламга бийлик жүргүзгөн кудайлар:
а) Афина, Афродита, Дионис б) Зевс, Посейдон, Аид*
в) Гефест, Деметря, Гера г) Юпитер, Аид, Посейдон

9. Театралдык оюндардын күндөрүндө гректер иштешкен эмес, театрга баруу афиналык жарандардын милдети болгон. Эң жакырларга керек болсо акча да төлөшкөн, зыяндын ордун жабуу үчүн. Драмалык өнөрдү мындай ызааттоо афиналыктар театралдык оюндар аркылуу кайсы кудайды урматташканын көрсөткөн?

а) Зевс кудайын б) Дионис кудайын*
в) Гера кудайын г) Афина кудайын

Байыркы Грециянын кудайлары

1) Зевс	Гректердин башкы кудайы
2) Посейдон	Деңиз кудайы
3) Аид	Жер астындагы дүйнөнүн кудайы
4) Гера	Никелик турмуш кудайы
5) Афродита	Сүйүүнүн жана сулуулук кудайы
6) Арес	Согуш кудайы
7) Афина	Акылмандуулуктун кудайы
8) Апполон	Күн кудайы жана искусствонун ээси
9) Артемида	Ай кудайы жана аңчылыктын ээси
10) Гермес	Малдын, жайыттын жана сооданын ээси
11) Дионис	Жүзүм өстүрүүнүн, вино жасоонун кудайы

10. Гректердин Зевстен да коркпогон деңиз кудайы:

а) Дионис б) Артемида
в) Афина г) Посейдон*

11. Гректер ырдай же бийлей албаган кишини билимсиз деп эсептешкен. Эркек балдар канча жашынан гимнастика менен машыга башташкан?

а) он жашынан б) он төрт жашынан
в) жыйырма жашынан г) отуз жашынан

12. Илимдеги жетишкендиктерди илимдин тармактарына бөлүштүргөн биринчи илимпоз ким:

а) Перикл б) Демокрит
в) Гиппократ г) Аристотель*

Дал келтиргиле:

1) Байыркы Афинада "Чоңдор үчүн мектеп" деп аташкан	А) Посейдон
2) Гректердин Зевстен да коркпогон деңиз кудайы	Б) Театр
3) Байыркы Гректердин даңазалуу баатыры	В) Китепкана
4) Биринчи музей бул	Г) Гиппократ
5) Байыркы грек дарыгери	Д) Геракл

1	2	3	4	5

13. Байыркы Грецияда «Акылдын ээси» деп кимди аташкан:
а) Гомерди, Гесиодду б) Гердотту, Гомерди
в) Эсхилди, Софклды* г) Геракл, Аристотелди

14. «Шайыр адамдардын ыры» деген сөз грек тилинен которгондо:
а) трагедия б) комедия* в) поэма г) сатира

15. Эсхил, Софокл, Еврипид, Аристофан, Менандра булар болушкан:
а) трагедиялар менен комедиялардын атактуу авторлору*
г) Грециянын эң белгилүү кудайлары жана баатырлары
в) Грециядагы баардык жомоктордун, жана мифтердин авторлору
г) Грециядагы эң мыкты аскер башчылар

16. Гиппократ (б. з. ч. 460–377) – ....болгон:
а) байыркы грек дарыгери* б) байыркы грек акыны
б) байыркы грек философу г) байыркы грек тарыхчысы

17. Гиппократты бүгүнкү күндө.....аташат:
а) "Медицинанын атасы"* б) "Тарыхтын атасы"
в) "Математиканын атасы" г) "Химиянын негиздөөчүсү"

Дал келтиргиле:

1) Б.з.ч V кылымдагы грек архитектору жана скульптору	А) Парфенон
2) Байыркы Грециядагы эң атактуу храм	Б) Фидий
3) Грек-македония дүйнөсүндө эң ири маданий борбор болгон шаар	В) Гомер
4) Зевс кудайына Римдиктер берген аталыш	Г) Египеттеги Александрия
5) "Илиада" жана "Одиссея" поэмаларынын автору	Д) Юпитер

1	2	3	4	5

18. Грек-эллин жазуусу.....иштелип чыккан:
а) Египет жазуусунун негизинде
б) Финикиялык алфавиттин негизинде*
в) Согду жазуусунун негизинде
г) Кытай жазуусунун негизинде

19. Грецияда кайсы мезгилде Финикия алиппесине негизделген жаңы жазууну жаратышкан?
а) Биздин заманга чейинки V кылымда
б) Биздин заманга чейинки VI кылымда
в) Биздин заманга чейинки VII кылымда
г) Биздин заманга чейинки VIII кылымда*

19. Фидий жасаган Зевстин айкелинин бийиктиги 12 метр. Анын курулушуна кандай каражаттар колдонулган?
а) 10 кг, алтын 10 тонна пил сөөгү
б) 200 кг алтын, 1 тонна пил сөөгү*
в) 100 кг алтын, 12 тонна пил сөөгү
г) 120 кг алтын, 10 тонна пил сөөгү

20. Байыркы Грецияда мыйзам боюнча билим алуу кимдер үчүн гана милдеттүү болгон?

б) эркек балдар*
б) кыз балдар
в) байлардын балдары
г) стратегдердин балдары

21. Акрополь деген – бул:

а) Афинанын мыкты имараттар жана статуялар менен кооздолгон борбордук бөлүгү*
б) Спарта шаарындагы башкаруучулардын хан-сарайлары
в) Афина шаарындагы эң чоң театрдын аталышы
г) Грециядагы эң кичине базардын аталышы

22. Илоттор – деп кимдерди аташкан?

а) Спарталыктар кулга айландырган жергиликтүү калкты*
б) Афиналыктар кулга айландырган жергиликтүү калкты
в) Римдиктер кулга айландырган жергиликтүү калкты
г) Персиялыктар кулга айландырган жергиликтүү калкты

Драконттун мыйзамдары

Афинаны башкарууда Аксакалдар кеңеши чоң роль ойногон. Ушул кеңеш акимдер менен судьяларды шайлаган. Алар, кеңеш мүчөлөрү сыяктуу, бир гана Афина ак сөөктөрүнөн турган. Афинада калктын бир бөлүгү – ак сөөктөр (аристократия) ээлик кылган, калган бир бөлөгү карапайым калк – (демос) болсо алардын пайдасына иштөөгө аргасыз болгон. Ушул себептен Афина мамлекетинин калкы ортосунда келишпестиктердин жана нааразычылыктар пайда болгон. Адилеттүүлүк орнотулушун каалаган эки жак тең Драконт деген падышага кайрылат. Алар Драконттон укук жана милдеттер боюнча бардыгы үчүн бирдей мыйзамдар түзүүнү суранышат.

Б.з.ч. 621-жылы Драконт элдик башкарууну четке каккан мыйзамдарды жазат жана колдонууга киргизет. Бул мыйзамдар өтө катуу жана аёосуз болгондуктан, афиналыктар ага «сыя менен эмес, кан менен жазылган» деп баа беришкен. Мыйзамды аз жерден бузган үчүн да Драконт жалгыз жазаны – өлүм жазасын белгилеген.

Баштап афиналыктар мыйзамга баш ийишкен, кийинчерээк нааразы болушуп, мыйзам чыгарган Драконтту шаардан кууп салышкан.

Афинада демократиянын өнүгүшү

Эркек жынысына таандык бардык жарандар 20 жашынан баштап Элдик чогулушта катышкан. Элдик чогулуштун чоң бөлүгү колунда жок кол өнөрчүлөрдөн, соодагерлерден жана дыйкандардан турган. Элдик чогулушта масса үчүн пайдалуу токтомдор кабыл алынган. Кезектеги чогулуш өткөрүлө турган 96 Беш жүздүктөр кеңешинин чогулушу Элдик чогулуш күн алдын ала жарыяланган. Чогулуш эртерээкке белгиленген, анткени эмгекчилер күндүзү чогулушка келе алышпаган. Афинада кызмат адамдары Элдик чогулуш тарабынан белгилүү мөөнөткө шайланышкан жана чогулушка эсеп беришкен. Эгерде кызмат адамы өзүнүн милдеттерин аткара албаса, Элдик чогулуш бул адамды мөөнөтүнөн мурда кызматынан бошоткон. Элдик чогулуш жаңы мыйзамдарды бекиткен, мисалы, жаңы имараттардын курулушуна, армияга жана башкаларга каражат ажыратуу жөнүндө токтом кабыл алган. Жыл сайын шайлана турган Беш жүздүктөр кеңеши күндөлүк маселелерди чечкен. Беш жүздүктөр кеңешине стратег жетекчилик кылган. Кеңеш токтомдору элдик жыйындарда кабыл алынган. Элдик сот да Афинада маанилүү мамлекеттик орган болгон. 30 жашка толгон жарандар анын ишкердигинде катыша алган. Сотто күнөөлүү өзүн-өзү коргой алууга, же сөзгө чечен жана мыйзамдарды мыкты билген адамды жалдоого тийиш болгон.

Периклдын кылымы

Б.з.ч. 443–429 жылдары 15 жолу стратег кызматына шайланган Периклдын падышалыгы доорунда Афина эң күчтүү мамлекет болду, мамлекетте демократия өнүктү. Ошондуктан бул доор «Периклдын кылымы» деп аталган. Жазуучулар, окумуштуулар жана сүрөтчүлөр Периклдын достору болгон. Перикл тарыхчы Геродот, скульптор Фидий менен дос болгон. Перикл Элдик чогулуштагы кызматтарга эмгек акы төлөөнү киргизди.

Периклдин бийлиги тушунда Афинада ири курулуш иштери аткарылды. Ал Акрополдогу курулган Парфенон – кудай Афинанын ибадатканасы эң белгилүү имарат эле. Периклдин ишкердиги бай шаардыктарга жакпаган, ал ак сөөктөрдүн соккуларын кайтарып турууга аргасыз болгон. Перикл дүйнөдөн кайткандан кийин ал киргизген көптөгөн жаңылыктар четке кагылды.

Төмөнкү тапшырмаларды аткаргыла:

Төмөнкү элементтерди тарыхый жактан эмне бириктирип турат?

Зевс, Посейдон, Афина, Дионис, Аид

Узундукка секирүү, диск ыргытуу, жаа атуу, чуркоо, күрөш

Солон, Перикл, Фемистокл

Аристотель, Гиппократ, Гераклит, Диоген

Геракл, Ахиллес, Тесей, Аякс

"Илиада", Одиссея", "Антигона", "Царь Эдип"

Эсхил, Софокл, Еврипид, Аристофан

Марофон, Саламин, Фермопил, Платея

Байыркы Рим

1. Байыркы мезгилде Римдиктер кайсы окуяны өзүлөрүнүн жыл эсептөөсүнүн башталышы деп эсептешчү?

а) Республиканын орношун
в) Римдин негизделишин*
б) Спартактын көтөрүлүшүн
г) Зевстин туулган күнүн

2. Байыркы Рим шаары качан негизделген?

а) б.з.ч. 553-ж б) б.з.ч. 753-ж*
в) б.з.ч 746-ж г) б.з.ч. 443-ж

3. Рим шаары кайсы дарыянын жээгинде пайда болгон?

а) Волга б) Тибр* в) Янцызы г) Ефрат

4. Римдин биринчи императорун белгиле:

а) Помпей б) Юлий Цезарь*
в) Антоний г) Август

5. Римде Республиканын орношу кайсы жылы болгон?

а) б.з.ч 509-ж* б) б.з.ч 406-ж
в) б.з.ч. 395-ж г) б.з.ч 233-ж



Ромул жана Ремди эмизген Эне карышкыр
Коло. Б.з.ч V к. Капитолий музейи. Рим

6. Окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

а) Рим империясынын негизделиши
б) Христиан дини пайда болгон
в) Рим шаары негизделген
г) Римде Республика орногон
д) Юлий Цезарь өлтүрүлгөн

1	2	3	4	5

7. Римде Христиан динин кабылдоо тууралуу чечим чыгарган император:

а) Троян
б) Август
в) Константин*
д) Цезар

8. Христиан дини качан пайда болгон?

а) б.з.ч. III к
б) б.з.ч. IVк
в) б.з I к*
г) б.з. V к

9. Эмне себептен христиан дини биринчилерден болуп кедейлердин арасында таркаган?

а) кедейлер ошол мезгилдеги эң бекерчи адамдар болшкан
б) алар коргонуунун жана өз жакырчылыгынан алаксуунун башка жолун билишкен эмес*
в) христиан дини мурдакы диндерге салыштырмалуу оңой болгон
г) Христиан дини кедейлер үчүн өтө пайдалуу болгон

10. Христиан динин ыйык китеби?

а) "Библя"*
б) "Тоорат"
в) "Куран"
г) "Авеста"

11. Инжил (Библия) китеби эки бөлүктөн турат алар.....

а) Сунна-Шиит
б) "Эски осуят"-"Жаңы осуят"*
в) Жакшы-Жаман
г) Тоорат- Авеста

12. Римдиктер эмнени ойлоп табышкан?

а) кагаз
б) тунук айнек
в) бетон*
г) пергамент

13. Римдиктер Карфагенди кандай аташкан?
а) грек б) пуни* в) тигр г) варвар

14. Окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:
а) Спартактын көтөрүлүшү
б) Октавиан Августтун башкаруу мезгили
в) Константин христиан динине өтүшү
г) Биринчи Пуни согушунун башталышы
д) Римдеги Колизейдин курулушу

1	2	3	4	5

15. Байыркы мезгилде "бөлүп алып бийлей бер" деген саясатты кимдер жүргүзүшкөн?
а) Карфагендиктер б) Гректер
в) Германдар г) Римдиктер*

16. 3 – Пуни согушу эмне менен аяктады?
а) Римдин жеңилиши менен
б) Римдин Карфагенди толук каратуусу менен*
в) Келишим түзүү менен
г) Карфаген Италиядагы жерлеринен айрылды

17. Биздин доорго чейинки 74-71-жылдарды кандай окуя болгон?
а) акыркы пуни согушу
б) Римден Помпейге жол куруу
в) Спартактын көтөрүлүшү*
г) Олимпиада оюндары өткөрүлгөн

18. Спартактын көтөрүлүшү кайсы мезгилде болгонун көрсөт:
а) б.з.ч. 80-70-жж б) б.з.ч. 78-75-жж
в) б.з.ч. 74-71-жж* г) б.з.ч. 70-67-жж

20. Цицерон деген ким болгон?
а) атактуу кол башчы б) улуу оратор*
в) чоң акын г) тарыхтын атасы

Дал келтиргиле:

1) "Бөлүп алып бийлей бер" деген саясатты жүргүзүшкөн	А) Лукреций
2) «Заттардын табияты жөнүндө» - Рим поэмасын жазган	Б) Римдиктер
3) Атактуу "Энеида" поэмасынын авторун көрсөткүлө	В) Пантеон
4) Бардык кудайлардын Римдеги храмы	Г) Вергилий
5) Рим империясынын эң акыркы басып алуучулук жортуулдарын жүргүзгөн	Д) Троян

1	2	3	4	5

19. Байыркы Римде «эгин менен оюн зоокту» булар талап кылган:

а) кулдар
б) жакырлар*
в) жрецтер
г) императорлор

21. Эмне үчүн Рим жоокерлери "таш бака" тизилишин колдонушкан?

а) Таш-Бака тизилишин эч качан колдонгон эмес
б) Өз жоокерлерин душмандын жаачыларынын огунан сактоо үчүн*
в) Жарадар болгондорду коргоп калуу максатында колдонушкан
г) Жеңилип бара жатканда артка чегинбеш үчүн

22. Рим империясы качан экиге бөлүнгөн?

а) 546-ж б) 788-ж в) 395-ж* г) 552-ж

23. Атактуу «Энеида» поэмасында эмнелер жөнүндө айтылган?

а) дүйнөнүн жаралышы жөнүндө
б) Италияга Троядан гректер келгендиги жөнүндө*
в) курчап турган дүйнөнүн түзүлүшү жөнүндө
г) дүйнөдөгү баардык географиялык маалыматтар

24. Атактуу "Энеида" поэмасынын авторун көрсөткүлө:

а) Аристотел б) Вергилий*

в) Лукреций г) Геродот

25. Биздин доордун I кылымы «Рим поэзиясынын алтын кылымы» деп аталат. Себеби төмөндөгүчө:

а) ошол мезгилде Батыш Рим империясында эң чоң кен табылган

б) бул учурда Римдин эң улуу акындары жашаган жана ыр чыгарышкан*

в) бул учурда акындар жана ырчылар алтындан кийимдерди кийишкен

г) анткени бул мезгилде эң акылдуу инсандар курман болушкан

26. Рим империясында II-III кылымдагы кулчулук кандай роль ойногон?

а) чарбалардын өнүгүшүнө көмөкчү болгон жана мамлекетти түзүшкөн

б) кул ээлөөчү мамлекетти чындаган

в) чарбанын өнүгүшүнө кедерги болуп анын төмөндөп кетишине алып келген*

г) империянын чыңдалышына шарт түзүп, казына толгон

27. Дүйнөнүн жети кереметинин катарына кирген Римдеги Колизей кайсы жылдары курулган?

а) б.з. 34-47-жж б) б.з. 56-72-жж*

в) б.з. 72-80-жж г) б.з. 82-95-жж

28. Рим империясында колонаттын пайда болуу себебин көрсөт:

а) рим императорлору кулдарды жактаган

б) кул ээлөөчүлөргө кулдардын эмгек өндүрүмдүүлүгү төмөн болгондугу жаккан эмес*

в) кулдар Рим империясынан өз журттарына массалык түрдө качышкан

г) кулдардын масалеси чечилбей калган

29. VIII кылымга чейин Римдеги Колизей кандай атлып жүргөн?


а) Аскер театры
б) Флавиевдердин амфитеатры*
в) Гладиатор амфитеатры
г) Цезардын бакчасы

30. "Колизей" латын тилинен которгондо.....дегенди туюнтат:

а) Кармашуучу жер
б) Абдан чоң*
в) Театр
г) Оюн аянтчасы

31. Кайсы жылдан баштап Амфитаетрда гладиаторлордун уруштарын өткөрүүгө тыюу салынган?

а) 217-жылдан баштап
б) 405-жылдан баштап*
в) 322-жылдан баштап
г) 476-жылдан баштап



Римдеги Пантеон храмы



Рим армиясы

14. Окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

а) Римдеги Колизейдин курулушу
б) Римдеги Пантеон храмынын курулушу
в) Рим империясынын экиге жиктелиши
г) Батыш Рим империясынын кулашы
д) Византия империясынын түзүлүшү

1	2	3	4	5

32. Амфитеатрдын ичине кирүү үчүн анын канча эшиги болгон?

а) 34 б) 41 в) 80* г) 99

33. Римдеги Пантеон храмы качан курулган?

а) б.з.ч 20-ж б) б.з.ч 27-ж*
в) б.з.ч 39-ж г) б.з.ч 21-ж

34. Римдиктердин башкы кудайы кандай атлган?

а) Зевс б) Амон-Ра в) Фараон г) Юптиер*

35. Рим империясындагы кул ээлөөчүлүктүн кризиси бул:

а) өлкөнүн чарбасынын гүлдөшү
б) мамлекеттин күчтөнүшү жана жаңы басып алуулар
в) чарбанын начарлашы жана кулдардын көтөрүлүшү*
г) мамлекет гүлдөп, бирок элдер жакыр жашаган

36. Рим империясынын эң акыркы басып алуучулук жортуулдарын жүргүзгөн император:

а) Цезарь б) Август
в) Троян* г) Геродот

37. Рим империясын жарым жартылай чындоо төмөнкү императордун мезгилинде болду:
а) Трояндын учурунда*
б) Диоклетиандын учурунда
в) Константиндин учурунда
г) Цезардын учурунд

38. Рим империясынын солгундашына эң биринчи төмөнкүлөр түрткү болду:
а) варварлардын кол салуусу*
б) плебейлердин нааразычылыгы
в) колондордун көтөрүлүшү
г) кулдардын азат болушу

40. 476-жылы дүйнөнүн тарыхында чоң бурулуш окуялар болгон...
а) Батыш Европада кул ээлөөчулүк түзүлүш кулаган
б) Батыш Рим империясы кулаган
в) Байыркы дүйнөнүн тарыхы аяктаган
г) Баары туура*

39. Батыш Рим империясынын кулашынын маанисиэмнеде?
а) жапайылар тынч алып римдиктер кол салбай калган
б) ошол кездеги эң ири кул ээлөөчү мамлекет кыйраган, бул кул ээлөөчүлүк доордун аякташын түшүндүргөн*
в) кулдар акыры өз мамлекетин түзгөн жана кулчулук дагы эле сакталган
г) Дүйнөдөгү эң улуу империя, кулап чачрап кеткен


41. Батыш Рим империясы бул жылдары кулаган:
а) 410-ж б) 450-ж в) 476-ж* г) 511-ж

43.Төмөндөгү инсандардын кайсы жубу ашыкча?
а) Перс-Дарий I б) Индия-А.Македонский*
в) Египет-Хеопс г) Рим-Октавиан Август

44. Төмөндөгү жуптардын кайсынысы ашыкча?
а) Колизей-Франция* б) Парфенон-Греция*
в) Пирамида-Египет г) Пантеон-Рим

Дүйнөнүн байыркы жети керемети

Төмөндө байыркы дүйнөнүн жети керемети көрсөтүлгөн. Алардын аталыштарын жазгыла.






1_____

2_____

3_____

4_____

5_____

6_____

7_____

Төмөндө дүйнөнүн жаңы жети кереметі көрсөтүлгөн. Алардын аталыштарын жана кайда жайгашканын жазгыла.



Таблицаны толтургула!

Курулуштун аталышы	Жайгашкан орду
1)	
2)	
3)	
4)	
5)	
6)	
7)	

БАЙЫРКЫ ДҮЙНӨ ТАРЫХЫНДАГЫ НЕГИЗГИ ДАТАЛАР

б.з.ч. 4-миң жылдык – Месопотамияда шумер жана аккаддардын туралтары; Урук, Эриду, Лагаш, Ур шаарларынын пайда болушу.
б.з.ч. 4-миң жылдык – Нилдин жээктеринде туралтардын пайда болушу.
б.з.ч. 2600-жыл – Египетте Хеопс (Хуфу) пирамидасынын курулушу.
б.з.ч. 3-миң жылдыктар – Кытайда цивилизациянын пайда болушу.
б.з.ч. 3-миң жылдык – Мохенжодаро Хараппа шаарларынын пайда болушу.
б.з.ч. 3-миң жылдыктын ортолору – 2-миң жылдык –коло доору.
б.з.ч. 2-миң жылдык – Алдыңкы Азия аймактарында алгачкы мамлекеттердин пайда болушу: Асирия, Хетт, Митани.
б.з.ч. 2-миң жылдык – Вавилон падышасынын пайда болушу.
б.з.ч. 3-миң жылдык соңунда – 2-миң жылдыктын башында – Заманбаба жана Сапалдуу дөбө туралтарынын пайда болушу.
б.з.ч. 2-миң жылдык – Микен жана Крит мамлекеттеринин пайда болушу.
б.з.ч. XVIII кылым – Вавилондун падышасы Хаммурапи (б.з.ч. 1792–1750-жылдар) Месопотамияны жеке мамлекетке бириктирди.
б.з.ч. XVIII кылым – Мохенжадаро жана Хараппа шаарларынын кризиси.
б.з.ч. 1500-жыл – Фиравн Тутмос II нин ири баскынчылык жортуулары.
б.з.ч. XII кылым – дарийлер Лаконикаңы жеңишти жана Спарта шаарына негиз салышты
б.з.ч. XI кылым – Израиль мамлекетинин түзүлүшү.
б.з.ч. IX–VIII кылымдын башталышы – Урарту мамлекетинин эң гүлдөп өнүккөн доору.
б.з.ч. VIII–VI кылымдар – Улуу грек колониялаштыруусу.
б.з.ч. VIII–VI кылымдар – Олвия, Херсонес, Пантикапей колонияларынын түзүлүшү.
б.з.ч. 1-миң жылдык – зороастризмдин Орто Азия аймагында таралышы.
б.з.ч. IX–VIII кылымдар – Орто Азия темир кылымына өтүү доору.
б.з.ч. VIII кылым – Италияда 12 шаар-союздун пайда болушу.
б.з.ч. 776-жыл – Олимпия оюндарынын алгачкы жолу өткөрүлүшү.
б.з.ч. 753-жыл – Римдин түзүлүшү.
б.з.ч. VII кылым – Египеттин кайрадан жеке мамлекетке биригиши.
б.з.ч. VII кылым – Алгачкы Бактрия падышалыгынын түзүлүшү.
б.з.ч. VII – V кылымдар – Кытайда «көп падышалык» доору.
б.з.ч. 621-жыл – Драконт мыйзамдарынын кабыл алынышы.
б.з.ч. 605-жыл – Ассирия падышалыгынын кулашы.

б.з.ч. 594-жыл – Афинада Солон реформаларынын өткөрүлүшү.
б.з.ч. 558-жыл – Кир II – Перси падышалыгынын түзүлүшү.
б.з.ч. 539-жыл – Вавилондун фарстар тарабынан басып алынышы.
б.з.ч. 530-жыл – Кир II нин Орто Азияда курман болушу (Томирис).
б.з.ч. 525-жыл – Египеттин байыркы перси падышасы Камбиз II тарабынан басып алынышы.
б.з.ч. 522-жыл – Дарий I – империянын сатраптыктарга бөлүнүшү.
б.з.ч. 522-жыл – Дарий I ге каршы Фраданын көтөрүлүшү.
б.з.ч. 519-жыл – сак урууларыны каршы Дарий I дин баскынчылык жортуулары (Ширак эрдиги).
б.з.ч. 509-жыл – Римде республиканын жаралышы.
б.з.ч. V – IV кылымдар – Орто Азия аймагында алгачкы тыйындардын таралышы.
б.з.ч. 490-жыл – Марафон өрөөнүндөгү салгылашуу.
б.з.ч. 480-жыл – Фермопиль салгылашуусу (үч жүз спарталыктын эрдиги).
б.з.ч. 480-жыл – Саламин салгылашуусу.
б.з.ч. 479-жыл – Платея шаарына жакын жердеги салгылашуу– гректердин жеңиши.
б.з.ч. 443 – 429-жылдар – Афинада стратег Периклдин бийлиги.
б.з.ч. IV кылым – Харезмийлер Ахаманийлер эзүүсүнөн бошотондукка чыгуусу.
б.з.ч. 338-жыл – Хероньяга жакын жердеги салгылашуу – македониялыктар тарабынан гректердин талкаланышы.
б.з.ч. 337-жыл – грек шаарларынын Македония өкүмөтү астында шаар-мамлекеттер союзуна биригиши.
б.з.ч. 334-жыл – Македониялык Александрдын Чыгышка жортуулу.
б.з.ч. 330-жыл – Македониялык Александр тарабынан Ахаманийлер империясын басып алынышы.
б.з.ч. 329-жыл – Македониялык Александр башчылыгындагы грек-македониялыктар кошуундарынын талкаланышы.
б.з.ч. 329-жыл – Зарафшан дарыясынын жээктериндеги салгылашууда грек-македониялык кошуундарынын талкаланышы (Спитамен).
б.з.ч. 328-жыл – Македониялык Александр армиясы менен болгон салгылашууда Спитамендин жеңилиши.
б.з.ч. 323-жыл – Македониялык Александрдын кайтыш кылышы.
б.з.ч. 312-жыл – Селевкид падышалыгынын башталышы – Селевкид мамлекетинин негиздөөчүсү.
б.з.ч. 280-жыл – Антиох – Селевкиддер мамлекетинин падышасы.
б.з.ч.III кылым – Зороастризм окуусунун бардык тексттери 21 китепке чогултулушу.
б.з.ч. III кылым – Кангүй мамлекетинин түзүлүшү.

б.з.ч. III кылым – Даван мамлекетинин түзүлүшү.
б.з.ч. 246-жыл – Кытайда Цинь Шихуандинин бийлиги.
б.з.ч. 216-жыл – Каннга жакын жерде Рим армиясынын талкаланышы.
б.з.ч. 206-жыл – Лю Бан көтөрүлүшү.
б.з.ч. 202-жыл – Зама шаарына жакын жерде римдиктер тарабынан Карфаген армиясынын талкаланышы.
б.з.ч. II кылым – Улуу Жибек жолунун калыптанышы.
б.з.ч. 146-жыл – римдиктер тарабынан Карфагендин ойрондолушу.
б.з.ч. 140 – 130-жылдар – Грек-Бактрия мамлекетинин юечжилер (кушандар) тарабынан басып алынышы.
б.з.ч. I кылым – Кытайда кагаздын ойлоп табылышы.
б.з.ч. 74-жыл – Спартактын көтөрүлүшү.
б.з.ч. 49-жыл – Юлий-Цезерь Римдин императору.
б.з.ч. 29-жыл – Октавианга Сенат тарабынан император наамы менен Август атынын ыйгарылышы.
б.з.ч. 98-жыл – Рим императору Траяндын өкүмдарлыгынын башталышы.
б.з. I кылым – Христиандык диндин пайда болушу.
б.з. I – II кылымдар – Кушан падышалыгынын гүлдөгөн доору.
б.з. III кылым – Кушан мамлекетинин ыдырап кетиши
б.з 330-жыл – Рим империясынын борбору – Визиантия (Константинополь).
б.з. 394-жыл – Олимпия оюндары өткөрүлүшүнүн токтотулушу.
б.з. 395-жыл – Рим империясынын бөлүнүшү: Батыш жана Чыгыш
б.з. 410-жыл – Алирихтин башчылыгындагы готтор тарабынан Римдин ойрондолушу.
б.з. 452-жыл – Аттила башчылыгында гунндардын Италияга бастырып кириши.
б.з. 455-жыл – Римге вандалдардын жүрүшү.
б.з. 476-жыл – Батыш Рим империясынын кулашы.

IV Бөлүм: 7-класстар үчүн Кыргызстандын жана Дүйнөнүн тарыхы боюнча тандалма тесттер:

1. Борбордук Азиядагы уйгур кагандыгы.....түзүлгөн:
а) 758-жылы б) 820-жылы
в) 744-жылы* г) 840-жылы

2. Уйгур кагандыгынын аймагын көрсөткүлө:
а) Тибеттен Эне-Сайга чейин болгон
б) Маньчжуриядан иртышка чейин болгон
в) Чыгыш Түркстандан каспийге чейин болгон*
г) Чыгыш Түркстандан Персияга чейин болгон

3. Уйгур кагандыгында жетектөөчү ролду ойногон уруу:
а) чигил жана ягма урууларына таандык болгон
б) яглахар уруусуна таандык болгон*
в) карлук уруусуна таандык болгон
г) чик уруусуна таандык болгон

4. Уйгур мамлекети кыйрап, Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн түзүлүшү кайсы жылы болгон?
а) 744-ж б) 840-ж* в) 945-ж г) 960-ж

5. 840-жылы уйгурлардын борбору Ордо-Балыкты каратууга кыргыздар Тапу –Алп Сол башында турган канча аскер жөнөткөн?
а) 150 миң б) 70 миң
в) 100 миң* г) 90 миң

6. Кайсы орус академиги IX кылымдагы Кыргыз мамлекетин "Улуу Кыргыз Дөөлөтү" деп тарыхка киргизген?
а) В.Бартольд* б) Ю.Худяков
в) Г.Миллер г) А.Бернштам

7. Улуу Кыргыз дөөлөтү өкүм сүргөн жылдар?
а) 610-711-жж б) 820-840-жж
в) 840-1020-жж г) 840-924-жж*

8. Улуу Кыргыз Дөөлөтү кайсы мезгилде болгон?
а) IV-V кк б) VI-VII кк в) IX-X кк* г) XII к

9. "Улуу Кыргыз дөөлөтү доору" түшүнүгүн илимге киргизген окумуштуу:
а) Ю.С. Худяков б) В.В. Бартольд*
в) А. Н. Бернштам г) Б. Солтоноев

10. Төмөнкү окуялардын кайсынысынан кийин "Кыргыздардын улуу дөөлөтү" мезгили орногон?
а) Барсбек Чыгыш Түрк кагандыгын женгенден кийин
б) кыргыздар Уйгур мамлекетин басып алгандан кийин*
в) кыргыздар Хундардан бөлүнүп чыккандан кийин
г) монгол баскынчыларынан бошонгондон кийин



Улуу Кыргыз державасынын аймактары

11. 843-ж кытайдагы Тан династиясынын императоруна барган элчи:
а) Эрен Улук б) Шибөкүй Ачжан
в) Эзгене г) Тапу Алп Сол*

14. 1893-1894-жж Орхон-Эне-Сайдагы таштагы жазууларды биринчи жолу окуган түркологдор:
а) Б. Томсон В. Радлов* б) С. Кляшторный, Б. Томсон
в) М. Масон, В. Радлов г) В. Радлов, В. Бартольд

12. Төмөнкү берилген окуялардын кайсынысы мурда болгон?

а) Каранийлерден исламдын кабыл алынышы
б) Караханид кагандыгынын бөлүнүшү
в) Караханиддердин Мавереннахрды баш ийдириши
г) Кыргыздар уйгурлардын борбору Ордо-Балыкты басып алышы*

13. Окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

а) Уйгур-Кыргыз 20 жылдык согушунун башталышы
б) Уйгур мамлекетинин Борбордук Азияда түзүлүшү
в) Тап Алп-Сол жетектеген армия Ордо-Балыкты талкалашы
г) Улуу Кыргыз Дөөлөтүнүн түзүлүшү
д) Тапу Алп-Солдун Тан империясына элчиликке барышы

1	2	3	4	5

15. 1893-ж 25-ноябрда Рун жазуусунун окулушунун ачкычын тапкан окумуштуу?

а) М. Масон
б) В. Радлов
в) В. Бартольд
г) Б. Томсон*

16. Биринчи байыркы түрк жазуу эстеликтери Кыргызстандын аймагында кайсыл жерде, качан табылган?

а) Таласта, 1895-ж*
б) Алайда, 1956-ж
в) Нарында, 1890-ж
г) Кочкордо, 1980-ж

17. 1896-ж Каллаур менен Гастев байыркы түрк жазуусун тапкан аймак?

а) Каракорум
б) Кочкор
в) Орхон
г) Талас*

18. IX к. биринчи жарымында Кыргыз кагандыгынын негизги душманы кимдер болгон?

а) түргөштөр
б) карлуктар
в) уйгурлар*
г) казактар

Караханийлер кагандыгы

1. Караханийлер мамлекетинин негиздөөчүсү ким?
а) Сатук Абд Аль-Керим Карахан*
б) Исмаил Самани Кадыр хан
в) Абу Али Ибн Сина
г) Аксак Темир Көрөгөн

2. Караханид мамлекети качан жана ким тарабынан негизделген?
а) 766-ж Сулуу каган
б) 704-ж Мукан каган
в) 940-ж Сатук Буура Карахан*
г) 552-ж Бумын

3. Караханид мамлекети кайсы мезгилде болгонун аныктагыла?
а) 890-1050-жж
б) 970-1090-жж
в) 940-1212-ж*
г) 1004-1090-жж

4. Карахандар мамлекетинин негиздөөчүсү Сатук Буура хан кайсы уруудан чыккан?
а) ягма
б) чигил*
в) карлук
г) уйгур

5. Караханий мамлекетинин курамына кирген аймактарды белгилегиле:
а) Батыш Монголия, Түштүк Россия, Корея жарым аралы
б) Чыгыш Түркстан, Борбордук Тянь-Шань, Орто Азия жерлери*
в) Батыш Түркстан, Түндүк Казакстан, Борбордук Азия
г) Чыгыш Кытай, Түндүк Кавказ, Батыш Монголия

6. Карахандар мамлекетин негиздеген уруулар төмөнкүлөр?
а) чигилдер жана ягмалар*
б) чиктер жана огуздар
в) нойгуттар жана кыпчактар
г) наймандар жана тейитттер

7. Кайсы жылдан баштап Баласагын шаары Карахандардын борбор шаары болгон?
а) 960-ж
б) 940-ж*
в) 920-ж
г) 999-ж

8. Окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:
а) Карлук мамлекетинин ордуна Караханийлердин түзүлүшү
б) Караханийлерде ислам дининин кабыл алынышы
в) "Кут-адгу билиг" чыгамасынын жазылып бүтүшү
г) Караханийлердин Саманийлер мамлектин талкалашы
д) Чыгыштан Каракытайлардын басып кириши

1	2	3	4	5

9. Кайсы жылы ислам дини Караханийлерде мамлекеттик дин деп жарыяланган?
а) 960-ж* б) 950-ж в) 970-ж г) 982-ж

10. Карахандар мамлекетинин расмий дини?
а) будда б) христиан в) тотемизм г) ислам*

11. 960-жылы Караханий мамлекетинин кайсы ханы официалдуу ислам динин кабыл алган?
а) Сатук б) Байташ* в) Тонга г) Аруун

12. Караханид мамлекетинин негизделишине чоң роль ойногон уруулар?
а) чигилдер* б) ягмалар в) жабгулар г) карлуктар

13. Караханийлер мамлекети качан Чыгыш жана Батыш кагандыктарга кайсы жылы бөлүнгөн?
а) 1025-ж б) 1070-ж* в) 1210-ж г) 1233-ж

14. Караханийлер качан экиге бөлүнүп кеткен?
а) XII к. 2-жарымында б) XIII к. ортосунда
в) XI к. 2-жарымында* г) X к. ортосунда

15. Караханид каганатынын борбор шаарын атагыла?
а) Ош б) Тараз в) Отар г) Баласагун*

16. Караханий мамлекети бөлүнгөндөн кийин Чыгыш кагандыгынын борбору кайсы шаар болгон?
а) Самарканд б) Баласагун*
в) Суяб г) Өзгөн

Мамлекет	Борбору	Көчүрүлгөн
Чыгыш Караханийлер	Баласагын	Кашгар
Батыш Караханийлер	Өзгөн	Самарканд

17. Караханий мамлекетинин төрт борбор шаарларын көрсөт.
а) Ысык-Көл, Самарканд, Өзгөн, Ош
б) Андижан, Самарканд, Өзгөн, Баласагын
в) Кашкар, Самарканд, Өзгөн, Баласагын*
г) Ош, Талас, Өзгөн, Баласагын

18. Караханийлер менен Газневийлер кайсы мамлекетке каршы биримдик түзүшкөн?
а) Саманийлер мамлекетине* б) Кидан мамлекетине
в) Карлук мамлекетине г) Осмон империясына

19. X-XII кылымдардагы Кыргызстандын аймагындагы мамлекет кайсы?
а) Түргөш кагандыгы
б) Караханий кагандыгы*
в) Уйгур кагандыгы
г) Хайду мамлекети

20. Караханийлер мамлекетинин башында ким турган?
а) халиф б) эмир в) манап г) башкы каган*

21. Караханид мамлекетинде мамлекеттик жерлер кандай аталган?
а) икта б) дивани* в) вакуфтук г) милк

22. "Караханид" терминин илимге ким киргизген?
а) В.В. Радлов б) В.В. Бартольд
в) В.В. Григорьев* г) О. Сыдык уулу

23. Караханийлер мамлекетинин Кыргызстандын аймагындагы борборлору кайсы шаарлар болгон?
а) Баласагун жана Өзгөн* б) Талас жана Барскоон
в) Барскоон жана Ош г) Кашгар жана Өзгөн

24. Түрк цивилизациясынын «алтын кылымы»:

а) Батыш турк каганаты б) Улуу кыргыз дөөлөтү

в) Карахандар доору* г) Улуу Карлук мамлекети

25. Караханийлердин басып алуусунун натыйжасында Саманийлер мамлекети жок болуп кеткен. Бул окуя качан болуп өткөн?

а) 751-ж б) 999-ж* в) 1237-ж г) 1348-ж

26. Бул датаны мусулман жылбаяндары канчанчы жыл деп жазышкан?

а) 726 б) 607 в) 377* г) 369

27. Караханий каганы Муса ибн Сатук жана Моголстан өкүмдары жүргүзгөн ички саясаттардын кандай жалпылыгы болгон?

а) Шаарларды куруу б) Акча реформасын өткөрүү

в) Самаркандды жеңип алуу г) Исламды кабыл алуу*


28. Караханийлер доорунун архитектуралык эстеликтери кайсылар?

а) Таш-Рабат жана Шырдакбектин чеби

б) Бурана жана Өзгөн мунаралары*

в) Саймалуу Таш жана Кошой коргон

г) Манастын күмбөзү жана Бабурдун үйү



Өзгөн мунарасы

29. Өзгөн архитектуралык эстелиги качан курулган?

а) IX-X кк б) XI-XII кк* в) XIII-XIV кк г) XV кк

30. Бурана мунарасы кайсы мезгилге таандык?
а) VIII б) X-XI* в) XV г) XVII

31. Шах-Фазиль мавзолейи качан курулган?
а) VIII-XIV б) XI-XII * в) XI-XIV г) XV

32. 1125-1137-жылдарда Кыргызстандын түндүгүндө кандай окуялар болуп өткөн?
а) Монголдор Каракытайларды басып алышкан
б) Кыргызстандын аймагында ислам дини тарай баштаган
в) Каракытайлар басып кирген жана Караханийлер кулаган*
г) Кыргыздардын биринчи мамлекети түзүлгөн

33. Караханид мамлекети кимдер тарабынан талкаланган?
а) Саманийлер б) Гунндар
в) Манчжурлар г) Кидандар*

34. Чыгыш Караханид кагандыгынын урандыларында кайсы мамлекети түзүлгөн?
а) Каракытай* б) Монгол
в) Найман г) Моголстан

35. Түрк тилиндеги "Кутадгу билиг" ("кутбилим") деген поэманын авторун атагыла?
а) Жусуп Баласагун* б) Махмуд Кашгари
в) Улукбек г) Аль-Фараби

36. Караханийлер мамлекетинде дүйнөнүн картасын түзгөн:
а) Жусуп Баласагун б) Алишер Навои
в) Махмуд Кашгари* г) Абу Али Ибн Сина

37. Махмуд Кашкаринин "түрк тилдер сөз жыйнагы" деген чыгармасы кайсы жылдары жазылган?
а) 1009-1011-жж б) 1069-1071-жж
в) 1069-1070-жж г) 1072-1077-жж*

38. "Түркий тилдер сөз жыйнагынын авторун атагыла:
а) Абд Насир Фараби б) Мухаммед Хорезми
в) Махмуд Кашгари* в) Жусуп Баласагун

39. Окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

а) Бурана мунарасынын курулушу

б) Караханийлердин экиге жиктелиши

в) Өзгөн мунарасынын салынышы

г) "Дивани лугат-ат Түрк" чыгармасынын жазылышы

д) Жети-Сууда Найман мамлекетинин түзүлүшү

1	2	3	4	5

40. Ж. Баласагын өзүнүн "Кут билим" дастанын Кашкардын башкаруучусу Табгач-Богра-Караханга белек кылган. Ал Жусуп Баласагындын эмгегин баалап, ага ордо кызматын (даража) ыйгарган. Ал кандай даража болгон?

а) хасс-хажиб*

б) эмир

в) эшик ага

г) халиф

41. Төмөндөгү катарлардын кайсынысы түрк тилинде жазылган алгачкы чыгармалар болуп саналат?

а) "Кут алуучу билим", "Билим күч"

б) "Түрк тилдеринин сөздүгү", "Маджму ат-Таворих"

в) "Түрк тилдеринин сөздүгү", "Кут алуучу билим"*

г) "Бабур нааме" жана "Маджму ат-Таворих"

42. Жусуп Баласагун кайсы жерде төрөлгөн?

а) Таласта

б) Ош аймагында

в) Баласагунда*

г) Нарын аймагында

Негизги окуялар!

1) Катыван салгылашы	1141-ж
2) Пул и Чархиан салгылашуусу	1008-ж
3) Кара кытайлардын Хорезимди басып алышы	1130-ж
4) Саманийлер мамлекетинин кулашы	999-ж
5) Караханийлер мамлекетинин экиге бөлүнүшү	1070-ж
6) Караханийлерде исламдын кабыл алынышы	960-ж

43. "Кут адгу-билиг" качан жызылып бүткөн?

а) 1069-1070-жж* б) 1077-1078-жж

в) 1080-1085-жж г) 1088-1098-жж

Дал келтиргиле:

1) Караханйилер мамлекетинде дүйнөнүн картасын түзгөн	А) В.В. Григорьев
2) "Караханид" терминин илимге киргизген	Б) Махмуд Кашгари
3) 960-жылы Караханий мамлекетинде официалдуу ислам динин кабыл алган	В) Муса (Байташ)
4) Каракытайлардын башкаруучусун атагыла	Г) Күчлүг
5) Наймандардын башчысы	Д) Элюй Даши

1	2	3	4	5

44. Каракытайлар мамлекети кайсы мезгилде өкүм сүргөн?

а) 1008-1040-жж б) 1010-1030-жж

в) 1050-1110-жж в) 1137-1210-жж*

45. Бей Ляо мамлекетинин башчысы кандай наамга ээ болгон?

а) гур хан* б) тегин

в) султан г) жабгу

46. Кара кытайлардын мамлекет башчысы кандай титулду алып жүргөн?

а) гур хан * б) падыша

в) карахан г) жабгу

47. Каракытай жана Найман мамлекеттернин борбору?

а) Суяб б) Ташкент

в) Баласагун* г) Самарканд

48. Каракытайлардын гурханынан бийликти тартып алган инсанды белгилегиле:

а) Темучин б) Мухаммед шах

в) Кучлуг* г) Элюй Даши


49. Каракытайлардын башкаруучусун атагыла:

а) Темучин
б) Мухаммед шах
в) Темир
г) Элюй Даши*

Дал келтиргиле:

1) 1141-жылы Селжуктар менен Каракытайлар согушкан жер	А) Катыван
2) Караханид мамлекетин кыйратышкан	Б) Күчлүг
3) 1008-жылы Газневийлер менен Караханийлер согушкан жер	В) Каракытайлар
4) Каракытай гурханынан бийликти тартып алган адам	Г) Пул и-Чархиан
5) 1218-жылы монголдорго каршылыксыз багынып берген шаар	Д) Баласагун

1	2	3	4	5



Сатук Буура Карахандын мавзолейи

Монгол империясы



Чынгыз хандын армиясы

1. Чыңгыз-хандын өз атын атагыла:

а) Темир б) Пуладчи

в) Камар ад-Дин г) Темучин*

2. Чынгыз хан качан, кайсыл жерде төрөлгөн?

а) 1155-ж (1162) Онон дарыясынын боюнда*

б) 1180-ж Каракорум шаарында

в) 1206-ж Тарсакент шаарында

г) 1227-ж Кытай аймагында

3. Чынгыз хандын атасы Есугей, татарлар тарабынан качан өлтүрүлгөн?

а) 1155-ж б) 1164-ж* в) 1180-ж г) 1206-ж



Чынгыз хан

4. Чынгыз хандын жашаган жылдарын белгилегиле:

а) 1134-1206-жж б) 1155-1227-жж*

в) 1200-1228-жж г) 1170-1210-жж

5. Чынгыз хандын балдарынын ысымдарын атагыла:

а) Жучу, Чагатай, Угедей, Тулуй*

б) Мүнке, Гүйүк, Хубилай, Хулагу

в) Хайду, Пуладчы, Тоглук Тимур

г) Арык-Бука, Хайду, Шейбани, Тимур

6. Чынгыз хандын эң белгилүү аскер башчылары:

а) Жебе жана Цубедей* б) Хайду жана Угедей

в) Таян жана Талихутай г) Цылими жана Минлик

7. Чынгыз хан кайсы жылы 46 элден курултай чакырып, жалпы монголдордун ханы деп жарыяланган?

а) 1200-ж б) 1206-ж* в) 1210-ж г) 1214-ж

Монгол империясынын башкаруучулары:

Чынгызхан — (1206—1227)

Угедей хан — (1229—1241)

Гүйүк хан— (1246—1248)

Мүнке хан — (1251—1259)

Арык-Бука хан — (1260—1264 Хубилай менен бир мезгилде);

Хубилай хан— (1260—1271)

Чынгыз хандын жортуулдары

1206-1207-жж	Бир нече түрк-монгол элдерин басып алган
1211-1218-жж	Түндүк Кытайды басып алган
1218-1221-жж	Орто Азияны басып алган
1219-1224-жж.	Түндүк жана Чыгыш Иранга, Афганистанга жортуул жасап, кыйраткыч сокку урган
1223-ж.	Түштүк орус княздарынын кошуундарын жана кыпчактарды Калка өзөнүндө талкалаган

Кытайда Хубилай хан негиздеген Юань империясынын башкаруучулары

Хубилай	(1271—1294)
Темур хан	(1294—1307)
Хайсан	(1307—1311)
Аюрбарибада	(1311—1320)
Шидебала	(1321—1323)
Есун-Темир	(1323—1328)
Ражапика	(1328)
Туг-Темир	(1328—1332)
Иринжибал	(1332)
Тогон-Темир	(1333—1368)

8. "Асыл кептер" (Жашыруун тарых) – бул:

а) Чынгыз хандын, анын түпкү ата-балаларынын жана урпактары жөнүндөгү эпикалык баян*

б) Монголдордун Кытайдагы Юань династиясынын тарыхы

в) Моголстан мамлекетинин тарыхы жөнүндөгү тарыхый роман

9. Чынгыз хан жалпысынан канча өлкөнү каратууга жетишкен?

а) 30 б) 40* в) 54 г) 23

Чынгыз хан өлгөндөн кийин анын мамлекети 4 улуска бөлүнгөн.

Кенже баласы Тулуйга	Монголия аймагы жана 101 миң аскер тийген
3-чү уулу Угедейге	Монголиянын батышы, Алтай тоосу, Иле аймагы, Тарбагатай жерлери
2-чи уулу Чагатайга	Иле дарыясынан башталып, Батышта Аму-Дарыяга чейин, Чыгыш Түркстан, Жети-Суу ж.б
Тун баласы Жочуга	Ыртыш аймагы, Жети-Суунун түндүгүнөн Итилдин этегегине чейинки аймактар

10. 1271-жылы Чыңгыз хандын небереси Хубилай бүткүл Кытайды өзүнө багындырып, кайсы империяны негиздеген?

а) Юань империясын*

б) Монгол империясын

в) Мин династиясын

г) Хайду мамлекетин

11. Кытайдагы монголдордун Юань империясын ким негиздеген?

а) Чынгыз хан б) Хубилай хан*

в) Батый хан г) Тохтомуш хан

12. Кытайдагы моңгол баскынчыларына каршы "Кызыл жоолукчандар" көтөрүлүшү болгон?

а) XV б) XV в) XIV* г) XIII к

13. Монгол ак сөөктөрү (феодалдары) кандай аталган?

а) Баатыр б) Бек в) Нойон* г) Арат.

14. Монгол империясындагы эң ири административдик бирдиктин аталышы?

а) Ээлик б) Улус* в) Бектик г) Вилает

15. Монгол аскердик баш кийимдин канча түрү болгон?

а) 10 б) 40 в) 20* г) 50

16. Бухарага бет алган Чынгыз хан Отрар шаарын алууга кимдерди жөнөттү?

а) Жучу менен Чагатайды б) Чагатай менен Хайдуну

б) Чагатай менен Үгөдөйдү* в) Тулуй менен Хубилайды

17. Төмөнкү мамлекеттерди хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

1) Монгол империясы 2) Караханийлер каганаты

3) Кара кытай мамлекети 4) Найман мамлекети

а) 4 3 2 1 б) 4 3 2 1

в) 4 2 3 1 г) 2 3 4 1*

18. Окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

а) Монголдордун Орто Азияны каратып алышы

б) Монгол империясынын негизделиши

в) Калкадагы орустар менен монголдордун согушу

г) Монголдордун Түндүк Кытайды басып алышы

д) Чынгыз хандын курман болушу

1	2	3	4	5

18. Хорезм мамлекетинде Чыңгызхандын аскерлерине катуу каршылык көрсөтүп, монгол аскерлерин чоң жоготууга учураткан баатырды атагыла:

а) Жалал-ад-Дин* б) Тимур Малик

в) Тоглук-Темур г) Иляз Кожо

19. Азия элдерин монгол баскынчыларына каршы кыймылын уюштурган, 1219-жылдан өмүрүнүн акырына 1231-жылга чейин Азербайжанда болгон Хорезмшах мамлекетинин ханзаадасы ким болгон?

а) Жолдош ад-Дин б) Жалал ад-Дин*

в) Камар ад- Дин г) Султан Саид



Монгол жоокерлери

Кыргыздар монгол империясынын тушунда

1. 1206-1207-жж эң биринчи болуп моңголдордун чабуулуна туш болгон кыргыздар:

а) Түштүк Сибрлик жана Енисейлик кыргыздар*

б) Ортонку Сибрлик жана Тянь-Шандык кыргыздар

в) Чыгыш Сибрлик жана Енисейлик кыргыздар

г) Батыш Сибрлик жана Тибеттик кыргыздар

2. Эне-Сайлык кыргыздар 1207-ж Чынгыз хандын аскерлерине каршылык көрсөтүшкөн эмес. Анткени:

а) кыргыздар бөлүнүп жарылып, бирдиктүү мамлекет болгон эмес*

б) кыргыздар монголдорго салык төлөөгө мажбур болушкан

в) кыргыздар Эне-Сайда жашабай башка жакка көчүшкөн

г) кыргыздардан ошол мезгилде чыккынчылар чыккан

3. 1207-жылы Эне-Сай кыргыздары өз эрки менен монголдорго багынып берген. Эне-Сай кыргыздарын багындыруу үчүн Чыңгыз хан кайсы уулун жиберген?

а) Угедей б) Чагатай

в) Тулуй г) Жучу*

4. Эне-Сай кыргыздары Чынгыз хандын кайсы баласынын энчисине тийген?

а) Чагатайга б) Тулуйга

в) Жучуга* г) Тулуйга

5. Борбордук Азия (Кыргызстандын аймагы менен) Чынгызхандын кайсы баласынын энчисине тийген?

а) Жучуга б) Чагатайга*

в) Угедейге г) Тулуйга

6. Бүткүл Жети-Суу жана Борбордук Теңир-Тоо монголдук бийликке кайсы жылы каратылган?

а) 1207-ж б) 1224-ж в) 1218-ж* г) 1205-ж

7. Чынгыз хан Орто Азияны качан каратып алган?

а) 1218-1221-жж* б) 1224-1227-жж

в) 1216-1234-жж б) 1212-1219-жж

8. 1227-жылы 72 жашында Чыңгызхан дүйнөдөн кайтты. Анын ээлиги төрт уулуна мураска берилген. Азыркы Кыргызстандын аймагы кимдин улусуна караган?

а) Угедейдин улусуна б) Тулуйдун улусуна

в) Чагатайдын улусуна* г) Жучунун улусуна

9. Энесай кыргыздарынын монголдорго каршы көтөрүлүшү качан болгон?

а) 1212-ж б) 1215-ж в) 1218-ж* г) 1223-ж

Негизги окуялар!

1) Чынгыз хан жалпы монголдордун ханы деп жарыяланышы	1206-ж
2) Моңголдордун Энесай кыргыздарын каратышы	1207-ж
3) Жети-Суу жана Теңир Тоонун монгол бийлигине өтүшү	1218-ж
4) Монголдордун эзүүсүнө каршы туматтар менен кыргыздардын көтөрүлүшү	1218-ж
5) Монголдорго каршы Жети-Сууда эң чоң көтөрүлүш	1293-ж

10. Эне-Сай кыргыздарын монголдорго каршы ким жетектеген?

а) Кучлук б) Кылыч

в) Курлун* г) Кайлынур

11. Эне-сай кыргыздары 1218-жылы кайсы коңшу уруу менен биргеликте монгол баскынчыларына каршы көтөрүлүш чыгарган?

а) туматтар* б) наймандар

в) кыпчактар г) динлиндер

Хайду жана Алтын Ордо мамлекети

1. Кайсы дарыянын жээгинде, Угедей жана Чагатай улустарынын биргелешкен курултайында, көз каранды эмес мамлекет жарыяланган?

а) Нарын б) Чүй в) Тараз г) Талас*

2. Хайду мамлекети качан, ким тарабынан негизделген?

а) 1269-ж Хайду хан тарабынан*

б) 1242-ж Батый тарбынан

в) 1227-ж Чынгыз хан тарабынан

г) 1348-ж Тоглук-Темир тарабынан

3. Хайду хандын башкарган жылдары?

а) 1269-1301-жж* б) 1269-1305-жж

в) 1269-1310-жж г) 1254-1282-жж

4. Хайдунун ордосу кандай аталган?

а) Тарсакент* б) Каракорум

в) Орхон г) Ордо Балык

Хайду хандын Монголияга жортуулдары

Хайду хандын Монголияга биринчи жортуулу	1276-ж
Хайду хандын Монголияга экинчи жортуулу	1286-ж

5. Хайду-хандын төмөн жакта саналган реформаларынын кайсынысы мамлекеттин экономикасынын бекемделишине өбөлгө түзгөн эмес?

а) Хан расмий салыктан башка салыктардын чогултушуна тыюу салган

б) Хан акча реформаларын жүргүзгөн

в) Хан айдалып эгилген талааларга мал жаюуга уруксат берген*

г) Хан кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүн колдогон эмес

6. Окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

а) Хайду мамлекетинин түзүлүшү

б) Хайду хандын монголияга экинчи жортуулу

в) Алтын Ордо мамлекетинин бөлүнүшү

г) Токтомуш хандын Москваны өрттөшү

д) Руста монгол-татар эзүүсүнүн орношу

1	2	3	4	5

7. Хайду хандын мамлекети (1269-1301-жж) кайсы жерде түзүлгөн?

а) Түркстанда б) Моңголияда

в) Кытайда г) Орто Азияда*

8. Хайду хандын ордосу Тарсакент шаары кайсы жерде жайгашкан?

а) Чүй өрөөнүндө б) Талас өрөөнүндө*

в) Фергана өрөөнүндө г) Кетмен-Төбө өрөөнүндө

9. Хайду мамлекетинин акыркы ханы Казан качан өлтүрүлгөн?

а) 1340-ж б) 1346-ж* в) 1354-ж г) 1357-ж

10. Чыңгыз хан жеңип алган территорияларда кайсы мамлекет түзүлгөн?

а) Алтын Ордо* б) Көк Ордо

в) Монгол империясы г) Чагатай улусу

11. Алтын Ордо мамлекети ким тарабынан түзүлгөн?

а) Чагатай б) Жучу в) Батый* г) Угедей

12. Алтын Ордо мамлекети качан негизделген?

а) 1269-ж б) 1242-ж* в) 1256-ж г) 1276-ж

13. Алтын Ордо мамлекетинин борбору:

а) Сарай-Бату* б) Каракорум в) Тарсакент г) Пекин

14. Алтын Ордонун расмий дини:

а) Христиан б) Ислам* в) Буддизм г) Манихей

15. Окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

а) Алтын Ордо мамлекетинде Тохтомуштун бийликке келиши

б) Алтын Ордо мамлекетинин түзүлүшү

в) Куликово салгылашуусунда Мамайдын жеңилиши

г) Хайду хандын курман болушу

д) Алтын Ордо мамлекетинде ислам динининн кабыл алынышы

1	2	3	4	5

16. Алтын Ордо мамлекетинде исламды.....расмий дин деп жарыялаган:

а) Мамай хан б) Өзбек хан*

в) Тохтомуш хан г) Иренак бий

17. Алтын Ордо ханы Мамай Куликово салгылашында жеңилүүгө учураганынан пайдаланып бийликти ким тартып алган?

а) Берке б) Батый

в) Токтомуш* г) Мүнке

18. Куликово согушунда Москва княздыгына каршы согушкан Алтын Ордонун аскер кол башчысы ?

а) Едиге* б) Ахмет

в) Мамай г) Токтомуш

19. Алтын Ордонун ханы Тохтомуш Москваны кайсы жылы өрттөгөн?

а) 1380-ж б) 1382-ж* в) 1390-ж г) 1395-ж

20. Алтын Ордонун Русту эзүүсү кайсы жылы кулаган?

а) 1380-ж б) 1385-ж в) 1400-ж г) 1480-ж*

21. Угра дарыясындагы Орустардын коргонуусу качан болгон?

а) 1380-ж б) 1385-ж в) 1400-ж г) 1480-ж*

22. XIV к. 60-жж. Алтын Ордодон кайсы мамлекет бөлүнүп чыккан?

а) Хорезм* б) Ак Ордо

в) Көк Ордо г) Хайду

Моголстан жана Амир-Темирдин дөөлөтү

1. XIV к. 40-жылдарда Чагатай улусу кандай ээликтерге бөлүнүп кеткен?

а) Мавреннахр, Моголстан* б) Хайду, Моголстан

в) Түркстан, Мавреннахр г) Жети-Суу, Фергана

2. Моголстан мамлекетин ким негиздеген?

а) Камар ад-Дин б) Эмир Пуладчы*

в) Тоглук Темур г) Амир Темир

3. Эмир Пуладчынын бир тууганы:

а) Жалал ад-Дин б) Камар ад-Дин*

г) Мангалай Сүбе г) Тоглук-Тимур

4. Моголстан мамлекети кайсы жерде түзүлгөн?

а) Борбордук Азия б) Орто Азия*

в) Түштүк Сибирь г) Кытай

5. Моголстан мамалекетин калкы кайсы тилде сүйлөгөн?

а) Монгол тилинде б) Фарс тилинде

в) Түрк тилинде* г) Кыргыз тилинде

6. Моголстан мамлекети качан пайда болгон жана анын биринчи ханы ким болгон?

а) 1348-ж Тоглук Тимур* б) 1370-ж Амир Темур

в) 1365-ж Иляс Кожо г) 1269-ж Хайду хан

7. Моголстан мамлекетинде ислам дини качан расмий дин болуп жарыяланган?

а) 1354-ж* б) 1364-ж в) 1374-ж г) 1384-ж

8. Моголстан мамлекетинде ислам динин ким расмий дин деп жарыялаган?

а) Иляс Кожо б) Тоглук Тимур*

в) Камар ад Дин г) Пуладчы

9. Моголстан мамлекетинин расмий динин көрсөткүлө:

а) буддизм б) ислам* в) христиан г) манихей

10. Окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

а) Ылай салгылашуусунда Амир Темирдин жеңилиши

б) Моголстанда ислам дининин кабыл алынышы

в) Моголстан мамлекети Пуладчы тарабынан негизделиши

г) Тоглук-Тимурдун каза болушу

д) Тимурийлер мамлекетинин негизделиши

1	2	3	4	5

11. Моголстан мамлекетине кайсы уруулар кирген?

а) дуглаттар, кангылар, аргинуттар*

б) наймандар, кыпчактар, монголдор

в) кыргыздар, казактар, өзбектер

г) кыпчактар, ногойлор, монголдор

12. Эмне себептен, Моголстан мамлекетин түптөгөндөн кийин, Пуладчы Тоглук Темирди хан тактысына отургузган?

а) Пуладчы Чынгызхандын тукумунан болгон эмес*

б) Бул аны көчмөн элдин колдоосу менен камсыз кылган

в) Анткени Пуладчы Чынгыз хандын урпагы эле

г) Пуладчы мамлекетти башкарууга көзү жеткен эмес

13. Моголстан мамлекетинде негизги ролду ойногон уруулар?

а) дуглаттар* б) наймандар

в) кушчулар г) барластар

14. Кайсы жылы барлас уруусунан чыккан Амир-Темир Моголстандын падышасы Тоглук Тимурдун бийлигин тааныган?

а) 1356-ж б) 1360-ж* в) 1370-ж г) 1383-ж

15. Тоглук Тимур 1364-жылы оорудан улам каза болгондон кийин, анын ордуна бийликке келген:

а) Камар ад Дин б) Илияс Кожо*

в) Хусейин г) Амир Темир

16. Окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

а) Амир Темирдин Моголстанга биринчи жортуулу

б) Амир Темирдин Алтын Ордо ханы Токтомушту талкалашы

в) Амир Темирдин Сириянын кыйла бөлүгүн басып алышы

г) Индиянын түндүк аймагын басып алышы

д) Тимурийлер мамлекетинин негизделиши

1	2	3	4	5

17. 1366-жылы Тоглук Тимурдун мураскору Иляс Кожону өлтүрүп, бийликти тартып алууга аракет кылган адам:

а) Камар ад Дин* б) Жалал ад-Дин

в) Хусейин г) Амир Темир

18. Моголстанды Йунус хан башкарган мезгил:

а) 1462-1487-жж* б) 1455-1488-жж

в) 1466-1489-жж г) 1478-1499-жж

19. «Моголстандын жапайы арстандары» деген аталыш кайсы тарыхчынын эмгегинде жазылып, кимдерге карата айтылган?

а) Сейф ад-дин Ахсикенддин-дуулаттарга

б) Мурза Мухаммед Хайдардын-кыргыздарга*

в) Абул Гази Бахадур хандын-өзбектерге

г) Захреддин Мухаммед Бабурдун-моголдорго

20. Йунус хандан кийин Моголстанды 1487-1508-жылдарда ким башкарган?

а) Махмуд хан* б) Жанибек хан

в) Ахмет хан г) Тоглук-Тимур

21. Ылай (Баткак) салгылашуусу качан болгон?

а) 1245-ж б) 1265-ж в) 1365-ж* г) 1410-ж

22. 1365-жылы «Баткак салгылашында» Амир Темир кимден жеңилген?

а) Тоглук Темирден б) Хайдудан

в) Хусейинден г) Ильяс Кожодон*

23. Окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

а) Моголстан мамлекетинде Йунус хандын башкаруу мезгили

б) Улукбектин түндүк Кыргызстанга жортуулу

в) Иляс Кожонун өлтүрүлүшү

г) Моголстандын борбору Аксуудан Ташкентке көчүрүлүшү

д) Моголстан мамлекетинин кыйрашы

1	2	3	4	5

24. Махмуд хандын мезгилинде эмне үчүн Моголстандын борбор шаары Аксуудан Ташкентке көчүрүлгөн?

а) Монголдордун кол салуусунан кийин көчүрүлгөн

б) Ойроттордун кол салуусунан кийин көчүрүлгөн*

в) Ак-Суу шаарын Кытайлар басып алышкан

г) Ташкент шаары гүлдөгөн шаар болгон

25. 1517-жылы моголдор менен кыргыздар кайсы жерде согушкан?

а) Барскоондо* б) Баласагунда

в) Сарыташта г) Таласта

26. XIV к. экинчи жарымында Моголстандын уделдерге бөлүнүшүнө эмне себеп болгон?

а) Тимурдун агрессиясына каршы тынымсыз күрөштөр*

б) феодалдык аскердик чыр чатактар

в) Иляс Кожо менен Тимурдун согушу

г) чет элдик баскынчылардын басып кириши

27. Мавераннахрдын борбору кандай аталган?

а) Самарканд* б) Бухара

в) Баласагун г) Тарсакент

28. Амир Темир 1361-ж. Казагандын небереси Хусейин эмир менен шериктештик келишим түзөт, бирок Хусейинди кайсы жылы өлүм жазасына тарткан?

а) 1356-ж б) 1370-ж* в) 1389-ж г) 1350-ж

29. Амир Темир (Тимурлан) деген тарыхий инсан ким болгон?

а) Тимуриддер мамлекетинин негиздөөчүсү*

б) көрүнүктүү Орто Азиялык илимпоз

в) Тимуриддерде ири жер ээлөөчү-феодал

г) Чынгызхандын урпактары (небереси)

30. Амир Темир кайсы уруудан чыккан?

а) моголдордун дуглат уруусунан

б) түрктөшкөн монголдордун барлас уруусунан*

в) боржигин уруусунан

г) кыпчактардан чыккан

31. Темирлан кайсы жылы Самаркандды басып алган?

а) 1356-ж б) 1370-ж* в) 1389-ж г) 1350-ж



Амир-Темир

32. Ылай салгылашуусу качан, кайсыл жерде болгон?

а) 1365-ж Сыр дарыянын жээгинде

б) 1370-ж Самарканддын жанында

в) 1383-ж Отрар шаарында

г) 1393-ж Аму дарыянын жээгинде

33. Амир Темирдин бийлик жүргүзгөн жылдарын аныктагыла?

а) 1300-1320-жж б) 1340-1350-жж

в) 1370-1405-жж* в) 1361-1405-жж

34. Амир Темирдин мамлекети төмөнкү аймактарды багындырууга жетишкен....

а) Иртыштан Аму дарыясына чейинки аймакты

б) Аму менен Сыр дарыянын аралыгыны

в) Жер-Ортолдук деңизден Сыр-дарыя аралыгына чейинки аралык

г) Жер-Ортолук деңизден Түркстанга чейинки аймак*

35. «Сарбадерлер» кыймылынын негизги максаты?

а) Моголдорго каршы в) Тимурга каршы*

б) Хусейнге каршы г) Феодалдарга каршы

Амир Темирдин басып алуучулук жортуулдары

1383, 1388, 1389-жж	Моголстанга жортуулу
1393-ж.	Багдадды жана Месопотамияны басып алган
1391-1395-жж	Алтын Ордонун ханы Токтомушту талкалаган
1398-1399-жж	Индиянын түндүк жагын басып алган
1401-ж.	Сириянын бир кыйла бөлүгүн басып алган

36. Амир Темир качан, кайсы жерде курман болгон?

а) 1425-ж 18-апрелде Сирияда

б) 1405-ж 18-февральда Отрарда*

в) 1453-ж 18-майда Кытайда

г) 1458-ж 18-мартта Индияда

37. Амир Темирдин мамлекетинин аскердик кызмат үчүн берилген мураска калуучу ээлиги кандай аталган?

а) Мүлк б) Сюргал*

в) Вакуф г) Танап

38. Ысык - Көлдүн Чыгыш жээгиндеги Санташ ашуусунда эки дөбө бар. Ал уламыш боюнча кимдин ысымы менен байланыштуу?

а) Чынгызхан б) Амир-Темир*

в) Улукбек г) Хайду хан

39. Тимур доорунда иш кагаздары кайсыл тилде жүргүзүлгөн?

а) Чагатай* б) Перс

в) Араб г) Кыргыз

40. Амир Темирдин небереси, орто кылымдарада даңкы чыккан окумуштуу ким?

а) Аль-Фараби б) Аль-Беруни

в) Улукбек* г) Ибн-Сина

41. Улукбектин Моголстанга жортуулдары кайсы жылы болгон?

а) 1425-ж б) 1448-ж в) 1453-ж г) 1458-ж

42. Амир Темирге каршы кыргыздар.....жетекчилигинде согушкан:

а) Баймурат Чериктин* б) Мухаммед Кыргыздын

в) Тагай бийдин г) Султан Саиддин

43. Тимурийлер мамлекетинин борборун атагыла:

а) Тараз б) Бухара в) Суяб в) Самарканд*

44. Амир Темир кайсы жылы Кыргызстанды толук караткан?

а) 1360-ж б) 1390-ж в) 1383-ж* г) 1420-ж

45. Улукбектин обсерваториясы Орто Азиянын кайсы шаарында жайгашкан:

а) Хивада б) Бухарада

в) Самаркандда* г) Үргөнчтө

46. Самарканд шаары XIV к. экинчи жарымында кайсы мамлекеттин борбору болгон?

а) Караханид мамлекетинин борбору

б) Бухара эмиратынын борбору

б) Найман мамлекетинин борбору

г) Тимуриддер мамлекетинин борбору*



Самарканд шаары

47. Тимурландын небереси атактуу Улукбектин Түндүк Кыргызстанда Таластан Ысык-көлгө чейин жасаган жортуулу кайсы жылы болгон?

а) 1420-ж б) 1425-ж* в) 1445-ж г) 1455-ж

48. Захреддин Бабур деген тарыхый инсан ким болгон?

а) кыргыздардын саруу уруусунун бийи

б) ирандыктардын шахы

в) Улуу Могол империясынын негиздөөчүсү*

г) Хорезим мамлекетинин ханзаадасы



Захреддин Бабур



Сулайман-Тоодогу Бабурдун үйү

49. XVI кылымдан баштап Индияны ээлеп алып үч кылым бою өкүм сүргөн күчтүү мамлекетти негиздеген. Темирдин урпагы – Улуу Моголдор империясынын негиздөөчүсү жазган эмгектин аты кандай болгон?

а) "Шах наме" б) "Кут адгу билиг"

в) "Бабур наме"* г) "Маджму- ат- Таваорих"

50. "Бабур нааме" эмгеги кайсы мезгилдеги окуяларды баяндайт?

а) 1493-1529-жж* б) 1480-1520-жж

в) 1526-1858-жж г) 1566-1579-жж

51. Улуу могол мамлекетинин башкаруучуларынын бири:

а) Улукбек б) Дуррани

в) Аурангзеб* г) Батый

52. XVI к. биринчи жарымында Индияны багындырган басып алуучу?

а) Чынгызхан б) Темирлан

в) Бабур* г) Улукбек

53. Султан Бабурдун Индияда негизделген мамлекети кандай аталган?

а) Дели падышачылыгы

в) Дели султанаты

б) Улуу моголдор империясы*

г) Улуу түрк мамлекети

Кыргыздар XVI-XVII кк.

1. Кыргыз элинин калыптануу процесси төмөнкү аймакта аяктаган:

а) Алтайда б) Монголияда

в) Тенир-Тоодо* г) Енисейде

2. Кыргыз эли качан калыптанган?

а) XV к. б) XV к. аягында XVI к. башында*

в) XVIII к. г) IX-X кылымдарда.

3. Теңир-Тоодо Кыргыз элинин калыптанган мезгилин белгиле:

а) XIV к. аягы – XV к. башы б) XV к. аягы – XVI к. башы*

в) XVI к. аягы – XVIII к. Башы г) X к. аягы – XI к. башы

4. Кыргыздардын "Оң канат" уруу бирикмесинин тегин аныктагыла:

а) Ак уул* б) Куу уул

в) Тагай бий г) Шабдан

5. Кыргыз хандыгын 1484-1504-жылдарда ким башкарган?

а) Йунус хан б) Мухаммед Кыргыз

в) Ахмет хан* г) Султан Халил

6. Ахмед хан кимдер тарабынан ууландырылып өлтүрүлгөн?

а) кыргаздар б) кытайлар

в) шейбанилер* г) ойроттор

7. 1504-1508-жылдарда кыргыздарды башкарып "кыргыздардын падышасы" аталган адам:

а) Йунус хан б) Султан Халил Султан*

в) Ахмет хан г) Мухаммед Кыргыз

8. Ахмед-хан жана Султан -Халиль-Султан ким болгон?

а) Кыргыз уруулары бийликке алып келген Моголстандын башкаруучулары*

б) Чыгыштын улуу математиктери

в) Карлук кагандыгынын башкаруучулары

г) Темирландын аскер башчылары

9. XV к. Түндүк Кыргыз урууларынын мамлекети ..... бөлүнүп чыккан:

а) Хайду мамлекетинен б) Мавереннахр

в) Моголстандан* г) Эмир Темирдин мамлекетинен

10. Мухаммед Кыргыз - хан көтөрүлгөн жыл?

а) 1510-ж* б) 1506-ж

в) 1512-ж г) 1526-ж



Мухаммед Кыргыз

11. Ал адамды XVI кылымдын башында кыргыздардын башкаруучусу деп жарыялашкан. Ал:

а) Мухаммед Кыргыз* б) Султан Халил

в) Мухаммед Салих г) Иляс Кожо

12. 1517-жылы моголдор менен болгон Барскоон салгылашуусунда Мухаммед Кыргыз жеңилип Султан Саидке туткунга түшкөн. Бирок саясий кырдаалды эске алып Султан Саид боштондукка чыгарып, ага "кыргыздардын эмири" деген наам ыйгарган. Бул окуя кайсы жылы болгон?

а) 1522-ж* б) 1529-ж в) 1534-ж г) 1533-ж

13. Моголдор менен кыргыздардын ортосундагы Барскоон (Ысык-Көлдө) салгылашуусу качан болгон?

а) 1517-ж* б) 1560-ж в) 1534-ж г) 1500-ж

14. Окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштыргыла:

а) Моголдор менен кыргыздардын Барскоондо салгылашуусу

б) Мухаммед Кыргыздын хан көтөрүлүшү

в) Султан Саиддин Мухаммед кыргызды колго түшүрүшү

г) Кыргыз-казак союзунун түзүлүшү

д) Мухаммед Кыргыздын Султан Саидге Кашгарды басып алууга жардам бериши

1	2	3	4	5

15. XVI к. Кыргыздардын тарыхында Мухаммед-кыргыз кандай ролду ойногон?

а) Мухаммед-кыргыз кыргыз-казак союзун түзө алган эмес

б) Мухаммед-кыргыз Шейбани хандын союздашы болгон

в) Мухаммед-кыргыз ислам динин кабыл алган эмес

г) Мухаммед-кыргыз Теңир-Тоодо өз мамлекетин түптөөсү үчүн күрөш жүргүзгөн*

16. Султан Саидке Мухаммед Кыргыз кайсы жерди басып алууга жардам берген?

а) Маверенахрды б) Кашкарды*

в) Пекинди г) Самаркандды

17. Төмөн жакта келтирилген айтымдардын кайсынысы чындыкка туура келбейт.

а) Султан Саид Мухаммед Кыргыздын кыргыздардын эмири жарыялаган

б) Мухаммед Кыргыз Султан Саиддин колуна туткунга түшкөн

в) Мухаммед Кыргыз Султан Саиддин кызына үйлөнгөн*

г) Мухаммед Кыргыз Казак эмири Тахир хан менен Султан Саидке каршы бирлик түзгөн

18. "Маджму ат – таварих" тарыхий эмгектин автору?

а) Сейф ад-Дин Аксыкенди* б) Захреддин Бабур

в) Алишер Навои г) Белек Солтоноев

19. XVI кылымдын кайсы жазуу эстелигинде биринчи жолу кыргыздын баатырдык эпосу "Манас" эскерилет?

а) "Бабур нааме" б) "Нафахат –Ул-Унс"

в) "Тарих-и Рашиди" г) "Маджму ат-Таворих"*

20. XVI-XVII кк. Кыргызстандын социалдык - саясий тарыхынын баалуу маалыматтар бар фундаментелдуу «Тарых-и-Рашиди» эмгегинин авторун белгилегиле:

а) Абу Саид Гардизи б) Сейф ад-Дин Аксикенди

в) Мухаммед Мырза Хайдар* г) Абу Дулаф

21. Сибирдик кыргыздарды Көчөбай бек качан башкарган?

а) XVII к. башында б) XVII к. 60-80-жж*

в) XVII к. 40-ж. аягында г) XVII к. аягында

22. Кайсы жылы Сибирдик башкаруучу алтысардык Иренак бек, жунгардык аскерлер менен бирдикте Красноярск (мурдагы Ачинск) острогуна чабуул жасаган?

а) 1667-ж* б) 1688-ж в) 1698-ж г) 1703-ж

23. Казак хандыгы канчанчы кылымда түзүлгөн?

а) XIII к б) XV к* в) XVI к г) XVIII к

24. Казак хандыгынын түзүлгөн мезгили:

а) 1465-1466-жж* б) 1470-1476-жж

в) 1455-1456-жж г) 1457-1477-жж

25. Казак ханы Абылай кыргыздарга качан кол салган?

а) 1770-ж* б) 1776-ж в) 1778-ж г) 1780-ж

26. Жайыл кыргыны качан болгон жана анда кыргыздар кимдер менен согушкан?

а) 1770-ж казактар менен*

б) 1776-ж калмактар менен

в) 1845-ж монголдор менен

г) 1773-ж өзбектер менен

27. Абылай ханга каршы күрөштү ким жетектеген?

а) Бишкек-баатыр б) Атаке-баатыр

в) Жайыл-баатыр* г) Бүргө-баатыр

28. XVIII кылымдын 70-жылдары Чүйгө жана Таласка талоончул жортуул уюштурган казак ханын көрсөткүлө:

а) Аблай хан* б) Хан кене

в) Жаныбек хан г) Герей султан

Дал келтиргиле:

1) 1517-жылы могол-кыргыз согушу болгон аймак	А) Султан Халил
2) Мухамед Кыргызды колго түшүргөн моголстандын ханы	Б) Барскоон
3) "кыргыздардын падышасы" аталган адам	В) Мухаммед кыргыз
4) XVI к башында Теңир-Тоодо кыргыз мамлекетин негиздеген инсан	Г) Султан Саид
5) XVIII кылымдын 70-жж кыргыздарга жортуул уюштурган казак ханы	Д) Абылай

1	2	3	4	5

Негизги окуялар!

Сибирдик кыргыздарды жуңгар коңтаажысы Хара-Хула басып алган мезгил	1633-ж
Жуңгар хандыгынын түзүлгөн мезгили	1635-ж
Орто Азияга жуңгар хандыгынын биринчи жортуулу	1643-ж
Үч миң түтүн кыргызды Жуңгар коңтаажысы Цеван Рабдан Сибирден Жуңгарияга айдап кеткен	1703-ж
Казак хандыгынын түзүлгөн мезгили	1465-66-жж
Казак – кыргыз согуштук биримдиги түзүлгөн	1524-ж

Жуңгар хандыгы

1. Жуңгар хандыгы качан түзүлгөн?

а) 1615-ж б) 1620-ж в) 1635-ж* г) 1640-ж

2. Жуңгар хандыгынын алгачкы ханы:

а) Цеван Рабдан б) Батур Коңтайшы*

в) Батый г) Хубилай хан

3. Жуңгар башкаруучусунун титулу:

а) күнбаг б) каган в) коңтайшы* г) князь

Жуңгар хандыгынын башкаруучулары

Башкаруучулар	*Мезгили*
1) Эрдене Батур	1635-1653-жж
2) Сенге	1653-1670-жж
3) Галдан Бошокту	1670-1697-жж.
4) Цеван Рабдан	1697-1727-жж.
5) Галдан-Церен	1727-1745-жж
6) Цеван Доржи	1746-1749-жж
7) Лама Доржи	1749-1753-жж
8) Давачи	1753-1755-жж

4. Үч миң түтүн кыргызды Жуңгар коңтаажысы Цеван Рабдан Сибирден Жуңгарияга качан айдап кеткен?

а) 1610-ж б) 1703-ж* в) 1715-ж г) 1758-ж

5. Жуңгарларга каршы күрөштө кыргыздардын союздашы кимдер болгон?

а) казактар* б) өзбектер

в) монголдор г) орустар

6. «Казак кайың сааганда, кыргыз Ысар киргенде» - деген лакап сөз.....тиешелүү:

а) Кокон баскынчылыгы мезгилине

б) Калмак баскынчылыгы мезгилине*

в) Кытай баскынчылыгы мезгилине

г) Орус баскынчылыгы мезгилине

7. Жуңгар хандыгына тиешелүү аймак Чыгыш Түркстанды басып алгандан кийин Цин бийлиги бул аймакты кандай атаган?

а) Синьцзян* б) Синхуго

в) Хуанхе г) Янцызы

8. Казак – кыргыз согуштук биримдиги кайсы жылы болгон?

а) 1510-1515-жж б) 1515-1520-жж

в) 1524-1550-жж* г) 1530-1534-жж

9. 1524-жылы кыргыздар казактар менен кандай келишим түзүшкөн?

а) шейбанилерге каршы күрөшүү үчүн

б) моголдорго каршы күрөшүү үчүн*

в) кокондуктарга каршы күрөшүү үчүн

г) улуу жүздүн казактарына каршы күрөшүү үчүн

10. Жуңгар хандыгын талкалоо үчүн кыргыздар кимдер менен бириккен?

а) орустар б) казакатар*

в) тажиктер г) уйгурлар

11. Төмөндөгүлөдүн кайсынысы Кыргыздардын Фергана өрөөнүнө оошунун себеби боло алат?

а) Жунгар хандыгынын кысым көрсөтүүсү*

б) уруулар аралык чыр чатак

в) варианттардын бир да туура эмес

г) Орус империясынын баскынчылык саясаты

12. Кайсы жылы кыргыздар менен өзбектер биригип калмактарды Фергана өрөөнүнөн куун чыккан?

а) 1738-1740-жж. б) 1740-1742-жж.

в) 1746-1748-жж.* г) 1750-1752-жж.

13. XVIII к. башындагы Чыгыш Түркстандагы кожолор кыймылы кимдерге каршы багытталган?

а) өздөрүнүнүн эзүүчүлөрүнө

б) орус-казак эзүүсүчүлөрүнө

в) калмак феодалдарынын эзүүсүнө*

г) Цин империясына

14. 1723-жылы Ысык-Көлдүн чыгыш тарабын калмактар басып алаган. Ушул жылдары калмактардын ханы ким болгон?

а) Галдан-Бошокту б) Цедебан

в) Галдан-Церен г) Цеван-Рабдан

15. XVIII кылымдын орто ченине чейин казак менен кыргыздын негизги жоосу болуп келген калмактардын "Жунгар хандыгы" кандайча кыйраган?

а) 1749-жылы казак-кыргыз биргелешкен колу тарабынан талкаланган

б) 1749-жылы Уйгурлар тарабынан кыйраган

в) 1758-жылы кытайдын Цин империясы тарабынан талкаланган*

г) 1747-жылы Акмат бийдин кошууну тарабынан талкаланган

17. "Буруттар" деп кимдерди аташкан?

а) казактар, кыргыздарды б) гректер, орустарды

в) уйгурлар, түрктөрдү г) калмактар, кыргыздарды*



Жунгар баскынчылыгы

V Бөлүм: Орто кылымдар тарыхы

1. Батыш Рим империясы бул жылы кулаган:
а) 400-ж б) 476-ж* в) 490-ж г) 500-ж
2. Феодалдык коомго көчүү жылы деп аталды:
а) 334-ж б) 476-ж* в) 534-ж г) 500-ж
3. Орто кылымдар тарыхынын мезгили:
а) б.з.ч. V к. – б.з. V к. б) V-XVII кк.*
в) б.з.ч. V к. – б.з. II к. г) V-IX кк.
4. Орто кылымдардын хронологиялык чеги кайсы аралыкты өзүнө камтыйт?
а) Алгачкы олимпиадалык оюндардан баштап, Юлиан календарынын пайда болушуна чейин
б) Христостун туулганынан баштап, Улуу Географиялык ачылыштарга чейин
в) Батыш Рим империясынын кулашынан, Англиядагы буржуазиялык революцияга чейин*
г) Рим империясынын түзүлүшүнөн, Крестүүлөрдүн жортуулдарына чейин
5. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы феодалдык доордун белгиси боло алат?
а) чиркөө же дин үстөмдүк кылат
б) дыйкан общинасынын болушу*
в) соодагерлердин бар болушу
г) кул жана кул ээлөөчүнүн укуктары теңелет
6. Феод – деген бул:
а) мурас боюнча берилүүчү жер ээлиги*
б) феодалдык коомдогу аскерлер
в) орто кылымдагы кулдардын аталышы
г) мамлекеттик жерлердин аталышы

7. Рыцарь – деген бул:

а) аты, соот шайманы жана куралы бар феодал*

б) соот шайманы бар жөө аскерлер

в) жеңил куралданган жаачылар

г) оор куралданган аскер отряды

8. Алгачкы шаарларды негиздөөчүлөр кимдер болгон?

а) кыштактык кол өнөрчүлөр*

б) чет элдик көпөстөр

в) дыйкандар жана кол өнөрчүлөр

г) чет элдик дыйкандар

9. Батыш Европадагы орто кылымдардын алгачкы мезгилиндеги сабаттуу адамдар:

а) Корольдор б) Феодалдар

в) Чиркөө кызматкерлери* г) Кулдар

10. Дыйкандын феодалдын жерин иштетип берүүсү кандай аталат?

а) оброк б) десятина

в) барщина* г) мильк

11. Өндүрүш каражаттарынын жана аларды кыймылга келтирип жаткан адамдардын жыйындысы кандай аталат?

а) Өндүрүштүк мамилелер б) Натуралдык чарба

в) Өндүргүч күчтөр* г) Товардык күчтөр

12. Алсырап турган Батыш Рим империясын кайсы элдин басып кириши кыйратты?

а) славяндар б) арабтар

в) гректер г) германдар*

13. 476-жылы болгон окуялардын туура эмесин белгилегиле:

а) Батыш Рим империясы кулаган

б) Батыш Европада кул ээлөөчүлүк кулайт

в) Батыш Европага Атилла ээлик кылат*

г) Байыркы дүйнөнүн тарыхы аяктаган

Саманийлер жана Газневийлер мамлекети

1. Саманийлер мамлекети кайсы мезгилде жашаган?

а) 834-999-жж б) 875-999-жж*

в) 840-999-жж г) 800-999-жж

2. Саманийлер мамлекети ким тарабынан негизделген?

а) Саман Худат* б) Саманий Али

в) Алп-Тегин г) Сатук Буура карахан

3. Саманийлер мамлекетинин борбор шаарын көрсөткүлө:

а) Самарканд б) Бухара*

в) Баласагун г) Өзгөн

4. Саманийлер мамлекетинде жашап өткөн улуу акын:

а) Ж. Баласагун б) Ибн Сина

в) А. Рудаки* г) М. Кашгари

5. Саманийлер мамлекетин кимдер кулаткан?

а) Каракытайлар б) Караханийлер*

в) Монголдор г) Тимурийлер

6. Улуу акын, мамлекеттик ишмер Рудаки (858-941-ж.ж.) канча жыл бою Бухарада Саманийлердин падыша сарайында акындарды жана окумуштууларды башкарып турган?

а) 40 жыл* б) 24 жыл в) 35 жыл г) 12 жыл

7. Саманийлер мамлекети кайсы жылы кулаган?

а) 950-ж б) 945-ж в) 999-ж* г) 975-ж

8. XII-XIII кк. Орто Азияда жашаган дүйнөгө белгилүү окумуштуулар:

а) Ширакаци, Руставели, Низами, Ал- Хорезми

б) Ал-Беруни, Ибн-Сина, Ал-Хорезми, Жусуп Баласагун*

в) Ибн Сина, Руставели, Жусуп Баласагун, Низами

г) Ибн Сина, Махмуд Кашгари, Низами, Руставели

9. Дарыгер катарында "окумуштуулардын атасы" аталган аалым?

а) Омар Хаям б) Ибн Сина*

в) Евклид г) Ал-Фараби

10. Газневийлер мамлекетинин жашаган мезгили:

а) 875-999-жж б) 940-1137-жж

в) 977-1186-жж* г) 999-1210-жж

11. Газневийлер мамлекетин негиздеген аскер башчы:

а) Саман Худат б) Ибн Батута

в) Алп-Тегин* г) Ал Фараби

12. Газневийлердин ак сарайында көрүнүктүү окумуштуулар жана акындар жашап, өтө маанилүү илимий эмгектерди жана көркөм чыгармаларды жазышкан. Алар:

а) Руставели, Низами, б) Ибн-Сина, Ал-Хорезми

в) Ал-Беруни, А. Фирдоуси* г) Жусуп Баласагын

13. Газневийлер мамлекетинде 998–1030-жылдарда ким бийлик жүргүзгөн?


а) Махмуд Газневи* б) Сатук Тегин

в) Алп Тегин г) Али Газневи

14. Газневийлер мамлекетинин борбору:

а) Газна* б) Бухара

в) Мерв г) Хоросан



Исмаил Самани мавзолейи (X к)



Исмаил Самани

Улуу Селжук мамлекети

1. Улуу Селжук мамлекети – орто кылымдардагы Борбордук Азия менен Ортоңку Чыгыштагы көчмөн огуз-түрк урууларынын кубаттуу мамлекети. Огуз-түрк урууларынын жол башчысы Селжуктун атынан аталган. Бул мамлекет кайсы жылдарда өкүм сүргөн?

а) 1000-1233-жж
б) 1038-1157-жж*
в) 1137-1210-жж
г) 1212-1218-жж

2. 1040-ж. Данденакандын жанында Селжуктар кимдерди талкалаган?

а) Караханийлерди
б) Гезневийлерди*
в) Саманийлерди
г) Византияны

Селжуктардын басып алуучулук жортуулдары

Басып алган аймактар	*Басып алган мезгили*
Хоросанды	1038-1044-жж
Хорезмди	1043-жылы
Батыш Иранды	1042-1051-жж
Азербайжанды	1054-жылы
Сирия жана Палестинаны	1071-жылы

3. Селжуктарды Тогрулбек башкарган мезгилде мамлекеттин борбору Рей шаарында, агасы Чагры-Бектин тушунда борбору кайсы шаар болгон?

а) Стамбул шаары
б) Мерв шаары*
в) Бухара шаары
г) Дамаск шаары

4. Кайсы башкаруучунун мезгилинде селжуктар Кичи Азияны, Сирияны, Палестинаны, Грузияны, Орто Азиядагы Караханийлер мамлекетинин бир катар батыш аймактарын каратып алууга жетишкен?

а) Тогрулбек султандын тушунда
б) Малик-шахтын тушунда*
в) Султан Мухаммедтапардын мезгилинде
г) Султан Санжардын тушунда

5. 1118-жылы Селжук мамлекетинде кандай окуя болгон?
а) Мелик шахтын уулдары Селжук мамлекетин бөлүп алышкан*
б) Санжар Элүй Даши жетектеген Кара кытайлардан жеңилген
в) Катыван талаасындагы (1141) согушта Санжар жеңишке жетишкен
г) Улуу Селжук мамлекетин крестүүлөр талкалаган

6. Улуу Селжук мамлекетин Санжар султан кайсы жылдарда башкарган?
а) 1105-1117-жылдарда б) 1118-1157-жылдарда*
г) 1212-1234-жж г) 1123-1134-жж

7. Кайсы султан 1141-жылы Катыван талаасындагы Каракытайлар менен болгон согушта жеңилүүгө учураган?
а) Тогрулбек султан б) Малик-шахтын
в) Султан Арслан г) Султан Санжар*

8. Улуу Селжук мамлекетинин башкаруучулары кандай титулду алып жүрүшкөн?
а) каган б) султан* в) жабгу г) император

9. Улуу Селжук мамлекетинин акыркы султаны Санжар султан качан, эмнеден улам каза тапкан?
а) 1157-жылы ич өткөктөн кайтыш болгон*
б) 1141-жылы Катыван талаасында курман болгон
в) 1200-жылы саякаттап жүрүп кокустан көз жумган
г) Ал качан, кайсы жерде өлгөнү белгисиз

Улуу Селжук мамлекетинин башкаруучулары

Султан Тугрул	1040-1063-жж
Султан Арслан	1063-1072-жж
Султан Маликшах	1072-1092-жж
Султан Баркйарук	1093-1105-жж
Султан Мухаммедтапар	1105-1117-жж
Султан Санжар	1118-1157-жж

Ислам дүйнөсү

1. Ислам дини качан пайда болгон?

а) II б) IV в) VII* г) XII

2. Мусулман жыл эсептөөсү кайсы жылдан башталат?

а) 610-жылдан б) 622-жылдан*

в) 666-жылдан г) 670-жылдан

3. Көчмөн арабдарды кандай аташкан?

а) бедуиндер* б) көчмөндөр

в) талаалыктар г) көчмөн арабдар

4. Семмит урууларына төмөнкүлөрдүн кайсылары кирбейт?

а) арабдар, еврейлер

б) палестиналыктар, аромейлер

в) ассириялыктар, финикиялыктар

г) гректер, перстер*

5. Мусулмандар кайсы кылымдан баштап экиге бөлүнүшкөн? Тагыраак айтканда суниттер жана шиитер болуп?

а) VI к б) IX к в) VII к* г) VIII к

6. Араб халифатынын борбор шаары кайсы болгон?

а) Дамаск* б) Медина

в) Мекке г) Багдад

7. VIII кылымдын биринчи жарымында арабдардын мамлекети кандай аталган?

а) эмират-борбору Мадрид

б) хандык - борбору Тегеран

в) империя - борбору Багдад

г) халифат- борбору Дамаск*

8. Төмөнкү мамлекеттердин кайсынысын түзүүдө мусулман дини бириктирүүчү ролду ойногон?

а) Багдад халифаты б) Кордова халифаты

в) Араб халифаты* г) Тегеран халифатын

9. "Халиф" деген сөз түшүндүрөт:

а) Падыша б) орун басар*

в) Ханзаада г) Тегин

10. Араб халифатынын борбору Аббасилер бийликке келгенден кийин кайсы шаарга көчүрүлгөн?

а) Бакуга б) Стамбулга

в) Тегеранга г) Багдадга*

11. Арабдар Европада X кылымда халифат түзгөн. X кылымга чейин эмират деп аталган. Ал кайсы халифат болгон?

а) Пуатье халифаты б) Кордова халифаты*

в) Араб халифаты г) Арабдар Европага жеткен эмес

12. Араб халифатынын аймактары:

а) Атлантика океанынан жээгинен, Индия менен Кытайдын чек арасына чейин созулган*

б) Африкадан тартып, Балкан жарым аралына чейинки аймактарды камтыган в) Евразиянын көп бөлүгү, Индонезия жана Австралияны басып алган

г) Орто Азиядан тартып Түндүк муз океанына чейин басып алган


13. Араб халифатында Омеяддар династиясы кайсы жылдарда бийлик жүргүзүшкөн?

а) 661-750-жж* б) 750-930-жж

в) 938-988-жж г) 900-967-жж



Араб жоокерлери



Мекке шаары

14. Арабдарда 750-жылы кимдер бийликке келишкен?

а) Омеяддар б) Аббасилер*

в) Халифтер г) Рашидчилер

15. "Миң бир түн" деген араб өлкөлөрүнүн жомогунда кайсы халифтин каармандыгы баяндалат?

а) Омор б) Абубакир

в) Осмон г) Харум ар-Рашид*

16. Карматтар Меккеге басып киришип, Каабаны тоноп, "Кааба ташты" сындырышып, экиге бөлүп Бахрейнге алып келишкен. Бул окуя качан болгон?

а) 920-ж б) 930-ж* в) 923-ж г) 945-ж

17. Багдад халифаты кайсы мезгилде кулаган?

а) X к б) XI к в) XII к г) IX к*

18. Араб халифатынын начарлашына алып келген себептерди көрсөткүлө:

а) Чыгыштан түрк-селжук урууларынын басып кириши

б) Элдик көтөрүлүштөр, жикке бөлүнүү, күчтүү баскынчылардын чабуулдары*

в) Бийлик талашуу, Германдардын жана Кытайлардын кол салуусу

г) Викингдердин, Гайдуктардын, Гездердин кол салуулары

19. Бүткүл дүйнөгө белгилүү "Миң бир түн" жомоктору .....түзүлгөн:

а) Тегеранда б) Оманда

в) Аравияда г) Багдадда*

20. Араб феодалдарынын эзүүсүнө каршы Бабек баштаган 20 жылга жакын көтөрүлүш болгон жер?

а) Ирак б) Сирия

в) Азербайжан* г) Египет

Дал келтиргиле:

1) Арабдарда 750-жылы бийликке келген династия	А) Омеяддар
2) Аббасилер бийликке келгенге чейин кайсы династия бийлик жүргүзгөн	Б) Аббасилер
3) Арабдардын Испанияда негизделген эмираты	В) Кордова
4) Көчмөн арабдардын аталышы	Г) Хижра
5) Мусулман жыл эсептөөсү	Д) Бедуин

1	2	3	4	5

